# АНЖИЯН КӨТӨРҮЛҮШҮ жана КЫРГЫЗДАР

Кененсариев Т.
Авазов Э.
Анжиян көт-шү
жа коргоздар

129 833747

~~Ызысов д.~~

[illegible] 29.05.08

63.3(2=Кы)коу
К-35

Кененсариев Т.
Авазов Э.

# Анжиян көтөрүлүшү жана кыргыздар

4926
4831
129
БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
университета
ИНВ № 833741

Ош—2002

**ББК 63.3 (2Ки)**
**К — 35**

Китеп Кыргызстан тарыхчылар жамаатынын
жана Ош мамлекеттик университетинин
Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен
басмага сунушталган

Рецензенттер: ***Сулайманов Э.*** —ОшМУнун профессору
***Молдокасымов К.*** — КМУУнун докторанты

***Кененсариев Т., Авазов Э.***

**К — 35** Анжиян көтөрүлүшү жана кыргыздар.
— Ош: ОшМУ, 2002. — 164 б.

ISBN 9967—03—097—6

Китепте Фергана өрөөнүнүн тургундарынын Орусиянын колониялык саясатына каршы «1898-жылкы Анжиян көтөрүлүшү» деген ат менен тарыхта белгилүү болгон элдик кыймылы жөнүндө баяндалат.

Архивдик, жергиликтүү жазма жана оозеки булактардын негизинде көтөрүлүштүн ушул мезгилге чейин коомчулукка жеткирилбей келген көмүскө жактары, кыймылдын катышуучулары жана улуттук курамы, Зиябидин Магзум, Чыйбыл болуш, Өмүрбек датка сыяктуу айрым инсандардын бейдарек бейнелери, алардын мезгилдин капшабына байланышкан кейиштүү тагдырлары жаңы көз караш менен берилет.

Китеп Кыргызстандын XIX кылымдагы тарыхына, инсантаануу маселелерине кызыккан окурмандарга, студенттерге жана коомчулуктун кеңири катмарына багышталат.

**К 0503020911—02** **ББК 63.3 (2Ки)**

**ISBN 9967—03—097—6** **© Кененсариев Т., Авазов Э., 2002.**

## Анжиян көтөрүлүшүн изилдөө тарыхынан

1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшү жөнүндөгү маселени изилдөө төңкөрүшкө чейин негизинен падышачылык Орусиянын аскерий адамдарынын, изилдөө-чүлөрүнүн жана кийинки мезгилдердеги советтик тарыхчылардын эмгектеринде ошол мезгилдеги үстөмдүк кылган идеологиянын шарттарында түрдүү концепцияларга дуушар болуп, айрым учурларда бир беткейликке же ашкере аша чабууларга жол берилип келгендиги маалым.

Ошондуктан, бул маселенин жана жалпы эле боштондук кыймылдарына карата калыптанган расмий пикирлердин негизинде тактоону талап кылган бир катар актуалдуу проблемалар жаралып, учурдагы эгемендүүлүктүн шарттарында аларга жаңыча сарсеп салууга оңтойлуу жагдайлар түзүлдү. Төмөндө алардын айрымдарына токтолуп өтмөкчүбүз.

Көтөрүлүштүн чыгуу себептери, анын мүнөзү эбактан колониалдык бийлик өкүлдөрүн кооптонтуп келген диний кыймылга түспөлдөш жагдайлардын бар же жок экендиги көтөрүлүш басылары менен эле изилдене баштаган. Ынкылапка чейинки адабияттарда биринчи жолу «Туркестанские Ведомости» газетасына «Ферганадагы башаламандыктар» деген ат менен официалдуу билдирүү жарыяланган. Билдирүүдө көтөрүлүш жөнүндө так маалымат берилген эмес. Анын башталышынын алдындагы окуялар, өбөлгөлөр көрсөтүлбөгөн. Тек гана азык-түлүктүк тартыштык, алсыратуучу оорулар жок туруп эле Түркстан крайындагы калктын бейкуттугун жана жалпы ымаласын бузган окуя катары белгиленген.

Көтөрүлүштүн себеби мусулманчылык идеяларынын жандануусу менен түшүндүрүлгөн[1].

Газетанын кийинки сандарында аталган окуяны иликтөө боюнча түзүлгөн тергөө комиссиясынын материалдары жарыяланып, төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылган:

1. Ферганадагы окуялар мусулмандардын диний фанатизминин негизинде ишке ашкан.

2. Көтөрүлүшчүлөрдүн арасында бийлигин жана таасирин жоготкондор көп болгон.

3. Көтөрүлүштү купуя кутумдардын (заговор) таралышына, элдин рухий турмушуна жана мусулман духовенствосуна карата көзөмөлдүн жоктугу шарттаган.

4. 1886-жылкы Түркстан крайын башкаруу жөнүндөгү Жобонун принциптери бул жерде орус бийликтеринин таасиринин начарлоосуна алып келген.

Белгилей кетүүчү нерсе, аталган факторлорду Анжиян көтөрүлүшүнүн негизги себептери катары кароого болбойт. Анткени, комиссиянын өкүлдөрү өздөрү белгилегендей мындай көрүнүш эбактан бери эле өкүм сүрүп келген. Бирок жогорудагы көз караштар ошол убактагы расмий ой-пикир экендигин да эске алуубуз абзел. Расмий көз караштын жактоочуларынын катарында М.А.Терентьев, Н.С.Лыкошин, Н.П.Остроумов, И.П.Ювачев, П.Е.Кузнецов, В.П. Сальков жана башкалар болушкан.

М.Терентьев Анжиян көтөрүлүшү боюнча аскердик соттун төрагасы катары 27 пункттан турган жыйынтык чыгарып, ага кошумча: «Фергананын калкынын мурдатан баш аламандыктарга жана бейтартипсиздиктерге көнүмүш адаты, жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө орус

---

[1] Беспорядки в Фергане.//Туркестанские Ведомости. —1898. — № 1665.

администрациясы тарабынан ашкере ишеним көрсөтүү жана алардагы кыраакылыктын жоктугу» деген пикирди белгилейт[1].

Көтөрүлүштүн он жылдыгына арналган макаласында Н.С.Лыкошин да ушундай эле жыйынтыкка келген. Алардын ичинен бир аз өзгөчөлүккө ээ болгон төмөнкү жагдайларды келтирүүгө болот:

1. Жергиликтүүлөрдүн, өзгөчө кыргыз калкынын арасында өкүм сүргөн диний караңгылык.

2. Мусулмандык фанатизм.

3. Орус кызыкчылыктарына чындап берилгендиги же берилбегендиги күмөн болгон болуштук башкаруучулардын колунда таасирдүү бийликтин болуусу.

Орус бийликтеринин жергиликтүү калктан караманча алыс туруусу[2].

Орус колониализми Англиянын Индиядагы колониалдык системасынан «жумшак жана либералдуу». Жергиликтүү калкты катуу көзөмөлгө алуу уюштурулган эмес. Ошондуктан мындай окуянын чыгып кетишине себеп болгон деген пикирди да айтышкан[3].

Көтөрүлүштүн чыгуусунун негизги себеби катары мусулмандардын арасындагы өкүм сүргөн диний фанатизмди, айрыкча коркунучтуу белги катары Туркестандагы «дербиштикти» жана «газаватты» так ушу белгинин натыйжасында келип чыккандыгын белгилешкен

[1] *Терентьев М. А.* История завоевания Средней Азии. — СПб.,1906. —485-486-бб.

[2] *Лыкошин Н.С.*. К десятилетию Андижанской Резни.// Туркестанский сборник. —Т. 466. —55-59-бб.

[3] *Сальков В.П.* Андижанское восстание 1898 г. (Сборник статей) Издание П. Н. Сальковой. Казань. Типо-литография Императорского Университета, 1901. —92,100-110-бб.

изилдөөчүлөрдүн көч башында Е. Смирнов[1], П.Е.Кузнецов[2], И.П.Ювачев[3], Н.Остроумовдордун[4] тургандыгын белгилөөгө болот. Дагы бир изилдөөчү К.Тимаев[5] өз макалаларын жеке эскерүүлөрдүн, көтөрүлүшкө байланыштуу расмий буйруктардын жана басма сөз материалдарынын негизинде жазган. Анжиян көтөрүлүшүн ал «миңдөбөлүк эшендин ээнбаштыгы» катары баалап, эл массасынын ага катышкандыгын капарына да алган эмес. Анын чыгуусун башкалар сыяктуу эле көтөрүлүштү болтурбай басып коюуга салкын мамиле жасашкан жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнүн кыраакысыздыгы менен байланыштырган. Аталган автор өз жыйынтыктарын Анжиян окуясынын кесепеттери, облосттын бийлик ээлеринин үстүнөн жүргүзүлгөн сурактар, айыптоолор, катышуучуларды жазалоо жана өч алууларды чагылдыруу аркылуу бышыктоого аракеттенген.

Расмий пикирди колдоочулардын көпчүлүгү колониалдык администрациянын өкүлдөрү болушкандыктан көтөрүлүштүн түпкүлүктүү себептерин ачык айта алышкан эмес. Бирок алардын арасында мындай пикирден бир аз айырмаланган көз караштагы изилдөөчүлөр да бо-

---

[1] *Смирнов Е.* Дервишизм в Туркестане.//Материалы по мусульманству.Вып.2.—Ташкент,1898.—124.

[2] *Кузнецов П.Е.* Борьба цивилизации и языков в Центральном Азии.—Париж,1912.

[3] *Ювачев И. В.* Курбан-джан датха Каракиргизская царица Алая.// Туркестанский сборник. —Т. 471.172-185-бб

[4] *Остроумов Н.П.* Интересный документ. // Приложение к выпуску № 1 Вестника ташкентской офицерской школы восточных языков при штабе Туркестанского военного округа. Вып.3 (88).—Ташкент, 1911.

[5] *Тимаев К.* Андижанское восстания /Средная Азия. Кн. 3.—Ташкент, 1910. 142-б.

лушкан. Маселен, В.Сальков[1] жана С.Т-ов[2] аттуу анонимдүү автордун эмгектеринде расмий пикир менен келише албаган көз караштардын бар экендигин байкоого болот.

В.Сальков өз изилдөөсүндө элдик толкундоолордун бир эле себептин натыйжасында сейрек боло тургандыктарын айтып келип, көтөрүлүштүн себеби диний фанатизмде эмес элдин азап тартууларынын булагына чекит коюу максатында болгондугун моюнга алууга аргасыз болгон. «Басма сөздө – деп белгилеген ал, белгилүү деңгээлде Анжиян көтөрүлүшүнүн чыгуу себептерин жарыялоого аракеттеништи, бирок баары ар дайым мусулман элдеринин коомдук жашоосундагы түшүнүксүз кубулуштарды баалоонун шылтоосу болуп келген мусулмандык фанатизм менен түшүндүрүлдү».[3]

Ал эми жогоруда аталган анонимдүү автор: «Бул («көтөрүлүш» деп туюнуңуз) изуверлердин фанатизминин натыйжасыбы же башка себептери барбы?»[4] — деген конкреттүү суроону койгон. Автор көтөрүлүштүн жөнжайын такташ үчүн расмий бийликтер тарабынан жүргүзүлгөн тергөө иштерин, окуянын себептерин мусулмандардын өздөрүнүн каапыр кожоюндарына карата диний келишпестиктерине негизделген диний фанатизмден көрүшкөндүктөрүн белгилеп, көтөрүлүштүн негизги себебин крайды орусташтыруунун тездетилишинин натыйжасында мусулмандардын диний кызыкчылыктарынын кемсинтүүлөргө учуроосунан көргөн. Көтөрүлүштүн чыгуу себептери жөнүндөгү пикирин автор

---

[1] *Сальков В.* Андижанское восстание в 1898 году. —Казань, 1901.

[2] *Т- ов. С.* Андижанское восстание и его причины.//Исторический Вестник. Т. 112. —СПб., 1903.

[3] *Сальков В.* Андижанское восстание... —124-б.

[4] *Т.- ов. С.* Андижанское восстание и его причины... —664-б.

«фанатизм болгону маска гана болгон, анткени элди протестке түрткөн динден бөлөк улуу күч элде болгон эмес, андыктан диний фанатизм мусулмандардын нааразычылыгынын түпкүлүктүү себептерин изилдөөдөгү кошумча себеп эле»[1], — деп жыйынтыктаган.

Көтөрүлүштүн чыгуу себептерине белгилүү изилдөөчү В.Наливкин да кайрылган. Ал негизги себеп катарында колониалдык алминистрациянын ишмердүүлүгүн белгилеп келип: «Көтөрүлүш тууралуу көп жазышты, сөз кылышты, бирок биздин расмий турмушубуздун өнөкөт ийгиликсиздиктеринин кыйынчылыктары, мусулмандык чет жакаларда нукура зыян жана дээрлик кооптуу кабыл алынгандыктары көтөрүлүштүн негизги себептери болгондугун бир сөз менен эле белгилеп коё албайсын»[2], — деп, колониалдык бийликтин кемчиликтерине токтолгон.

Жогоруда сөз кылган изилдөөлөрдөн улам Анжиян көтөрүлүшүнүн чыгуу себептери жана мүнөзүн баалоо, төңкөрүшкө чейинки орус изилдөөчүлөрүнүн эмгектеринде айрым көз караштарды эске албаганда, бир кылкалуулукка ээ (катуу цензуранын шартында мындан башкача болуусу да мүмкүн эмес) деген жыйынтык чыгарууга болот.

Жергиликтүү материалдар жөнүндө сөз кылсак, Анжиян көтөрүлүшү жөнүндө эң алгач 1924-жылы өзбек тилинде араб ариби менен жазылган Фазылбек Атабек уулунун эскерүүлөрү эсептелет. Фазылбек (кээде Фадл бик) Анжиян көтөрүлүшүнүн катышуучусу болгон. Өзүн Мадали эшендин мүрүдү катары эсептеп, окуянын жүрүшүн көргөнүн факты жүзүндө кагаз бетине эскерме катары түшүрүүгө аракеттенген. Эскерме ошол эле жылы Кокон шаарында «Дукчи эшендин окуясы» деген ат менен жа-

---

[1] *Т.- ов. С.* Андижанское восстание и его причины... —666-б.

[2] *Наливкин В.* Туземцы раньше и теперь.—Ташкент.,1913.—136-б.

рык көргөн. Ал эми 1992-жылы аталган эскерүү орус тамгасы менен экинчи жолу басмадан чыкты[1]. Китеп бир катар хронологиялык так эместиктери, айрым бир фактылардын негизсиздиги менен аксап турса да, анда орус булактарынын жана Орусиялык изилдөөчүлөрдүн китептеринин ичинде кезикпеген бир катар материалдары менен айырмаланып турат. Маселен, Дукчи эшендин «ханакасы» (жашаган үйү жана чарбасы), окуянын катышуучулары, айрым бир эпизоддор жана башка фактылар бай берилген.

Советтик тарыхнаамада Анжиян көтөрүлүшү алгач ирет Е.Федоровдун[2] эмгегинде каралып, автор окуянын чыгуу себеби катары эл массасынын жакырдануусун белгилеген.

Советтик чоң энциклопедиянын биринчи басылышында Анжиян көтөрүлүшү «Орус империализминин Орто Азиядагы жырткычтык саясатына каршы биринчи протест»[3] катары каралган. Ошол эле учурда аталган окуянын масштабына жана уюштуруу аракеттерине баа берүүдө ашыра баалоочулукка жол берилген. Албетте, бир аз аша чапкандыкка жол коюлгандыгына карабай мурдагы мезгилде калыптанып калган падышачылыктын расмий пикирине салыштырганда мындай көз караш бир топ объективдүү болгон. Энциклопедияда: «Анжиян көтөрүлүшү бүтүндөй Түркстандагы кыймылдын чакырыгы болуусу керек эле. Бардык ири шаарларда даярдыктар жүрүп, курал ооган көпөстөрү тарабынан алынып келинген. Бирок, Анжиян көтөрүлүшүнүн ийгиликсиз

---

[1] *Атабек уулу Фазылбек*. Дукчи эшон вокеаси.—Ташкент,1992.

[2] *Федоров Е.* Очерки национально-освободительного движения в Средней Азии. —Ташкент,1925.

[3] Большая советская энциклопедия. —М., 1926. —Т.2.—730-б.

айкташынан улам башка ири шаардагылар көтөрүлүшкө чыгышпады», —, деп көтөрүлүштүн маанисине да баа берилген.

Булактарда калаанын тургундарына караганда көтөрүлүш элеттиктердин арасында кызуу колдоого алынгандыгы көп эскерилет. Ал эми көтөрүлүшчүлөрдүн курал-жарак менен жабдылуу жагдайына келсек, аларда Мадали эшен менен анын айрым жардамчыларынан башкаларында ок атуучу куралдар болгон эмес[1].

Көтөрүлүш жөнүндөгү алгачкы көлөмдүү эмгегинде советтик изилдөөчүлөрдүн бири Сенг-Заде: «1898-жылдагы көтөрүлүш Түркстанда күнү бүтүп бараткан феодализмдин калыптанып жаткан капитализмди муунтуп жок кылуу аракети, Түркстандын тарыхын кайрадан Кокон хандыгына буруу болгон, ошондон улам көтөрүлүштү реакциячыл кыймыл деп эсептөө керек»[2], — деп, көтөрүлүшкө бир жактуу баа берген.

Үстүбүздөгү кылымдын 20-жылдарында аталган маселеге кайрылган П. Галузо боштондук кыймылдарынын өнүгүүсүн төмөнкүдөй этаптарга бөлүүнү сунуштаган:

1.Орто Азияны басып алуу мезгилиндеги боштондук кыймылдары.

2.XIX кылымдын аягындагы боштондук кыймылдары. (акыркы эки он жылдык).

3.XX кылымдын башындагы боштондук кыймылдары[3].

П.Галузонун пикири боюнча биринчи жана экинчи этаптардын мүнөздүү белгиси болуп диний багыттагы га-

---

[1] Өзбекстандын Борбордук Мамлекеттик Тарыхый Архиви (Мындан ары ӨБМТА) – 723-ф. —1-оп. —18-иш. —75-76-барактар.

[2] *Сенг-Заде. К* 30 летию Андижанского восстания 1898 г.// Революция в Средней Азии. Книга 1. —Ташкент,1929. —57-б.

[3] *Галузо П. Г.* Туркестан – колония. М., 1929. —41-б.

зaват чакырыгы астындагы күрөштөр эсептелген. Автор тарабынан Анжиян көтөрүлүшүнө өздөрүнүн түрдүү таптык таламдарын көздөшкөн ар кандай социалдык топтордун катышкандыгы да белгиленген.[1]

30-жылдары аталган окуяга байланыштуу архивдик материалдар «Красный Архив» журналынын беттеринде жарык көрө баштаган. Маселени изилдөөнүн булактык базасынын кеңейиши көтөрүлүш жөнүндөгү изилдөөлөрдүн өнүгүүсүнө сезилээрлик таасирин тийгизген. Көтөрүлүштүн тарыхына кайрылган Е. Штейнберг: «1898-жылдагы Анжиян окуясынын зор мааниси, көтөрүлүшчүлөрдүн уюшкан тобунун бейпил чиновниктерге же келгин дыйкандарга эмес, падышачылыктын гарнизонуна, аскер бөлүгүнө кол салгандыгында»[2], — деп Сенг-Заденин «көтөрүлүш реакциялуу мүнөздө болгон» деген оюн четке каккан.

Изилдөөлөрдө маалым болгондой советтик тарых илиминин калыптанышынын алгачкы мезгилдерин көтөрүлүштүн чыгуусунда өзгөчө социалдык-экономикалык факторлорго, колониалдык жана социалдык эзүүнүн ашкере күч алган жагдайларына басым жасалган. Ошондон улам 50-жылдарга чейинки жарык көргөн айрым фундаменталдуу эмгектерде Анжиян көтөрүлүшүн улуттук боштондук мүнөзгө ээ болгон «азаттык күрөш» деп баалаган пикирлер жаралган.[3]

Бирок мындай абал 50-жылдардан баштап өзгөрө баштаган. Анткени Азербайжан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин катчысы М.Д. Багиров-

---

[1] *Галузо П. Г.* Туркестан – колония... —43-б.

[2] *Штейнберг. Е.* Андижанское восстание 1898 г. // Красный архив. —М., 1938. 3(88) —Т. 3. —123- б.

[3] История народов Узбекистана. —Ташкент,1947.

дун[1] Шамилдин көтөрүлүшүнө карата жазылган чырлуу макаласы жарык көргөндөн кийин бул жагдайда абал чукул өзгөргөн. Макала Орусиянын улуттук чет жакаларында колониалдык доордогу азаттык күрөштөрүн баалоодо чоң роль ойногон. Кийинчерээк Багировдун макаласы коомдук илимдердин баарына багыт берүүчү жобо катары каралып калды[2]. Ошондон улам Анжиян көтөрүлүшүнө кайрылган окумуштуулар өз көз караштарын айласыз бурмалап жазууга кириптер болушкан.

1950-жылы Өзбекстандын Илимдер Академиясынын тарых институтунда аталган көтөрүлүштүн мүнөзү боюнча тарыхчылардын конференциясы болуп, мында катышкандардан К.Додоновдон башкасынын баары көтөрүлүштү реакциялуу мүнөздө болгон деген бүтүм чыгарышкан[3]. Бирок көп өтпөй эле «хрущевдик демократиянын желаргысы» деп аталган доордун башталышы менен коомдук жашоонун бардык тармактарындай эле коомдук илимдерде да кайрадан талаш маселелерге жаңы өңүттөн баа берүүлөр башталган.

Бирок, көтөрүлүштүн реакциялуулугу жөнүндөгү көз караштардан окумуштуулардын баары дароо эле баш тарта коюшкан эмес. Алсак, А.А.Чукубаев[4] өзүнүн Токтогул Сатылгановдун өмүрү жана чыгармачылыгына арналган монографиясында Анжиян көтөрүлүшүнүн мүнөзүнө токтолуп, анын эл тарабынан колдоого алынбагандыгын, андыктан жер-жерлерде жана Анжияндын өзүндө болгон

---

25

[1] *Багиров М. Д.* К вопросу о характере движения мюридизма и Шамиля. // Большевик. —1950. —№13. ,

[2] *Усенбаев К.* Осталось вне поле зрения почти все положительное прошлое истории Кыргызстана.//Кут билим. —1997, 11-октября.

[3] Материалы научной конференции института истории и археологии Ан УзССр. —Ташкент, 1950.

[4] *Чукубаев А.А.* Токтогул.Эпоха, жизнь, творчество.—Фрунзе, 1958.

көтөрүлүш реакциялуу, элге каршы мүнөздө болгон деген оюн билдирген. Ушул концепцияны андан ары өнүктүрүү аркылуу автор Токтогул Сатылгановдун көтөрүлүшкө эч кандай катыштыгы жоктугун, акындын абакка алынуусунун себеби болуш башкаруучусу Б.Рыскулбековду жек көргөндүгү үчүн аны кармап берген деген пикирди айткан[1]. Адис тарыхчы А.Хасанов[2] бул пикирди четке кагып, Токтогулду элдик-боштондук күрөштүн идеялык дем берүүчүсү катары баа берген. Натыйжада, Токтогулдун аталган окуяга катыштыгы барбы же жокпу деген маселенин айланасында жандуу талаш-тартыштар жүргөн.

1966-жылы Өзбекстандын Илимдер Академиясынын тарых институтунда тарыхчылардын аталган көтөрүлүштүн мүнөзүнө арналган жыйыны болгон. Жыйындын катышуучулары көтөрүлүшкө карата 50-жылдардагы пикирлер Багировдун макаласынын таасири астында жазылгандыгын белгилешип, көтөрүлүш прогрессивдүү мүнөзгө ээ деген бүтүм чыгарышкан. Маселенин экинчи жагы катарында феодалдык клерикалдык элементтердин өздөрүнүн жоготкон абалкы привилегияларын калыбына келтирүү максатында элдин көтөрүлүшүн өз кызыкчылыктарына пайдаланууга аракеттенгендиктерине да токтолушкан.[3]

Кыргызстандагы улуттук боштондук кыймылдар 1974-жылы Кыргыз Мамлекеттик университетинде Орто Азиядагы кыймылдар боюнча өткөрүлгөн конференцияда каралып А.Х.Хасанов, К.У.Усенбаев, Г.А.Мохова жана башкалар баяндама менен чыгышып, көтөрүлүш

[1] *Жакыпбеков. Ж.* Историография проблем истории Кыргызстана второй половины XiX—начало XX вв. (Опыт, перспективы изучения) —Бишкек,1995. —54-б.

[2] *Жакыпбеков. Ж.* Историография проблем...—54-б.

[3] История Узбекской ССР. Т. −2. —Ташкент,1968.— 82-100-бб.

«антифеодалдык жана антиколониалдык мүнөзгө ээ болгон» деген көз караштты бекемдешкен. Натыйжада, конференциянын катышуучулары аталган көтөрүлүштө кыргыз эмгекчилери манаптарга каршы чыгышкан деген туура эмес тыянак чыгарышкан. Албетте, бул ошол кездери үстөмдүк кылган илимдеги таптык көз караштын таасири астында жаралган пикир экендигин оңой эле байкоого болот.

70-жылдардын ортосунда Фергана өрөөнүндөгү боштондук кыймылдарынын тарыхына К.Ф.Касымбеков[1] кайрылган. Автор абалкы изилдөөчүлөрдөн айырмаланып, боштондук кыймылдары Түркстан крайынын бардык аймактарына таралгандыгын, кыймылга дыйкандар, жакырланган көчмөндөр, шаардык батрактар жана жаңы буржуазиянын өкүлдөрү катышкандыктарын белгилеген. Кыймылдын кеңири аймакка таралгандыгын белгилөө менен К.Касымбеков 1898-жылдагы кыймылды Анжиянга кол салуу менен гана чектеп, «аны Анжиян көтөрүлүшү деп атап коюу жаңылыштык, андыктан көтөрүлүштү Фергана өрөөнүндөгү эмгекчилердин көтөрүлүшү» деп атоо керек деген пикирин сунуштаган. Ошондой эле, автор көтөрүлүштүн прогрессивдүү мүнөзүн да көрсөткөн[2].

Кезегинде орус изилдөөчүсү Н.Остроумов «Анжиян көтөрүлүшү» деген ат менен белгилүү болгон окуяны «Фергана көтөрүлүшү» деп атоо туура болоор эле, анткени ал жалгыз эле Анжиянды эмес, орус Түркстанынын

---

[1] *Касымбеков К.Ф.* Народные движения в Фергане в конце XIX – начале XX в. в. —Самарканд, 1975.

[2] *Касымбеков К.Ф.* Социально-экономическое и политическое положение Ферганы в конце XIX–начале XX вв. // Автореф. Дисс. канд. ист. наук. —Ташкент.,1966.

Фергана областын дээрлик кучагына алган»[1],—деп алгачкылардан болуп айткан. Ушундай эле таризде Түркстан аскер округунун аскерлеринин командири, генерал-лейтенант Духовский 1898-жылдын 5-августундагы билдирүүсүндө: «Жарылуу Ферганада болгондугуна карабастан, бул окуянын нагыз жергиликтүү калктын тигил же бул катмарына тиешелүү иш деп эсептөөгө болбойт. Сот-тук изилдөөнүн жүрүшү көрсөткөндөй, Ферганынын бүтүндөй калкы жан тартуучулукту билдиришти, андыктан көтөрүлүштөн крайдын башка жерлери да кабардар болуусу керек»[2], — деп баса белгилеген.

Кыргызстандагы ири тарыхчылардын бири катары Анжиян көтөрүлүшүнүн тарыхнаамасына анализ жасаган изилдөөчү А.Хасанов[3] болгондугун белгилөө менен окумуштуу көтөрүлүштү изилдөөнүн тарыхына токтолуп, анын үч этабын белгилегендигин баса көрсөтүү зарыл.

*Биринчи этап* (1917-1953-жылдар). Автор бул мезгилде эки карама-каршы көз караштыб — биринчиси, көтөрүлүш-түн элдик боштондук күрөш деп белгилеген көпчүлүк изилдөөчүлөрдүн көз карашы, экинчиси, реакциячыл деп эсептеген Сенг-Заденин пикирин белгилеген.

*Экинчи этап* (1953-1967-жылдар). Мында автор көпчүлүк авторлордун абалкы көз караштарынан баш тартып, көтөрүлүштүн реакциалуулугун далилдөөгө аракет жасагандыктарын М.Б.Багировдун жогоруда келтирилген чырлуу макаласы менен байланышта караган.

*Үчүнчү этап,* А.Хасановдун пикири боюнча, 1968-

---

[1] *Остроумов Н.* Интересный документ...

[2] *Усенбаев К.* Народные движения Средней Азии в Х1Х веке. (По материалам Кыргызстана). —Бишкек-Ош.,1998. —126-б.

[3] *Хасанов А.* Историография Андижанского восстания 1898 г.// Труды Киргосунивер. Серия история. Изд.12. —Ф.,1972.—5-6-бб.

жылдан тартып башталган. Бул этапта изилдөөчүлөрдүн арасында көтөрүлүштүн прогрессивдүү болгондугун таануу жанданган.

Албетте, автор тарабынан берилген көтөрүлүштү изилдөөнүн тарыхын мезгилдерге бөлүштүрүү маселеси кынтыксыз туура болбосо да, бул багыттагы алгачкы көлөмдүү эмгек болгон.

Анжиян көтөрүлүшүнүн тарыхнаамасы жөнүндөгү маселе КМУУнун доценти Ж.Жакыпбековдун[1] кандидаттык диссертациясында да каралган. Кийинчерээк автордун аталган көтөрүлүштү изилдөөдөгү проблемалуу жагдайларга арналган изилдөөлөрү Кыргызстандын тарыхынын тарыхнаамасына арналган эмгегинде жарык көргөн[2].

Анжиян көтөрүлүшүнө тарыхнаамалык серп салууда аталган маселенин мүнөзү боюнча 60-жылдардын ортосунан баштап 80-жылдардын башына чейин изилдөөчүлөр анын прогрессивдүү мааниге ээ болгондугу жөнүндө бирдиктүү пикирге келгендигин белгилөөгө болот.

Мындай көз караш изилдөөлөрдүн басымдуу көпчүлүгүн жаратышкан өзбек тарыхчыларынын жана маселеге учкай гана кайрылышкан кыргыз окумуштууларынын эмгектеринде, илимий жыйнактарда, окуу китептеринде чагылдырылган. Бирок, илимий коомчулукта өкүм сүргөн мындай «бейкуттукту» белгилүү өзбек тарыхчысы М.Г.Вахабовдун 1986-жылдын 4-декабрында «Правда Востока» журналына чыккан «Правда истории

---

[1] *Жакыпбеков Ж.* Советская историография революционного и национально-освободительного движенияв Средней Азии во второй половине XIX—начале XX вв. //Автореферат диссертации на соискание ученой степени кандидата исторических наук. —М., 1986.

[2] *Жакыпбеков. Ж.* Историография проблем истории Кыргызстана второй половины XiX—начало XX вв. (Опыт, перспективы изучения). – Бишкек,1995.

вопреки» аттуу макаласы дүрбөлөңгө түшүрдү десек болот. Анткени, бул макаласында автор 1898-жылдагы көтөрүлүшкө оң баа берүү «тигил же бул тарыхый окуяларды баалоодо ашкере укугу бар айрым окумуштуулардын каалоосу менен жана тарыхый фактыларды кыя өтүү менен жаралды»[3] деген пикирин билдирип, көтөрүлүштү Мадали эшендин авантюралык чыгуусу катары баалаган. Ошондон улам макалага карата «Общественные науки в Узбекистане» аттуу журналдын беттеринде өзбек аалымдары Э.Ю.Юсупов, Б.В.Лунин, Х.З.Зияевдердин арасында жандуу талаш тартыштар жүргөндүгүн белгилөөгө болот.

М.Вахабовдун макаласына жооп иретинде Э.Ю.Юсупов менен Б.Б.Луниндин[1] биргелешип жазылган макаласы журнал бетинде кайым айтышууга жол ачкан. Авторлор көтөрүлүштүн тарыхнаамасына токтолушуп, ага оң баа берүү советтик тарых илиминин алгачкы калыптануу мезгилинде эле жаралганын, Сенг-Заdeден башка окумуштуулардын баары көтөрүлүшкө туура баа бергендиктерин белгилешкен.

Мындан бир аз убакыт өткөндөн соң ушул эле журналда М.Вахабовдун жогорудагы авторлордун жазгандарына каршы каяша мүнөздөгү макаласы жарыяланып, «Мадали эшендин чыгуусун эмгекчилердин боштондук күрөшүнөн таптакыр бөлүү керек, анткени алардын уюштуруучулук жактан да, идеялык жактан да байланыштары болбогон. Көтөрүлүш жөнүндө диний чүмбөткө ээ эмгекчилердин саясий протести катары эмес, эшендин эм-

---

[3] *Вахабов М.Г.* Правде истории вопреки.//Правда Востока. —1986 г. 4 декабря.

[1] *Юсупов Э.Ю., Лунин Б.В.* Андижанское восстание 1898 года в советской исторической литературе.//Общественные науки в Узбекистане. —1987. —№ 1 —18-31-бб.

БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
университета
ИНВ № 833747

гекчилердин боштондук кыймылдарын аларды кайрадан мөгдүрөтүү максатында пайдаланууга болгон аракети катары сөз кылуу керек»[1],— деп, мурдагы пикирин дагы бир жолу бекемдеген.

Өзбекстандын ири окумуштуусу Х. Зияев[2] 1898-жылдагы көтөрүлүш диний түспөлү бар экендигине карабастан төңкөрүшкө чейинки Өзбекстандагы колониалдык-феодалдык түзүлүштү начарлатууга алып келген элдик көтөрүлүш болгондугун белгилеген.

Тарыхчылардын ортосундагы талаш-тартыштардын жыйынтыгында 1987-жылдын 23-декабрында Ташкент шаарында Орто Азия жана Казакстандын XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы боштондук кыймылдарына арналган конференция өткөрүлдү. Конференциянын катышуучулары тарабынан аталган көтөрүлүш эл массасынын колониалдык бийликке ачык каршы чыгуусу катары каралып, падышачылыктын Орто Азиядагы бийлигин начарлатууга алып келген деген тыянак чыгарылган. Белгилей кетүүчү нерсе, конференцияга кыргызстандык белгилүү тарыхчы К.Усенбаев «Об участии кыргызов в Андижанском восстании»[3] аттуу макаласы менен катышып, көтөрүлүшкө карата кыргыздардын мамилесин архивдик материалдардын негизинде чагылдыра алган. Аалым өмүрүнүн соңку күндөрүнө чейинки мезгилдерде да кыргыздардын Анжиян көтөрүлүшүнө каты-

---

[1] *Вахабов М.Г.* Еще раз об Андижанском восстании 1898 г. // Общественные науки в Узбекистане. —1987. —№ 7. —49-б.

[2] *Зияев Х.З.* О социальной сущности Андижанского восстания 1898 г. // Общественные науки в Узбекистане. —1987. —№ 7. —63-б.

[3] История и историография национально освободительных движений. Второй половины XI—начала XX вв. Средней Азии и Казахстане. —Ташкент 1987. —43-49-бб.

шуусун дараметинин жетишинче жазып келди[1].

Маркум профессор К. Усенбаевдин аталган маселеге карата көз-караштары анын шакирттери болушкан азыркы тарыхчылардын изилдөөлөрүндө эгемендүүлүктүн шарттарында жаңы баскычка көтөрүлдү десек болот.

Мисалы, Т. Кененсариев өз изилдөөлөрүндө азыркы кыргыз тарыхнаамасынын жетишкендиктерин эске алуу менен Анжиян көтөрүлүшүнүн өбөлгөлөрүнө жана анын мүнөзүнө жаңыча көз караш менен кароого аракеттенүүдө. Автор аталган көтөрүлүштүн чыгуусунун негизги себептери катары Орусиянын колониалдык саясатынын принциптерин эсептөө менен абалкы изилдөөлөрүндөгү[2] көз караштарын жаңы пикирлер менен толуктоого аракеттенген. Маселен, Т. Кененсариев 1995-98-жылдары Сорос-Кыргызстан фондунун жардамы менен чыккан жаңы көз караштагы «Кыргызстандын эң байыркы мезгилден XIX кылымдын соңуна чейинки тарыхы» аттуу жогорку окуу жайлары үчүн окуу китебинин 10-бабында Кыргызстандагы социалдык кыймылдардын активдүү формасы катары бийлик өкүлдөрүн токмоктоо, өлтүрүү жана куралдуу каршылык көрсөтүүлөр жөнүндө айтып келип, алардын ирилеринин бири катары 1898-

---

[1] *Усенбаев К.* Народные движения Средней Азии...; Об участии кыргызов в Андижанском восстании 1898 г.// История и историография национально освободительных движений. Второй половины XIX – начала XX в. в Средней Азии и Казахстане. Материалы научной конференции, проведенной в Ташкенте 8 дек. 1987 г. —Ташкент, 1987. —43-49-бб; Плечом к плечу за свободу.//Кут билим.—1998-жыл, 16-май; Анжиян көтөрүлүшү.//Кут билим.—1998-жыл, 3-март.

[2] *Кененсариев Т.* Экономическая политика царизма в Киргизии в конце XIX—начале XX веков. //Автореферат диссертациии на соискание ученой степени кандидата исторических наук. —М.,1984.

жылдагы Анжиян көтөрүлүшүн баалаган[1]. Автордун бул пикири кандайдыр бир деңгээлде П. Галузонун көз караштарына үндөшүп турат. Аталган автор да элдик чыгуулардын төмөнкүдөй үч формасын белгилеп өткөн болучу: «каракчылык» кол салуулар; администрациянын өкүлдөрүнө карата террор колдонуу (падышачылык жана туземдик администрациянын өкүлдөрүнө карата); орус колонизациясына каршы күрөш[2].

Т.Кененсариев көтөрүлүшкө арналган дагы бир макаласында жогоруда учкай айтылгандай, Орусиянын колониалдык саясатынын негизги принциптерин Анжиян көтөрүлүшүнүн себеби катары карап, алардын ичинен орусташтыруу принцибин жана анын негизги каражаты болгон оторлоштурууну белгилеп, өз оюн мындайча уланткан: «Орусташтыруунун негизги каражаттарынын бири отор саясаты болуучу. Келгин орустар падыша өкмөтүнүн Түркстандагы колониялык саясатына социалдык таяныч болуп орусташууну ишке ашырышы керек эле. Ошондуктан, Кыргызстанды караткандан биринчи күндөн баштап эле бул жерде отор саясаты да кеңири тармакта ишке аша баштаган. Түндүк Кыргызстанга караганда түштүктө бул саясат 1890-жылдарда күчүнө кирген. Кыргыздардын мол түшүмгө жарамдуу жерлеринин эсебинен орус кыштактары үчүн жер берүү, кыргыздардын отурукташуусун колдобоо сыяктуу ыкмалар менен ишке ашырылган. Орусташтыруу принциби жер гана эмес, бардык сфераларда чагылып, ал турсун дин, руханий жактан да көрүнө баштаган. Ошондуктан Анжиян көтөрүлүшүбү, же башкабы сөзсүз чыгуусу зарыл болуп калган да, иш жүзүндө Дукчи

---

[1] История Кыргызстана с древнейших времен до конца XIX в.: Учебник для вузов.—Бишкек,1995.—310-311-бб.

[2] *Галузо П.Г.* Туркестан-колония...—134-б.

эшендин козголону келип чыкты.

Ошентип, чынында Анжиян көтөрүлүшү Орус колониялык саясатынын негизги принциби — орусташтыруунун негизинде пайда болгон кыймыл болучу. Бул жерде баса көрсөтүүчү нерсе, көтөрүлүшчүлөрдүн басымдуу көпчүлүгүнүн кыргыздар болушу, Дукчи эшендин кыргыздарга таянышы, көтөрүлүштү Ферганадагы тургундардын анча колдобошу, ал турсун шаардыктардын көтөрүлүшкө кошулуудан таптакыр баш тартышы ушуну менен түшүндүрүлөт[1].

Ушул эле макаласында автор Анжиян көтөрүлүшүн Орусиянын колониялык саясатын ишке ашыруу этабындагы экинчи баскычка өтүү чеги катары караган. Тактап айтканда, автор экинчи этап катары 1886-1916-жылдарды эсептеп, аталган доор колониалдык стратегиялык максаттарды ишке ашыруу этабы болгон деп ага төмөнкүдөй баа берген: «Аталган этапта орчундуу бурулуш XIX кылымдын аягы болду. / Себеби, 90-жылдардын башында Орусиянын борбордук губернияларында катуу ачарчылыктын натыйжасында ошол жылдары башталган агрардык кризис күчөп кеткен да, Түркстанга өтө көп сандагы кедей оторчулар келе баштаган. Мунун өзү отор саясатында өзгөрүүлөрдү киргизип, сандаган оторчуларды кыргыздардын айдоо жерлеринин эсебинен отурукташтыруу башталган. Бул жергиликтүү тургундарга өтө оор эзүүнү алып келген. Анын үстүнө 90-жылдардагы Орусиянын борбордук бөлүгүндөгү капитализмдин өнүгүшү, анын колониялардагы чагылышы, салык саясатынын күч алышы, жер, салык гана эмес, руханий, идеологиялык эзүүнүн күч алышын пайда кылган. Ошондуктан Анжиян көтөрүлүшү эки кылымдын тогошундагы Орусиянын ко-

---

[1] *Кененсариев Т.* Анжиян көтөрүлүшү жана колониялык саясат. // Все про Ош... —Вып 2.—Ош, 1999.—68-б.

лониялык саясатында олуттуу эвлюциянын мезгилине туш келип, колониялык саясатты ишке ашыруунун экинчи баскычына өтүү чеги катары каралышы абзел»[1].

Андан ары автор: «Анжиян көтөрүлүшүнүн катышуучуларына болгон репрессия бул локалдуу, бир гана окуяны кесепети. Чынында Анжиян көтөрүлүшүнөн кийинки колониялык саясаттын жүрүшүндө падыша өкмөтү тоталдуу репрессияга өткөндүгү белгилүү. Колониялык репрессияга өтүүнүн негизинде Анжиян көтөрүлүшүнө окшогон кыймылдардын, жалпы эле Орусиянын империализмге багыт алышынын себептери жатат.»[2]

Анжиян көтөрүлүшүнүн орду жана мүнөзү жөнүндө илимий адабияттарда кезиккен түрдүү көз караштардын арасында өз оюн Т. Кененсариев мындай деп берет:

«Анжиян көтөрүлүшү Фергана тургундарынын боштондукка умтулуусундагы 1873-1876-жылдардагы элдик кыймылдан кийинки экинчи олуттуу аракет катары каралынышы зарыл. Көтөрүлүштүн формасынын примитивдүүлүгү, анын баёо сезими (наивность), диндик чүмбөтү жана башка белгилери көтөрүлүштүн мазмунун жана маанисин өзгөртө албайт. Ал 1873-76-жылдардагыдай эле эле антиколониалдык максатты көздөгөн таптык белгилери менен эмес, жалпы калайык-калкты камтыган, масштабы кичине болсо да, бир топ аймакка таасир кылган элдик кыймыл болгон»[3].

Анжиян көтөрүлүшүнүн тарыхына кайрылып, бул багытта иштиктүү изилдөөлөрдү жүргүзгөн изилдөөчүлөрдүн катарына таанымал жаш тарыхчы К.Молдокасымовду кошууга болот. Өзгөчө, анын Анжи-

---

[1] *Кененсариев Т.* Анжиян көтөрүлүшү жана... — 68-б.
[2] *Кененсариев Т.* Анжиян көтөрүлүшү жана... — 69-б.
[3] *Кененсариев Т.* Анжиян көтөрүлүшү жана... — 69-б.

ян көтөрүлүшүнө байланышы бар Токтогул Сатылганов, Зиябидин Максым сыяктуу инсандардын өмүр-таржымалдары жөнүндөгү изилдөөлөрү кыргыз тарыхынын инсантаануу багытынын өсүшүнө салым кошту десек жаңылышпайбыз.

Илимий адабияттарда элибиздин ак таңдай акыны Т.Сатылгановдун Анжиян көтөрүлүшүнө карата мамилеси жөнүндө түрдүү көз караштар арбын учурайт. Айрым изилдөөлөрдө Токтогул көтөрүлүштүн идеялык дем берүүчүсү катары бааланса, айрымдарында акын ак жеринен айыпка жыгылып, сүргүнгө айдалган деп берилет. Ал эми К.Молдокасымов Токтогул баштаган Кетмен-Төбөнүн бир топ тургундарынын Анжиян көтөрүлүшүнө катышты деген жалаа менен сүргүнгө айдалышын аталган өрөөндөгү болуш шайлоо өнөктүгүндөгү жек-жааттык каршылашуулар менен байланыштырат. Аталган аймакта «жеке ата» жана «эки ата» деген жамааттардын болуштукка шайлоодогу каршылашуулары Токтогул кошулган топтун жеңилүүсү менен аяктагандыгы белгилүү. Жеңишке жетишкен Рыскулбековдордун жамааты каршылаш топтон өч алуу үчүн Токтогул баштаган бир топторун жазалоочуларга тизмелеп берген.

Ошого байланыштуу К. Молдокасымовдун Т. Сатылгановдун абактагы кечирген турмушун баяндаган архивдик материалдардын негизинде жазылган макалалары жарык көрдү[1]. Бул аркылуу автор бир эле Токтогул эмес, аны менен бирге айдалган Анжиян көтөрүлүшүнүн айыпкерлеринин тагдырлары жөнүндөгү баалуу табылгаларды тартуулады. Кийинки мезгилдери автордун көтөрүлүштүн көмүскөдөгү жетекчиси, кыргыз аалымы

---

[1] 4 *Молдокасымов К.* Акындын абак жылдары. // Кыргыз маданияты. —1989. —№30.

Зиябидин Максымдын[1] бейдарек бейнесин калыбына келтирүү боюнча бир топ макалалары жарыяланды.

Каралып жаткан маселе боюнча жаш изилдөөчү Э.Авазовдун да азыноолак изилдөөлөрү жарык көргөн. Анын кандидаттык диссертациясынын темасы ушул маселе болгондуктан, каралып жаткан кыймылдын ар бир урунттуу жерлерин ыраттуулук менен кароого аракет кылган жаш изилдөөчү Анжиян көтөрүлүшүнүн чыгуу себептери, мүнөзү, колониалдык бийликтин репрессиялык саясаты, көтөрүлүштөгү кыргыз элинин орду, Чыйбыл болуш, Өмүрбек датка, Токтогул, Зиябидин Максым сыяктуу белгилүү инсандардын бейдарек тагдырларын тактоого бир топ аракеттерди жасоодо[2].

Жогоруда берилген пикирлерге таянуу менен Анжиян көтөрүлүшү жана кыргыздардын ага катышуусу али толук изилденип бүтпөгөндүгүн, анын мүнөзүнө, элеттин

---

[1] *Молдокасымов К.* Стамбулдагы кол жазманын автору ким?// Заман Кыргызстан. —2000. —28-июль.; Кыргыз тарыхчысы Кокон ордосунда кызмат өтөгөн. // Эркин Тоо. —2001-жыл. —20-июль.

[2] *Авазов Э.А.* 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшүн изилдөөгө карата. //Все про Ош... Вып.1.74-76-бб.; Анжиян көтөрүлүшүнөн кийин орус колониализминин репрессияга багыт алуусу.//Ренессанс: тарых. жана маданият. Илимий популярдык басылма. Экинчи чыг.-Бишкек-Ош., 1998.—58-62-бб; Андижанское восстание и колониальные власти// Индия и Кыргызстан: Взаимодействие цивилизаций. (140-летию Рабиндраната Тагора). Материалы научной конференции. Часть.2.—Ош 2001. 7-12-бб; Анжиян көтөрүлүшүн изилдөөнүн айрым маселелери. //Кыргыз философиясынын актуалдуу маселелери. Илимий-теориялык конференциянын материалдарынын жыйнагы. —Ош,2001. —13-21-бб; Оморбек датка жана 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшү. //Материалы региональной научно-практической конференции, проведенной в рамках диалога цивилизаций, объявленного ООН и посвященной юбилеям: 10-летию суверенитета Кыргызской Республики, 50-летию ОшГУ. 29.06.2001. ОшГУ.—Ош,2001.—131-134-бб.

таасирдүү инсандары Өмүрбек датка[1], Молдо Зиябидин Максым, Чыйбыл болуш, Токтогулдардын көтөрүлүштөгү ордуна конкреттүү баа бериле электигин жана ушул убакка чейин бул маселенин айланасында талаштар чечилбей келе жаткандыгын баса белгилөөгө туура келет.

Сөз соңунда колуңуздардагы изилдөөбүздө биз маркум профессор К. Усенбаевдин койгон тарыхнаамалык маселелерин азыркы кыргыз тарыхнаамасынын жетишкендиктерин пайдалануу менен жарык көрбөгөн, жарыкка чыккан архивдик[2] жана эл оозундагы даректүү санжыра тариздеги[3] булактарды мезгилдин шарданына ылайык изилдөөгө алганыбызды белгилейбиз.

Изилдөөдө жергиликтүү тил жана салт менен жазылган нарративдик булактар монография деңгээлинде чынында биз тарабынан биринчи жолу колдонулду. Жергиликтүү нарративдик булактардын маанилүүсүн Фазылбек Атабек уулунун эскерме китеби[4] түзөт. Фазылбек (1879-1938) насили анжияндык өзбектерден чыккан Атабек казынын экинчи уулу болгон. Ал Октябрь төңкөрүшүнө чейин орус-тузем мектебинен билим алып, 1923-жылы Москвада айыл-чарба академиясын бүтүргөн.

---

[1] Биз колдонгон булактарда бул инсан Оморбек, Умарбек деп берилет. Колуңуздардагы монографияда аталган инсандын ысмын кыргызча Өмүрбек деп бердик.

[2] Китеп жазылып жаткан мезгилде Москва, Санкт-Петербург шаарларында жайгашкан Орусиянын мамлекеттик архивдеринин фонддоруна барып материал жыйноого мүмкүнчүлүк болгон жок. Ошондой болсо да Т.Кененсариевдин 1979-84-жылдарда М.В.Ло-моносов атындагы Москва мамлекеттик университетинде аспиран-турада окуп жүргөн кезде жыйнаган архивдик материалдарынын тиешелүүлөрү монографияда колдонулду. Ташкент шаарынан жыйналган архивдик жана жарык көргөн материалдарды библиографиядан карап алууга болот.

[3] Бул булактарды библиографиядан карап алыңыз.

[4] *Атабек уулу Фазылбек.* Дукчи эшон вокеаси.—Ташкент,1992.

Кийин Түркстанда пахта өндүрүү боюнча илимий иштер менен алектенип, ошол эле учурда «Дукчи Эшон вокеаси» аттуу эскерме жазган[1]. Эскерме 1924-жылы Коколдо жарык көргөн. Ал эми 1992-жылы Ташкенде бул эскерме экинчи жолу басылып чыкты.

Мындан тышкары китепте өзбек тарыхчысы Б. Бабаджановдун «Дукчи Ишан и Андижанское восстание 1898 г.» деген эмгегинде[2] берилген Мадали эшен өзү жазган «Ибрат ал-гофилин» (Түркөйлөр үчүн накылдар — «Назидание неведающим») аттуу кол жазмасы белгилүү деңгээлде колдонулду.

Бул кол жазма араб, тажик кошумчалары менен түрк тилинде Дукчи эшен тарабынан 1893-94-жылдары жазылып, анын 3 нускасы Өзбекстанда, Ташкент чыгыш таануу институтунда сакталып турат[3]. Кол жазманын мазмунуна караганда мусулманчылыктын ичиндеги назарияттык жана амалияттык тармактын ирилеринин бири болгон «сопучулуктун (суфизм)» жазма салттарына анча төп келбеген тилде жазылгандыгын оңой эле байкоого болот. Демек, чыгарма негизинен элеттик, жөнөкөй, дин окууларынан толук кабары жок кыргыз, кыпчак жана башка

---

[1] Караңыз: *Атабек уулу Фазылбек*. Дукчи эшон вокеаси...—4-б. Автор бул окуяга орус-тузем мектебинде окуп жүргөндө эле кызыгып, маалыматтарга караганда Анжиян көтөрүлүшүнө катышкан жана ал окуя жөнүндө билген адамдардан 1920-23-жылдары жыйналган материалдардын негизинде катары китеп даярдаган. Бул эскерменин баалуу жактары — анда официалдуу архивдик булактарда кездешпеген фактылардын: Дукчи эшендин турмуш-тиричилиги, анын ханакасынын (сопулардын жайы) ички турмушу, көтөрүлүштүн маанилүү фактылары, Чыйбыл болуш жана башка көтөрүлүштүн катышуучулары жөнүндөгү айрым баалуу маалыматтардын берилгендигинде.

[2] Караңыз: *Бабаджанов Б*. Дукчи Ишан и Андижанское восстание 1898 г.//Ренессанс. —Вып.3.—Ош,2001.—51-77-бб.

[3] Караңыз: *Бабаджанов Б*. Дукчи Ишан и Андижанское восстание...—55-б.

ферганалыктарга түшүнүктүү болсун үчүн түрк тилинде накыл катары жазылган болуу керек. Мындай пикир Дукчи эшендин өз маалыматтарына таянган өзбек тарыхчысы Б.Бабаджановдун калемине да таандык[1].

Б.Бабаджановдун аталган макаласында берилген «Макамат» аттуу кол жазма да колуңуздардагы китепти даярдоодо манилүү ролго ээ болду. Дукчи эшендин «Макаматы» (өмүр баяны жана жашоо турмушу) анын мүрүддөрүнүн бири тарабынан Анжиян көтөрүлүшүнүн алдында жазылган. Ал 164 бет кол жазмадан туруп, 1897-жылдын аягындагы Дукчи эшенди орус колониалдык бийликтери сурак кылган окуяга чейин сүрөттөлөт. «Макаматтын» тили өзбектердин наманган диалектиси жана анын авторунун аты-жөнү белгисиз.

Бул анонимдик чыгарма Мадали эшендин жеке жашоо турмушунун кай бир жактарын чагылдырып, ал жөнүндө кошумча маалыматтарды берет. Мисалы, Султанхан төрө тарабынан эшенге «халиф» (мурасчы) укугун берүүчү «иршод-номанын» (грамотанын) берилиши, Мадалинин ажылык сапары жана ал жерде пайгамбардын «халифа-йи амр-и ма'руф» (Пайгамбардын мурасчы-халифи катары ыйык эшендик статусуна ээ болуу) укугун алышы, Мадалинин эшен болгондон кийинки соопчулук, ооруларды айыктыруу жана башкаларга байланыштуу түрдүү «кереметтери» баяндалат. Чыгармадагы биз үчүн баалуу маалымат — Дукчи эшендин «мусулман болууга далаалаттанган толук жана элеттик кыргыздарды, кашгарилерди ислам динине толук кандуу тартуу үчүн кылган зор эмгеги» жана бул максатта Оштун жанындагы Көк-Бел деген жерге мечит салдырганы[2].

---

[1] Караңыз: *Бабаджанов Б.* Дукчи Ишан и Андижанское восстание...—56-б.

[2] *Бабаджанов Б.* Дукчи Ишан и Андижанское восстание...—63-б.

Учурда бул чыгарманын бир нускасы Ташкентте Өзбекстандын Илимдер академиясынын чыгыш таануу институтунда сакталып турат[1].

[1] *Бабаджанов Б.* Дукчи Ишан и Андижанское восстание...—55-б.

## Анжиян көтөрүлүшүнүн өбөлгөлөрү, себептери жана көтөрүлүш алдындагы кырдаал

Изилдөөбүздүн бул бөлүгүндө «Анжиян көтөрүлүшү» деген ат менен белгилүү болгон, Фергана өрөөнүнүн бардык булуң-бучкагын кучагына камтып кыргыз, өзбек, тажик жана башка көп улуттуу тургундардын азаттык күрөштөрүнүн кайгылуу барактары болуп эсептелген 1898-жылдагы көтөрүлүштүн өбөлгөлөрүн жана себептерин баян этмекчибиз.

Анжиян көтөрүлүшүн тарыхый кокустук катары гана кароо туура болбос эле. Анын генезиси, максаты жана жыйынтыктары Орусиянын колониялык саясатына тыгыз байланышта болгон. Башкача айтканда, орус колониялык саясатысыз Анжиян көтөрүлүшүн, Анжиян көтөрүлүшүсүз орус саясатынын андан кийинки жылдары репрессияга өтүү багытын түшүнүү мүмкүн эмес. Ошондуктан, бул эки процессти диалектикалык биримдикте кароо зарыл.

Анжиян көтөрүлүшүнүн келип чыгышын айтууда Орусиянын колониялык саясатынын негизги принциптерине кыскача токтолуп кетүү зарыл.

Орусиянын колониялык системасынын Батыш Европалык колониялык системалардан айырмаланган бирденбир орчундуу өзгөчөлүгү болгон. Ал орус метрополиясы (Борбордук Орусия) менен анын колонияларынын (четжакаларынын) ортосунда кандайдыр бир чоң, адам өтө алгыс географиялык тоскоолдуктун — тоо кыркаларынын, океандын же чөлдүн жок болушу. Орус апологеттери айткандай, Сибирь, Кавказ, Орто Азия сыяктуу чет жакалар Орусиянын нукура территориясынын уландысы катары каралган. Мындай өзгөчөлүк Англияда, Белгияда же Францияда болгон эмес. Бул географиялык фактор

Орусиянын колониялык саясаты үчүн географиялык эмес, саясий мааниге ээ эле. Ошондуктан орус колонизаторлору басылып алынган колониялардын келечекте нукура орус жерине айланып кетишин көздөгөн. Демек, XVI кылымдан бери келе жаткан саясаттын жемиши катары Уралдын чыгыш жактары, Түштүк Орусия, Сибирь бир кездерде колониялык ээликтер болуп, ал эми XIX кылымдын экинчи жарымында нукура орус жерине айлангандай эле, Түркстан үчүн да ошондой максат коюлган.

Ушул себептүү Орусиянын саясатчыларынын иштеп чыккан колониялык саясатынын биринчи жана негизги принциби **орусташтыруу** болучу. Орусташтыруу максаты кеңири жана узак болуп, ага стратегиялык маани берилген. Акырындык менен түркстандыктардын экономикалык, социалдык жана улуттук жагынан Орус империясы менен толук биригип кетүүсү, ал турсун идеологиялык жана руханий, дин жагынан да, одоно айтканда "орус болуп кетүү" максаты коюлган.

Орусташтыруунун негизги каражаттарынын бири отор саясаты[1] эле. Келгин орустар падыша өкмөтүнүн Түркстандагы колониялык саясатына социалдык таяныч болуп, орусташтырууну ишке ашырышы керек болучу. Ошондуктан, Кыргызстанды караткан биринчи күндөн баштап эле бул жерде отор саясаты да кеңири тармакта ишке аша баштаган. Түштүк Кыргызстанда бул саясат 1890-жылдарда күчүнө кирген. Отор саясатынын негизги,

---

[1] Орусиянын борбордук губернияларынан дыйкандарды пландуу көчүрүп келип, Түркстан крайынын көчмөн турмуш кечирген аймактарына отурукташтыруу саясаты. Отор саясатынын маңызы, жүрүшү жана жыйынтыктары жөнүндө караңыз: *Т. Кененсариев* Переселенческий вопрос в политике царского правительства второй половины XIX - начала XX в. (на материалах Киргизии).—Изв. АН КР.—1989, № 1.—С.50-55.

колониячыл белгилеринин бири отор фонду болгон. Кыргыздардын түшүмгө жарамдуу жерлеринин эсебинен орус кыштактары үчүн жер берүү, отурукташууга өтө баштаган кыргыздарга жер бөлүп берүүнү атайылап кечендетип, атүгүл бул аракеттерди колдобоо сыяктуу ыкмалар отор саясатынын негизги каражаттары болучу.

90-жылдардын башында Орусиянын борбордук губернияларында катуу ачарчылыктын натыйжасында агрардык кризис күчөп кеткен да, Түркстанга өтө көп сандагы кедей оторчулар келе баштаган. Мунун өзү отор саясатында өзгөрүүлөрдү киргизип, сандаган оторчуларды кыргыздардын айдоо жерлеринин эсебинен отурукташтыруу башталган. Бул жергиликтүү тургундарга өтө оор эзүүнү алып келген. Анын үстүнө 90-жылдардагы Орусиянын борбордук бөлүгүндөгү капитализмдин өнүгүшү, анын колониялардагы чагылышы, салык саясатынын күч алышы, жер, салык гана эмес, руханий, идеологиялык эзүүнүн күч алышын пайда кылган. Ошондуктан Анжиян көтөрүлүшү эки кылымдын тогошундагы Орусиянын колониялык саясатында олуттуу эволюциянын мезгилине туш келип, колониялык саясатты ишке ашыруунун экинчи баскычына өтүү чеги катары каралышы абзел.

Демек, жогоруда айтылган процесстердин натыйжасында Анжиян көтөрүлүшүбү, же башкабы, сөзсүз чыгуусу тарыхый жактан зарылдыкка айланган кырдаал келип чыккан. Ошентип, чынында Анжиян көтөрүлүшү Орус колониялык саясатынын негизги принциби — орусташтыруунун негизинде объективдүү пайда болгон тарыхый кыймыл болуп калган.

Орусия империясынын колониалдык эзүүсүнүн күч алышы, айрыкча, Фергана областынын Кетмен-Төбө, Көк-Арт өрөөндөрүндөгү көчмөндүк турмуш кечирген

элеттиктердин наарazычылыгын күчөткөн. Анткени дал ушул аймактарда пландуу отор саясаты курч мүнөздө жүргөн.

Жери түшүмдүү, ары суулуу, жаратылышы кооз бул өрөөн орус оторчуларынын көңүлүн бурган. Эзелтен табияттын өз баласы болушкан көчмөндөр капарына да алышпаган өзөндөрдөгү быкпырдай жайнаган балыктар, токойдогу жапайы мөмө-жемиштер, аңчылыктын жандыктары Орусиянын борбордук губернияларынан ачжылаңач азып-тозуп келишкен келгиндер үчүн белен тамак болуп берген. Жашоосун жайлоо-кыштоосуз элестете албаган элеттиктерди 1886-жылдагы кабыл алынган Түркстан крайын башкаруу жөнүндөгү Жобого ылайык алардын ээликтери гана кыскарылбастан, жайлоолорго эркин көчүп-конуу укугу да чектелген болучу[1].

Түркстан крайындагы мурунтан келе жаткан социалдык карама-каршылыктар айрыкча отор саясатынын натыйжасында көчүп келишкен келгин кулактардын жергиликтүү тургундарга жасаган мамилелерине байланыштуу улам курчуп олтурган. «Шаар калкы залим акимдердин зулумдугунан азап тартып, көчөгө чыга албай калгандай эле, ошончо кең тоолордогу кыргыздар да өздөрүнүн ата-бабаларынан бери жагып келишкен курук отундарын жага албай калышты, жада калса тикени да калбады. Ат, мал, кой, эчкилерди кеңири бага алышпай бир тараптан «чөп, ооз пулу» деп чыгым салып, пулдарын алса, экинчи тараптан «туяк пулу» деп койлорун эсептеп алды. Үчүнчү тараптан орус мужуктары «менин эгиниме кирди» деп малдарын штраф кылып алып коёр эле»[2].

Көчмөндүк турмушка зарыл болгон жайыт, жол, суу

---

[1] *Кененсариев Т.* Тандалган макалалар.—Ош,1999.—83-б.

[2] *Абдраманов Ш.* Анжиян көтөрүлүшү жана Чыйбыл болуш. //Эркин Тоо, 1994.-26-октябрь.

талаштары, башка тиричиликтик жагдайлардан келип чыккан карама-каршылыктар, келгиндердин жүрүм-турумунундагы ичимдик ичүү, поселкаларда түнкү шапар-тебүү, аял-эркек мамилелери сыяктуу жат көрүнүштөр болочок чыр-чатактарга өбөлгө түзгөн жана элет кыргыздарынын кыжырын келтире берген.

Жаңжалдын чыгуусуна шарт түзгөн фактор катары мал чарбасына тиешелүү жайыт пайдалануунун этномаданиятына негизделген дагы бир жагдайды белгилөөгө болот. Көчмөндөр эзели ири малдын артынан түшүп карашпастан, кез-кезде гана кабар алып турушкан. Ууру-кескиден, карышкыр тийүүдөн гана бир аз коопсонуу болбосо, эгинди бастырып жиберүү, жеке ээликтерге кирүү деген коркунуч болгон эмес. Жаңы келген келгиндердин жайыттарды кашаалап тосуп алуулары, жолдун, суунун баштарына аштык айдап, бал челектерин коюп алуулары «көп чырдын башы» болгон.

Булактарда бал челекчилик Көк-Арт өрөөнүндө дал ушул мезгилдери кеңири кулач жая баштагандыгы айтылат: «XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында келгин калктын жер иштетүүчүлүк эмес чарбасынын таасири астында бал аарычылык чарбасы кеңири кулач жайган (Өзгөчө Өзгөн, Базар-Коргон, Көк-Арт өрөөндөрүндө)[1]. Тили, дили, кулк-мүнөзү, чарба жүргүзүүсү бөтөн болгон келгиндер менен жергиликтүүлөрдүн арасында социалдык карама-каршылыктардын күчөшү, отурукташкан элдерге караганда көчмөн элеттиктердин ичинде ургаалдуу темп менен өнүккөн.

Падышачылык Орусиянын Түркстан чөлкөмүндөгү колониалдык эзүүсүнүн күчөшүнөн улам жергиликтүү калктын аёосуз эзилүүгө учурашы баш аламан элдик чы-

---

[1] Киргизия в трех Российских революциях.—Фрунзе,1987.—49-б.

гуулардын өсүүсүнө алып келген. Мындай чыгуулар жана элдик кыймылдар Түркстан крайындагы колониалдык бийликтин өкүлдөрү таасын баа беришкендей «башынан козголоң жана бейтартипсиздиктерге көнгөн[1] Фергана өрөөнүнүн көп улуттуу тургундарынын арасында кеңири жайылган».



1895-жылдын декабрындагы Фергананын аскер губернаторунун отчетунда элдик чыгуулардын күч алгандыгын күбөлөндүргөн маалыматтар келтирилген. Маселен, Ферганада 1883-жылы 35, 1890-жылы 84, 1895-жылы 135 баш аламандыктар катталган», — деп жазылат отчетто[2].

Эбактан тынчы жок Фергана калкынын колониалдык эзүүгө каршы толкундоолору өтө тез темп менен өсүп

[1] *Терентьев М.* История завоевания Средней Азии...—485-б. .
[2] ӨБМТА. и1-ф-7-оп 231-232-барактар.

жаткандыгы орус бийликтерин кооптондурган. «1896-1899-жылдардын аралыгында Түркстанда 647 элдик чыгуулар болуп өтсө, анын 254 жолкусу Фергана өрөөнүнө, анын ичинде көчмөндөргө таандык болгон»[1]. Бул көрсөткүчтөр жана жогорудагы фактылар аталган аймакта толкундоолордун, элдик чыгуулардын башка областтарга салыштырмалуу көп болгондугунан кабар берип турат.

Орусия кыргыз урууларын каратып алган мезгилден баштап, өздөрүнүн таасирлерин, бийлигин чыңдоо үчүн ар бир уруудан, аймактан чыккан ири манаптарды, бийлерди, бектерди колго алып, алар аркылуу жергиликтүү элди сурап турушкан. Аларга көпчүлүк учурларда жарым-жартылай наам, кызыктыруучу сыйлыктарды берип, жергиликтүү бийликтин үлүшүнөн да бөлүшүп турушкан. Алсак, Ысык-Көл тараптан манап Чыныбай Тилекмат уулу, Кеминдеги Дүр Сооронбаев менен Шабдан Жантаев, Чүйдөн Байтик Канаев, Чолпонкул, Суусамыр, Кетмен-Төбө тараптан Дыйканбайдын урук-туугандары, Сузак тараптан Чыйбыл болуш, Алай-Ош тараптан Курманжан датканын балдары ж. б.

Падышанын бийлик төбөлдөрү орус таасирин бекемдеп алганга чейин аларды убактынча пайдаланып, 80-90-жылдары саясий аренадан кетирүүгө кирише башташкан[2].

Ушундай абал көгарттыктардын Чыйбыл болуш баштаган тургундарынын түп көтөрүлө орус бийликте-

---

[1] Орусиянын Борбордук Мамлекеттик Согуштук Тарыхый Архиви (Мындан ары ОБМСТА). —Ф.400.—Оп.260/911.—Д.87/605.—Л.37об. *Касымбеков. Ф* Народные движение в Фергане в конце XIX- начале XX вв.//Вопросы истории Узбекистана. —Самарканд, 1975.

[2] *Молдокасымов К.* Курманжандын көз жашы. —Б.,1991. 11-б.

рине каршы чыгуу маанайын күчөткөн[1]. Анжиян көтөрүлүшү болуп өткөн мезгилден 20 жылдай илгери орус бийликтери «атасынын куну үчүн зор бийликти, зор байлыкты бергенде, жаш Чыйбыл кубанычтан, ыраазычылыктан башка эч нерсе сезген эмес. Орустарга ак кызмат кылууга аракеттенип жүргөн. Эми жер-сууларын орустар шыпырып алып, өздөрүн тоо-таштарга, токой талааларына сүрө баштаганда, Чыйбыл өзү үчүн да, эли алдында да жаман абалда калды. Мындай шартта топураган элдин башын бириктире турган акыл-эстүү, ошону менен бирге чечкиндүү да, баатыр да адамдар керек болучу. Мындай адамдардын бири Чыйбыл болуш өзү болуп чыкты[2].

Орус бийликтерине чын дилден ак кызматын өтөй баштаган Чыйбыл болуштун падышачылык бийликтеринин жер тартып алуу саясатынан улам аларга карата тымызын наразылыгы акырындап күчөй баштаган. Мындай наразычылыктар Көк-Артта 1895-жылдары эле башталып, айрым учурлары ачыкка чыга баштаган.

Чыйбыл болуштун дээринен тайманбас, курчтугу жана атасы Абдылда бийдин өлүмү үчүн Кокон хандыгына сөөк өчтү кеги Көк-Арт өрөөнүнө да оторлошууга аракеттенип жаткан орус администрациянын бийлик төбөлдөрүнүн өз бийликтерин бекемдеп алганга чейин «Көгарттын ага-ини арстандары» Чыйбыл менен Нусупту

---

[1] Чыйбыл Кокон хандыгынын мезгилинде Тогуз-Торо, Көк-Арт аймактарын бийлеген Абдилла бийдин уулу болгон. Абдилла бий Кудаярхан ордого чакырып өлтүрткөн Шер датка баштаган 40 кыргыз бийлеринин бири катары эскерилет. Фергана өрөөнү Орусияга каратылгандан кийин атасынын өлүмү үчүн Кокон хандыгына наразы болушкан Чыйбыл агасы Нусуп экөө тең болуш болуп дайындалышкан.

[2] *Абдраманов Ш.* Анжиян көтөрүлүшү жана Чыйбыл болуш. //Эркин Тоо, 1994.-26-октябрь.

өз тараптарына тартууга аргасыз кылды[1].

Эми ушул жерде окуянын жүрүшүн баяндоодон бир аз артка чегинип, Миң-Дөбөдөн жүздөгөн чакырым алыс турушкан кетмен-төбөлүк, көк-арттык кыргыздардын журт агалары кеңеш сурап кайрылышкан элет ичинде Ийикчи, Ак эшен, Мадали эшен деген ысымдары менен белгилүү болгон Мухаммад Али Девона ибн Мухаммад Сабыр[2] же Ийикчи эшен[3] ким болгондугун, ал эмне үчүн көтөрүлүштүн жетекчиси катарында эскерилип келе жаткандыгын айта кетүү максатка ылайыктуу деп эсептейбиз.

---

[1] Чыйбыл менен Нусупка карата «Көгарттын арстандары» деген эпитеттин берилиши жөнүндө элдик сөздө мындай деп айтылат. «Ордого хандын чакыруусу менен баратып Абдылда бий Базар-Коргон аймагынын бийи Баястандан: — Оо Баястан бий, хандын каарына калабызбы ким билет. Артыңда балдарың калдыбы? Кандай деги, ордуңду баса тургандарың барбы? – деп сураган экен. Баястан ойлуу — Бар. Бирок очок башынан алыс кетише албас бекен, — деп жооп кайтарыптыр. Ырас эле Баястан бийдин балдары очок башынан анча алыс кетише алышпаган дыйкан адамдар болуп өсүшкөн экен. Ал эми Абдылда бий мындай дейт. — Артымда эки күчүгүм калды. Арстан чыгып калышаар бекен деген үмүтүм бар эле, — дейт». (Караңыз: *Абдраманов Ш.* Анжиян көтөрүлүшү жана Чыйбыл болуш. //Эркин Тоо,1994. 19-октябрь)

[2] Көпчүлүк булактарда Мухамед-Али халиф Молло Сабыр Софуев деп берилет. Ал эми жогоруда келтирилген ысым эшендин өзү тарабынан 1893-1894-жылдары жазылган «Ибрат ал-гофилин» аттуу эмгегинен алынды. (Караңыз: *Бабаджанов Б.* Дукчи Ишан и Андижанское восстание 1898 г.//Ренессанс. —Вып.3.—Ош,2001.—51-77-бб.)

[3] Мадали эшен ата-бабасынан бери келе жаткан ийикчилик кол өнөрчүлүгүнө байланыштуу кыргыздар аны «Ийикчи», ал эми өзбек, тажик элдери «Дукчи эшен» деп коюшкан.

## Мадали эшен

Мадали эшен 1856-жылы[1] Маргалаң шаарынан 25 чакырым түштүк-батыштагы Чимиён же Шахидон кыштагында Мухаммед Сабыр деген орто чарба адамдын үй-бүлөсүндө төрөлгөн[2]. Негизинен булактарда анын насили тажик, кай бирлеринде[3] кашкарлык деп эскертилет. Атасы Сабыр бешик, ийик сыяктуу майда буюмдарды жасап, кол өнөрчүлүк менен шугурлөнгөн жана көпчүлүк убактысын эшендердин кызматын кылуу менен өткөргөн. Уста Сабыр Самарканга, Бухарага, Чарджоуга соода иштери менен тез-тез чыгып, дайыма жаш Мадалини ала кетчү.

Мадали эс тарта баштагандан тартып атасы аны Бухарадагы Осмончу Акун Коканди молдонун мектебине берген. 16 жашка толгондон баштап Мадали Самаркандын жанындагы Каррух кыштагында Осмонакун Судур эшенден окуп билим алган. 20 жашында Мадали аталган эшенден эшендик кылууга укук берген «иршод-нома» алгандыгы булактарда эскерилет[4].

Уста Сабыр Мадали он жашка толгон учурда Миң-Дөбөдөгү (азыркы Ош областынын Араван районуна чектеш Өзбекстанга караштуу Мархамат району) Тажик деген кыштактан үй сатып алып, үй-бүлөсүн көчүрүп келген болучу. Арадан он эки жыл өткөндөн соң уста Сабыр каза болот. Самаркандан болжолу 20 жашка толгондо (1876-жыл) келген Мадали атасынан калган үч танап жер

---

[1] Өзбекстандын жаңы тарыхында Дукчи эшендин туулган жылы 1846-жыл деп берилет. (Караңыз: Өзбекстандын жаңы тарыхы. (Түзүүчүлөр: *Садыков Х., Шамсутдинов Р.; Равшанов П., Усманов К.*). 1-китеп: Түркстан Орусиянын колониялык доорунда.—Ташкент,2000.—353-б.) Биз 1856-жылды туура деп эсептейбиз.

[2] Өзбекстандын жаңы тарыхы...—353-б.

[3] *Атабек уулу Фазылбек*. Дукчи эшон вокеаси...—6-б.

[4] *Атабек уулу Фазылбек*. Дукчи эшон вокеаси...—6-б.

тиричиликтин кем карчына жетишпей, агасы Мухаммадсали менен биргеликте ошол аймактагы кадыр-барктуу эшен Султан хан төрөгө жалчы түшүшөт[1].

Мээнеткечтигинен уламбы, же болбосо дин илиминен кеңири маалыматы бардыгынанбы, Мадали бат эле бир кездеги Кокон хандарына да урматы зор болгон Султанхан төрөнүн эң жакын мүрүдүнө[2] айланып калат. Мадалинин Султанхан төрөгө мүрүддүккө кол бериши, анын эшендик даражага жетүүсүнө жол ачкан[3].

Мадали эшендин дин жолундагы элге таанылуусу өзүнүн «Ибрат ал-гофилин» аттуу эмгегинде берилет. Мисалы, анда 11 жашка толгондо беймаани адамдардын таасиринен бошонуп, кудай жолуна түшкөндүгү, 16 жашында түшүнө валилер (кудайга жакын периштелер) кире баштаганы, 18-19-жашында жалган дүйнөнүн кызыктарына кайыл болуп, сопучулуктун сабактарын ала баштаганы, 22-23-жашында болсо тамактын эң жөнөкөйү — талканга өткөнү, 24 жашында болсо «дүйнөнүн сыртын гана көргөн түркөй» адамдардан кутулганы, 25-жашында Мадалини «кара таман кедейлерден чыккан адам» деп күнөөлөшкөн улама жана молдолор менен каршылашканы жана 26сында өзүнүн пири (Султанхан төрөнү айтып жатат) өлөр алдында ага өз алдынча окуучуларды

---

[1] А. Эгамназаровдун пикири боюнча Мадали Султанхан төрөгө 15-16 жашында жалчы түшкөн. (Караңыз: *Эгамназаров А.* Сиз билган Дукчи Эшон. —Ташкент, 1994.—13-б.)

[2] Араб термини. Кыргызча «мурут» делет.. Мусулманчылыктагы тигил же бул таасирдүү дин жетекчилеринин окуучуларын, анын ишин улантуучуларын ушундай деп аташкан.

[3] В.Сальковдун пикири боюнча Дукчи эшендин жалгыз окутуучусу (муршиди) Султанхан төрө эшен болгон.(Караңыз: *Сальков В.* Андижанское восстание...—10-12-бб.). Ал эми А.Эгамназаров Мадалинин экинчи пири маргаландык шайык Ай Төрө болгондугунан кабар берет. (Караңыз: *Эгамназаров А.* Сиз билган Дукчи Эшон...—13-б.)

(мүрүддөрдү) топтоого укук ыйгарган иршод-нома бергени айтылат[1].

Өзбек автору А.Эгамназаровдун маалыматына таянсак, Султанхан төрө 1882-жылы көпкө ооруп жатып көз жумат[2]. Мадали өтө сыйлаган пири Султанхан төрөнүн такай жанында болуп, акыркы сапарга өз колу менен узатат. Пиринен айрылгандан кийин Мадали көп узабай эле аны ээрчиген мүрүддөрү менен Тажик кыштагынан Миң-Дөбөгө көчүп кетет да, ал жерге Султанхан төрөнүн сөөгүн коюшуп, күмбөз тургузушат. Бирок буга нааразы болгон Султанхан төрөнүн башка мүрүддөрү чатак салышып, төрөнүн сөөгүн кайра ордуна алып келишет[3].

Мадалинин мүрүддөрү жана аны колдогон, сооп издеген адамдар каражат чогултуп, Миң-Дөбөдөн эшендин наамына жер сатып беришет да, ал жайда тез эле эшендин жашоочу үйү, мейманкана, мунарасы менен мечит, аткана жана кедейлердин балдары окуй турган мектеп курулат[4]. Ал жайлар кийин жалпысынан «ханака» (сопулардын жайы) деп аталып калган.

Жаңы олтурукташкан жеринде соопчулук иштерге баш оту менен киришкен Мадали эшен, Араван, Асаке, Ош багытында каттаган жолоочуларга суу ташытып, чай, бекер тамак-аш бердиртип, соопчулук иштери менен эл оозуна илине баштайт. Фергана өрөөнүндө анын жасаган иштери жөнүндө аңыз кеп, имиштер тарайт.

Мадалинин өз өмүр-жолун баяндап жатып, 28 жашка чыкканда «азиздер мени ак кийизге олтургузуп: Сизге

---

1 *Бабаджанов Б.* Дукчи Ишан и Андижанское восстание ...—59-б.
2 *Эгамназаров А.* Сиз билган Дукчи Эшон...
3 *Бабаджанов Б.* Дукчи Ишан и Андижанское восстание ...—66-б
4 *Атабек уулу Фазылбек.* Дукчи эшон вокеаси...—69-б.

нисбат[1] ыйгарылышын куттуктайбыз дешти» деп жазганы кызыктуу. Мындан, Мадалини колдогон адамдардын Султанхан төрө өлгөндөн кийин (болжолу 1884-жылы) анын мурасчысы же «муршид» (окутуучу) катары таанышкандыгын байкоого болот. Мадалинин Султанхан төрөнүн мүрүдү катары таанылган статустан өз алдынча окуучуларды (мүрүддөрдү) топтоого укук алчу «муршидге» айлануусу, айрыкча өзүнүн жазганына караганда 29 жашында түшүндө пайгамбарды жана ага ак чепкен (тон) жана сопулардын баш кийими — «кулох» кийгизишкен пайгамбардын 4 халифин (мурасчыларын) көргөнүнө байланыштуу болгон[2].

Кудай жолуна биротоло түшүп калган Мадали 30 жашында[3] Индиянын Бомбей шаары аркылуу деңиз жолу менен Меккеге чейин ажылык сапарга жол тартат. Ал китебинде зыярат сапарындагы ыйык жерлер жөнүндө кыска баян этип, Меккеде бир ай, Мединада Пайгамбардын күмбөзүнө жакын жерде 3 ай жашагандыгын, Арафат тоосуна зыярат жасоо алдында түш көргөндүгүн, түшүндө пайгамбар өзүнүн төрт чарыярларынын көз алдында ага алтын чөмүч (ковшик) тартуулап, «халиф» наамын[4] бергендигин эскерет[5].

Мединада үч жылча туруп, кийин Ооганстан, Орусия[6] жерлерин көрүп кайткан Мадали Мин-Дөбөгө келээр замат өзүн эшен деп жарыялайт. «Ибрат алгофилиндин» маалыматына караганда эшендин айлана-

---

[1] «Нисбат» — араб термини. Тирүү сопу менен анын окутуучулары болушкан шейит кеткен сопулардын ортосундагы муундан-муунга берилүүчү кандайдыр бир ыйык руханий байланыш (братство).

[2] *Бабаджанов Б.* Дукчи Ишан и Андижанское восстание ...—60-б.

[3] *Сальков В.* Андижанское восстание...—16-б.

[4] «Пайгамбардын мурасчысы» деген мааниде.

[5] *Бабаджанов Б.* Дукчи Ишан и Андижанское восстание...—60-б.

[6] Өзбекстандын жаңы тарыхы...—354-б.

сына көптөгөн азиздер, кашкарлар, кыргыздар, өзбектер, тажиктер жана түрктөр топтолуп, аларга азык болсун үчүн Алла сандаган малды жана канаттууларды бергендиги жазылат[1].

Мадалинин өзүн эшен деп жарыялашы Султанхан төрөнүн жакындарын жана мурасчыларын катуу сестенткен. Мусулман адаты боюнча эшендик наам мураска берилеринен кабардар болушкан дин жамаатынын өкүлдөрү да Мадалиге наразычылык билдиришет. Мадали аларга жооп кылып, Султанхан төрөнүн мөөрү басылган катты (иршод-нома) көрсөтүп, алардын демин басат[2].

Мадалиге эшендик наамды ыйгарган бул документ Мадали өзү белгилегендей көзү тирүү кезинде пири тарабынан даярдалганбы же башка киши тарабынан жасалганбы, ал жөнүндө тарыхый булактарда бирдей көз караш жок. Көпчүлүк булактарда, алардын ичинде орус изилдөөчүлөрүнүн эмгектеринде да аталган документ жасалма болгон[3] деген пикирлер учурайт.

Айрым маалыматтарда ал катты бир кезде Султанхан төрөнүн мүрүдү болуп, кийин Мадалинин эң жакын кеңешчисине айланган, жашы сексенден эбак өткөн кыргыз Молдо Зиябидин Максым даярдап берген деп айтылат[4].

Эшендик наамды алгандан кийин Мадалинин эл ичинде кадыр-баркы өсүп, айрыкча элеттик кыргыздардын арасында аброю артат. Элеттиктердин мартабалуу

---

1 *Бабаджанов Б.* Дукчи Ишан и Андижанское восстание...—60-б.

2 *Бабаджанов Б.* Дукчи Ишан и Андижанское восстание...—62-б.

3 *Ситняковский Н.* Минтюбинский Ишан Мухамед-Али. //Туркестанские ведомости. 1899. №1724.; *Сальков В.П.* Андижанское восстание... —36-б.

4 *Сальков В.* Андижанское восстание...—20-б.

адамдары эчактан бери эшен менен карым-катнашта болушкандыктан, алыш-бериш алакалары ансайын күчөй баштайт. Миң-Дөбөгө канатташ жашаган кыргыз урууларынын арасында Мадалинин касиеттүүлүгү, кереметтүү олуялыгы жөнүндө имиш-имиштер таркалып, башка аймактардагы кыргыздардын арасына да жетет.

Мадали эшендин өз сөзүнө таянсак, анын миңдеген муруттарынын басымдуу көпчүлүгү элеттик кыргыздар болушкан[1]. Элеттин колунда бар адамдары балдарын эшенге берип окутушуп, ага тез-тез тартуу берип турушкан. Убак-убагы менен эшен элет арасына чыгып, аш-той, маарекелерге ызаат менен чакырылып, эл ичинде эмне кеп-сөз болуп жатканынан кабардар болуп турган.

Бул жөнүндө Молло Нияздын санаттарында кездешет:

Анжияннин үстүдө,
Араваннын астыда,
Миң адам барса аш берип,
Билбейбиз кандай бай болгон.
Акырет десе жан берип,
Ач-арыкка аш берип,
Тоопкар адам көп барса,
Тогуздап сылап нан берип.
Усталар урган балкасы,
Төрүнөн чыккан калпасы.
Төрөлүк кылбай турбады,
Худайдан илхам болбосо,
Торфа канча банданин[2].

Табиятынан кең пейил, меймандос келишкен элеттиктер эшенге сый-урматын аяшпастан, аны менен жак-

---

[1] *Кененсариев Т.* Кыргызстан Орусиянын курамында...—291-б.
[2] Молло Нияз. Санат дигарастар. —Бишкек, 1996.—99-б

шы ымалада болушкан. Мансаптуу жана мартабалуу элет адамдарынын Мадали эшен сыяктуу дин өкүлдөрүн өз конуштарына алып барышып, өзүнчө үй көтөрүшүп, бала окутушкандыктары ошол учурдагы кыргыз коому үчүн мүнөздүү көрүнүш эле.

Булактарда айтылгандай Мадали эшендин табыптык жайы да болгон. Ошондон улам дартына дабаа издешип, эшенге байма-бай каттаган элеттиктердин аягы үзүлгөн эмес. Айрым маалыматтарда көтөрүлүшкө чейин эшендин үйүндө ооганстандык табып эки жылча жашагандыгы жана Мадали табыптыкты ошондон үйрөнгөндүгү айтылат.

Мадали эшендин ханакасында 20-30 мүрүд дайыма жашап, бир күндө эшенге кол бергени 100дөн 500гө чейин адам салам берип, ар бири куру кол келчү эмес[1]. Эшенге келген адамдардын басымдуу көпчүлүгү кыргыздар жана башка элеттиктер болуп, алардын орус бийликтеринен көргөн запкылары жөнүндө арыз-муңун Эшен кунт коюп укчу[2].

Миңдөбөлүк эшендин зоболосунун, аброюнун уламдан-улам артып бара жатышы колониалдык бийликтерди кабатырга салган. Анын жөнү бар болучу. 1895-жылы Миң-Дөбөгө келип, Курманжан датканын эшенге кол берип, аны менен орустарга каршы козголоң баштоо жөнүндө кеңеш курган имиш деген каңшаар Орусия бийликтерин түпөйүлгө салды. Курманжан датканын уулу Камчыбектин орус бажыканасынын өкүлүн өлтүргөндүгү үчүн айыпталып, дарга асылгандыгы Курманжан, Дукчи эшен сыяктуу жергиликтүү калктын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн падыша өкмөтүнө каршы аракет баштоосуна

---

[1] *Атабек уулу Фазылбек*. Дукчи эшон вокеаси...—9-10-бб.
[2] *Атабек уулу Фазылбек*. Дукчи эшон вокеаси...—21-23-бб.

себеп болушу толук мүмкүн эле. Анын үстүнө элет кыргыздарында наразылык ансыз да күчтүү экендиги маалым эле[1].

Эл арасында диний, а мүмкүн саясий да, үгүт-насыят иштерин жүргүзүү үчүн Мадали эшен сопучулуктун (накшбандиячылыктын) традициялуу структурасын пайдаланган. Фергана өрөөнүнүн өзүнүн мүрүддөрү жашаган мерчемдүү жерлеринде (негизинен өрөөндүн чыгыш тоо этектериндеги элет жеринде) атайын орун басарларды (халифаларды) коюп, алар «жарандык» иштерди (өзгөчө сопучулук тапшырмаларды) аткарышчу, ал эми көтөрүлүштүн алдында бул халифаларга козголоңго катышуучуларды мерчемдүү жерлерге топтоо милдети жүктөлгөн[2].

1896-жылы Мин-Дөбөдөгү ханаканын жанындагы мунара кулап, мектептин жарымын басып калгандыктан мектептин сопусу баш болгон 23 бала каза болуп, 15 бала жаракат алат. Бирок бул окуяны дүрбөлөң түшүрбөй дароо басты-басты кылышып, өлгөн балдардын ата-энелерин жооткотушат. Окуяны текшерип келген пристав жана дарыгер эшенди доого жыгышпай, үч гана кишинин өлгөндүгү жөнүндө документ ырастагандыктары орус бийликтеринин Мадали эшендин аброю, кадыр-баркы менен эсептешүүгө мажбур болушкандыктарынан кабар берип турат.

Бирок баары бир полиция башчысы эшенди суракка алып, шаарга чакыртат. Маргаландагы сотто эшенге доо коюп, кун талап кылган кишилер табылбай, сот аны актоого аргасыз болот. Эшенди шаардын көчөлөрүндө анын жүздөгөн мүрүддөрү жеңиши менен узатышат[3].

---

1 Өзбекстандын жаңы тарыхы...—355-б.
2 *Бабаджанов Б.* Дукчи Ишан и Андижанское восстание ...—69-б
3 Өзбекстандын жаңы тарыхы...—355-б.

Уламдан улам жергиликтүү калкта аброю өсүп бара жаткан Мадали эшендин иши менен Түркстан генерал-губернатору өзү алектенип, Ташкент округунун сотунун өзгөчө маанилүү иштер боюнча тергөөчүсүнүн жетекчилигинде 12 кишиден турган комиссия түзгөн. 1897-жылдын 12-майында окуяны иликтөө жана эшен жөнүндө анык маалыматтарды алуу максатында Мин-Дөбөгө аталган комиссия келип, төргөө жүргүзөт.

Комиссиянын жетекчиси менен Мадали эшендин ортосундагы собол-жооптор колонизаторлордун эмнеден кооптонгондуктары жана түпкү максаттарынын эмне экендигинен гана кабар бербестен эшендин дүйнөгө болгон көз карашын, кимдерге сүйөнөрүн да көргөзүп турат.

Ушуга байланыштуу төмөндө суроо-жоопторду толук берүүнү чечтик.

«—Тергөөчү: *Падыша, азирэтине караштуу , кайсы мамлекеттерди көргөнсүз?*

—Эшен: *Өз кыштагымдан тартып Севастополь, Одесса, Крым, Кафа, Ашхабад, Узуната, Ташкенттерди көрдүм.*

—Тергөөчү: *Одесса, Севастопольдордо турган падыша азиретинин аскерлерин кандай баалайдыңыз?*

—Эшен: *Абдан зор, чоң, аскерлери көп.*

—Тергөөчү: *Башка падышалар, маселен англис жана ooган өлкөлөрүнүн кудуреттери жана аскерлери кандай? Түрк мамлекеттериникичи?*

—Эшен: *Булардын дараметтери жана аскерлери ак падышаныкынчалык көрүнбөдү. Түрк менен оогандар болсо, абдан начар, мүлктөрү аз, аскерлери Орусияныкындай кубаттуу эмес экен.*

—Тергөөчү: *Мынча дөөлөт жана имараттар атаңыздан калганбы же өзүңүз тапкансызбы? Эшен болордон абал кандай элеңиз, жер-сууларыңыз бар беле?*

—Эшен: *Атамдан бир кичине жай калган. Башка мүлк калган эмес. Бул мүлктөрдү 26 жыл ичинде ажыдан келгенимден кийин оболу кудайым жеткирди, экинчиден, падыша азиретинин өкүмдарлыгында эшен болгонумдан кийин өзүм жыйдым. Азыр да чынында дөөлөттүү эмесмин, бардык нерселеримди кудай жолуна, бей-бечараларга арнап койгонмун. Ушундай кылып кембагал-батырактар жыйылып калышкан. Ошолор менен эмне тапсак бөлүшүп жатабыз.*

—Тергөөчү: *Мүрүддөрүңүздүн баары кембагал адамдарбы же бай жана дөөлөттүү адамдарбы, кайсынысы көп?*

—Эшен: *Ар кайсыларынан бар. Байлар да кембагал да көп. Баарысы бизге бирдей бурадарларыбыз.*

—Тергөөчү: *Сизге кайсылары жакын. Байларбы же кембагалдарбы? Кайсылары тараптасыз?*

—Эшен: *Албетте, мага алдымда кызмат кылып турушкан кембагалдар жакшы.*

—Тергөөчү: *Падыша азиретинин үлкөндүгү жана аскерлеринин көптүгү жөнүндө өзүңүздүн билгендигиңизди буларга да айтып түшүндүрөсүзбү? Булар да билишеби?*

—Эшен: *Албетте айтабыз. Баарысы билишет.*

—Тергөөчү: *Император азиретинин жакындарынын ысымдарын билесизби? Мобул жүргөндөрдүн баары билишеби?*

—Эшен: *Ак падышанын ысымдарын адамдар Николай падыша деп жүрүшөт. Ушуну эшиткенбиз, булар да ак падыша деп билишет. Бирок жакындарынын наамдарын чындап билбейбиз.*

—Тергөөчү: *Мен приставга буюрамын. Падыша менен анын жардамчыларынын ысымдарын мусулманча жазып берет. Өзүңүз жана мүрүддөрүңүз, баарыңыздар билип, жат*

*кылып ар намазда дуба кылышыңыздар керек. Мындан кийин да ушундай кылыңыздар. Жада калса мектеп балдарына чейин билдириңиз. Окуп жаттап алышсын. Акимдердин бири сураганда дароо айтып берише турган болушсун*[1].

Сурак учурунда түрдүү кылмыш иштеринде бышып бүткөн, дасыккан тергөөчү канчалык чебердик кылбасын эшенди сөздөрүнөн жаңылдыра алган эмес. Орус бийлиги менен болгон бул таймашуу эшендин пайдасына оойт. Орус бийликтери конкреттүү күнөө коё алышпагандыктан, эшен жоопко тартылбаган[2].

Мадали эшендин сабаттуу, көптү көргөн адам болгондугун булактар да тастыктап турат. Мисалы, В.П. Сальков анын ханакасында 368 диний китептерден жана каллиграфиясы жогорку деңгээлде жазылган кол жазмалардан турган китепканасы болгондугунан кабар берет[3].

Анжиян көтөрүлүшүн даярдоо мезгилинде Мадали эшенге тиешелүү болгон дагы бир маселени айтпай кетүүгө болбойт. Көтөрүлүштүн алдында Фергана элдеринин «бул азаттык кыймылына Туркия султаны Абд ал-Хамид II (1876-1909) жардам берет имиш, аны уюштурган ушул Мадали эшен экен» деген сөз тарап кеткен. Кыймылга Туркиянын катыштыгы жөнүндөгү маселе көпчүлүк изилдөөлөрдө ачык бойдон калып келген. Көтөрүлүштүн тарыхына кайрылган изилдөөчүлөр бул багытта түрдүү көз караштарын билдиришкен. Алсак, Сенг-Заде: «Өзүнүн планынын салмактуулугун айкындоо үчүн Мадали Халифтен (Түрк султаны) анын мураскору

---

[1] Өзбекстандын жаңы тарыхы...—358-б.; *Атабек уулу Фазылбек.* Дукчи эшон вокеаси...—17-19-бб.

[2] Өзбекстандын жаңы тарыхы...—358-б.

[3] Ал китептер көтөрүлүш басылгандан кийин толугу менен Ташкент шаарындагы публикалык китепканага берилген. (Караңыз: *Сальков В.П.* Андижанское восстание...—36-37-бб.)

болуп жарыялангандыгы жөнүндөгү грамотаны алганмын деп жарыялаган»,—деп жазат. Андан ары ал: «Көпчүлүгү бул документтин ырас экендигинен дээрлик күмөн санашса да, Мадали өзү аны чыныгы документ деп түшүндүргөн. Бизге бул жагдай манилүү эмес, маанилүү жагы Мадали элди Түрк султанынын атынан аракеттенип жатам деп ишендиргенинде»,— деп белгилейт Сенг-Заде[1]. Мадалинин «Ибрат ал-гофилин» аттуу чыгармасында ал 39 жашка толгондо Ош шаарына барып, ал жерде үч күн, үч түн болгондугун, Ошто ага бир «асыл зат» адам жолугуп, ага алтын шакек бергендигин жазган. Бирок, анын ысымын көрсөткөн эмес. Оштогу айрым журт башыларынын сураныч менен эшен шаарга өзүнүн жеке каражатына жума күндөрү тамак жасап, колунда жок мусулмандарга таратып берүүчү бир үй кургандыгын белгилеген[2]. Мадали чыгарма колониалдык бийликтин өкүлдөрүнүн колуна түшүп калса, сыр айкын болуп калбасын деп, түрк султаны тарабынан берилген грамота жана байрак жөнүндө жазбаган чыгаар.

Көтөрүлүш басылып, тергөө башталган учурда бийликтер Мадали жана анын шакирттерине түрк султаны Абул-Хамид II тарабынан берилген алтын шакек, казаттын жашыл байрагын жана грамотаны алып келген «асыл зат» адамдын теги кашкарлык, ысымы Абд-ал-Карим (Абу-л-Макарим) ибн Мир Содик-кори (Кариев)[3] экендигин ырастагашкан. Аталган грамотага канчалык денгээлде түрк султанынын байланышы бар экендигин айтуу кыйын. Бирок, булактар белгилегендей, жасалма болсо

---

[1] *Сенг-Заде.* К 30 летию Андижанского восстания...—51-б.
[2] *Бабаджанов Б.* Дукчи Ишан и Андижанское восстание...—60-б.
[3] *Эгамназаров* Сиз билган Дукчи Эшон...—56-б.

да[1] казатка чыгууга мындай грамотанын зарылдыгы болгон. Көтөрүлүш жеңилгенден кийин Субанкул Араббай деген кыргыз көтөрүлүшчүнүн койнунан солдаттар куран китебин таап алышкан. Курандын ичинен «Мадали эшен Түрк султаны Абд ал-Хамид II нин халифи[2] болуп жарыялансын» деген биз сөз кылып жаткан иршад-нама кагазы табылган.

Көтөрүлүшчүлөрдүн үстүнөн болгон сурак процессинин жүрүшүндө сот органдары жогорудагы «асыл зат» адамды табууга жана документтин ырас же жасалма экендиктерин тактоого далай аракет жасалган[3].

---

[1] *Сальков В.П.* Андижанское восстание 1898 г....—45-б. Сөз кылынып жаткан иршад-наманын тексти Н.Остроумов тарабынан жарыкка чыгарылган. (Караңыз: *Остроумов Н.П.* Интересный документ....—126,171-бб.) Бирок жарыяланган тексттин даярдалышын карап туруп, анын чынында эле «жасалма» экендигине ынанбай коюуга болбойт деп көрсөтөт өзбек окумуштуусу Б. Бабаджанов. (Караңыз: *Бабаджанов Б.* Дукчи Ишан и Андижанское восстание...—61-б.

[2] «Халиф» — арабча кудайдын өкүлү деген түшүнүктү берет. Бул жерде Түрк султанынын Ферганадагы өкүлү деген мааниде.

[3] Ал маалыматтар жөнүндө кийинки бөлүмдөрдө сөз болот.

### Зиябидин Максым

Кыргыз тарыхнаамасы үчүн Анжиян көтөрүлүшүнө катышып, Дукчи эшен менен тыгыз байланышта жүргөн инсан, теги кыргыз Молдо Зиябидин Максымдын бейдарек бейнесин калыбына келтирүү чоң мааниси бар маселе.

1907-жылы жарык көргөн «Курманжан датка Алайлык кара-кыргыздардын ханышасы» аттуу макаланын автору И.П.Ювачев 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшү жана анын жетекчиси Мадали эшен тууралуу жазып келип: «Жогорудагылардын баарын тең эшен эмес, башында Кокон сарайынын иш башкаруучусу (же мырзасы), Молдо Магзум турган, анын тегерегиндегилер уюштурган. Козголондун чыгышын да негизинен ошондон көрүшөт»[1], —деп баса көргөзгөн.

Дагы бир изилдөөчү Н.Ситняковский мындай пикир билдирген: «Молдо Зиябидин мыкты кескич да болгон, өз кезегинде көпчүлүк жасалма мөөрлөрдү жасагандыгын айтышат. Туземдиктер мага эшендик даража жөнүндөгү кагаздагы мөөрдү Зиябидин жасагандыгын кыйытышты. Бул кексе козголоңчу Мадалиникинде жашап, анын жакын кеңешчиси жана казыначысы да болуусу керек. Көп адамдар көтөрүлүштү Зиябидин жетектеп, ал эми Мадали анын жөн гана куралы болгон деп ойлошот. Эмне болгондо да Анжиянга кол салууда ага чоң роль таандык болгон»[2].

Келтирилген маалыматтарга таянып, «көтөрүлүштүн көмүскөдөгү жетекчиси теги кыргыз Молдо Зиябидин

---

[1] *Молдокасымов К.* Стамбулдагы кол жазманын автору ким? /Заман Кыргызстан.—2000-ж. 28-июль.

[2] *Ситняковский Н.* Минтюбинский Ишан Мухамед-Али. //Туркестанские ведомости. —1899. —№1724.

Максым болгонбу?» деген суроо жаралбай койбойт. Анткени, көпчүлүк булактарда Зиябидин Максымды көтөрүлүштүн «жаны»[1] деп эскеришет. Ал эшендин кеңешчиси катары көтөрүлүш жөнүндөгү өзүнүн пикирине Мадали эшенди көндүргөн болушу ыктымал.

Мадали өзүн эшендик даражага жеткирген Зиябидин Максымдын кеңеши менен иш туткандыгын төмөнкү эскерүүдөн да байкоого болот. Мадали эшендин жээни Исаков Керимкул мындай деп эскерген: «Менин жашым 64тө. Дукчи эшен таякем болот. Мечиттин мунарасы кулап, бир нече молдо балдар каза болгондо, Дукчи эшенди губернатор сурак кылган[2]. Таекебиз көбүрөөк Зиябидин Максымдын масилээти менен иш туткан. Зиябидин Максым кыргыз болуп, жашында Кокон, Бухара медреселеринде окуган. Кудаярхандын сарайында казыначы болгон. Анын беш баласы бар эле»[3].

Эскерүүдө айтылгандай эле Зиябидин Максым кезегинде Кокон ордосунда кызмат кылган жана көтөрүлүштөргө катышкан. Бул жөнүндө В.П.Сальков: «Бул (Зия-бидин Максым) жашы 80ге чамалап калган, кары болсо да чыйрак, тажрыйбалуу жана таасирдүү үгүтчү болгон. Ал Кокон хандары Малла, Мадали, Кудаярхандарга каршы көтөрүлүштөргө активдүү катышкан жана Полот хандын жакындарынын катарында болгон. Бирок, бул капсаландардын баарынан зыян тартпай, запкы көрбөстөн чыккан»[4],-деп жазат.

Ал эми Орусиянын Орто Азияны басып алуусун изилдеген генерал-лейтенант М.А.Терентьев да Анжиян көтөрүлүшү тууралуу изилдөөсүндө Мадали эшендин

---

[1] *Т- ов. С.* Андижанское восстание и его причины...-188-б.
[2] *Эгамназаров А.* Сиз билган Дукчи Эшон...—113-б.
[3] *Эгамназаров А.* Сиз билган Дукчи Эшон...—113-б.
[4] *Сальков В.П.* Андижанское восстание 1898 г.... —36-б.

бардык чарбасында жана китепканасында Зиябидин Молдо баш-көз болгонун, ал акыркы Кокон ханынын катчысы катары кызмат өтөгөнүн эскерет[1]. Жогоруда аталган орус изилдөөчүсү В.П. Сальков: «Эшендин көптөгөн шакирттери бар болчу. Алар бир эле мезгилде анын эң ишенимдүү кызматчылары да болгон. Алардын арасынан жөндөмү жана тубаса акылы менен Молдо Зауддинь Магзумь аттуу кыргыз өзгөчө айырмаланып турган. Ал өтө маанилүү инсан»[2] - деп көрсөтөт. Мадали эшендин «эшен» экенин далилдеген атайын документ болгонун, аны эшендин ишенимдүү шакирти, кыргыз аалымы — «Молдо Зияуддин Магзуми» жасап бергенин айтат. Сөз кылынып жаткан эмгекте Магзуминин теги кыргыз экени эки жолу ачык көргөзүлгөн.

Зиябидин Максым кыргыз элинин көрүнүктүү жазгыч-акыны Молло Нияздын[3] санаттарында да эскерилет:

«Голо темир, коргошун
Ок болгонго күйөмүн.
Зиябидин Максымдар
Жок болгонго күйөмүн»[4].

Белгилүү тарыхчы К.Усенбаев Мухаммед Зияуддин Максум-Дамулла Шариф оглы деп, Магзуминин толук аты-жөнүн келтирген[5].

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания Средней Азии.Т.3.— СПб.,1906.—478-б.

[2] *Сальков В.П.* Андижанское восстание 1898 г...—10- б.

[3] Молло Нияз (1823—1896(98) — кыргыз элинин түштүк жергесинен чыккан улуу гуманист, агартуучу жана жазгыч акын. Молдо Нияздын өлгөн жылы талаш маселе. Изилдөөчүлөрдүн басымдуу көпчүлүгү аны 1998-жылы Анжиян көтөрүлүшүн көрүп анан өлгөн дешет. Биз акын 90-жылдарда Дукчи эшенди көрүп-билип жүргөндүгүн тастыктайбыз.

[4] *Молло Нияз.* Санат дигарастар... —96-б

[5] *Усенбаев К.* Народные движения Средней Азии... —117-б.

Жогорудагы жазма даректер жана эскерүүлөр баяндагандай, Зиябидин Максым теги жагынан кыргыз болгондугун жана Кокон ордосунда мырза башы, казыначы болуп иштеп, ордодогу окуяларды кагаз бетине түшүрүп жазгандыгын баса белгилөө менен биз, аны **XIX кылымдагы билимдүү кыргыз окумуштуу-тарыхчысы** катары көрсөтүүбүз абзел.

Зиябидин Максымдын кол жазмасы кыргыз тарыхчысы А.Мокеев тарабынан 1992-жылы Стамбул университетинин китепканасынан табылган. Бирок кол жазманын автору Магзуминин ким экендиги такталбай келген. Бул маселени изилдөөгө алган белгилүү тарыхчы К.Молдокасымов мындай пикирди айтат: «Эң башкысы анын көлөмдүү кол жазмасы Стамбул университетинин китепканасынан табылып, анын теги ким болгондугу такталып олтурат. XIX кылымда Кокон хандыгындагы чиеленишкен саясий окуялардын күбөсү болуп, аларды кагазга түшүргөн кыргыз элинин чыгаан уулдарынын бири Зияуддин Максум эмгегинин түп нускасын Түркиядан келген Абдурахман Эфендиге 1888-жылы берип жатып, китепти 22 жыл бою жазып келе жатканын, аны Кудаяр-хандын өтүнүчү менен баштаганын, эми кол жазма ээсиз калып, хандын балдары ал китептин баркына жетпегенине арманы бар экендигин айтып, кол жазмасын аяктаган»[1].

К. Молдокасымов Молдо Зиябидин учурунда Кокон хандарынын тарыхына байланыштуу эмгек жазгандыгын жана теги кыргыз болгондугун айтып келип, бирок анын кай жерлик экендиги, дарегинин чоо жайы тактала элек деген пикирин айткан эле. Бирок изилдөөлөрдүн натыйжасында, анын колониалдык мез-

---

[1] *Молдокасымов К.* Стамбулдагы кол жазманын автору ким? /Заман Кыргызстан.–2000-ж. 28-июль.

гилдеги Фергана областынын Анжиян уездинин Ичкилик болуштугунун Жүлгө кыштагынан экендигин тактоого мүмкүн болду[1].

Колуңуздардагы китеп даярдалып жаткан учурда жарыкка чыккан макаласында тарыхчы К.Молдокасымов В.П.Сальковдун эмгегине таянуу менен Зиябидин Максымдын кай жерлик экендигин тактоого аракеттенип, Жүлгө кыштагын мурунку орусча аталышы менен «Джумча» деп берген[2]. К.Молдокасымовдун «Кыргыз тарыхчысы Кокон ордосунда кызмат өтөгөн» (Эркин Тоо.—2001-жыл, 20-июль) деген макаласына жооп кылып, «Эркин Тоо» гезитинин үстүбүздөгү жылдын 5-сентябрындагы санына Зиябидиндин урпактарынын, туугандарынын бири *Муктар Бостонбаев* «Тарыхый чындыктын такталышын күтөбүз» деген кайрылуу-макала жазып чыкты. Андагы маалыматтар боюнча Зиябидин Максымдын (Мухаммед Зияутдин Махсум-Дамулла Шариф Оглы) атасынын аты Мухаммед Шарип же Мамашарип болгондугу, Максым деген сөз беш-алты атасы молдо болуп өтсө, андай инсанга «максым» деген наам берилери, ал эми Зиябидиндин жети атасынан бери аталары молдо болушуп, анын кийинки урпактары да, мисалы, анын уулу Сражидин Максым Букарадан окуган чоң молдо болгондугу, Зиябидин кыргыздардын ичкилик бөлүгүнүн дөөлөс уруусунун айтамга уругунан экендиги, жашаган жери азыркы Ноокат районунун Төөлөс айыл өкмөтүнүн Айтамга айылы же мурунку Жүлгө айылы болгондугу такталып олтурат[3].

---

1 *Сальков В.П.* Аталган эмгекте. 36- б.

2 Караңыз: *Молдокасымов К.* Кыргыз тарыхчысы Кокон ордосунда кызмат өтөгөн.// Эркин Тоо.—2001-жыл, 20-июль.

3 Караңыз: *Бостонбаев М.* Тарыхый чындыктын такталышын күтөбүз.//Эркин Тоо.—2001-жыл, 5-сентябрь.)

## Көтөрүлүштү даярдоо

1896-жылы Кетмен-Төбө, Көк-Арт жактагы эл башчылары падышанын колониалдык саясатына каршы биринчи жолу Көк-Артта топтолушат.

Аларга Шадыкан баатырдын небереси жетекчилик кылат. Көпчүлүк өздөрүнчө бир бүтүмгө келе алышпай, акылдашып олтурушуп, жыйырма беш кишини Мадали эшенге жиберүүгө токтолушат[1]. Булактарга караганда, Мадали эшен алардын арыздарын угуп: «Туугандар! Азыр убакыт эмес, бир аз чыдап тургула. Асти бул Николайдын зулумунда калбайбыз. Мен өзүм баш болуп, балким шаар калкын да өзүбүзгө жар кылып, ишти бир жолдо баштайбыз»[2],—дeп кандуу казатка уруксат бербестен, «шаардыктар да күрөшкө даяр болгончо» көтөрүлүш чыгарбай туруууга макул кылдырып, чогулгандарды таркатып жиберет[3].

Бул окуядан кийин элеттиктердин деми басылып калган эмес. Тескерисинче, эртеби-кечпи баары бир келгиндерге көрүнөбүз» деген кыязда опузалоолор, каршылашуулар кайрадан күчөгөн.

1897-жылдын март айынын башында Көк-Артта кетмен-төбөлүк жана көк-арттык миңдей адам топтолуп, белгилүү бир байдын жаназасында Чыйбыл болуштун жана Найып Рахматтилланын жетекчилиги астында Фергана өрөөнүндөгү орус кыштактарында жашаган «мужуктарга» кол салмакчы болушуп, бул жолу да Мадалиге кабар айттырып чабарман жиберишет. Ал тез эле

---

[1] *Атабек уулу Фазылбек.* Дукчи эшон вокеаси...—22-б.
[2] *Атабек уулу Фазылбек.* Дукчи эшон вокеаси...—22-б.
[3] *Кененсариев Т.* Кыргызстан Орусиянын курамында. // Кыргызстандын эң байыркы мезгилдерден XIX кылымдын соңуна чейинки тарыхы.—Бишкек, Кыргызстан-Сорос фонду,1998.—292-б.

Көк-Артка жете келип, топтолгондордун демин басып, көтөрүлүшкө али эрте экендигине аларды ишендирип кайра кетет[1].

Мин-Дөбөгө келери менен Мадали Фергана өрөөнүнүн мерчемдүү жерлериндеги журт башыларына «газаватка» чакырган каттарды жиберет. Бул Мадали эшендин көтөрүлүштү уюштуруу аракеттеринин бири болучу. Эшендин жазган каттары жооп талап кылынуу менен Анжиян мечитинин имамы Мухаммадалибай Холмирзабай уулуна, мударистери Самий ахун жана Холикберди ахунга, Ошко Курманжан датка жана анын уулдарына, Якуб ахунга, Маргаланга Мухаммадюсуф эшен менен Сайид Ахмад кожолорго, Наманганга Яхяхан төрөгө, Кодиркожо ажыга жана башка эл сөзүн уга турган улуктарга жиберилген[2]. Каттар менен кошо эл арасына «газават» үндөөсүн таратуу үчүн атайын жыгач штамп жасалгандыгы жөнүндө булактарда маалыматтар бар[3].

Көк-Арт, Кетмен-Төбө тараптагы кыргыздардын эл башчылары өздөрү бул иштин демилгечилери болушкандыктарынан улам, бул окуядан катсыз эле кабардар эле. Кат-кабар алышуулар менен бир убакта жер-жерлерде финансылык каражаттарды топтоо иши да жүргөн. «Ушул максатта Түркстандын бир катар райондорунда, кала берсе алыскы Жети-Суруга акча топтоо үчүн эшен-

---

[1] *Фазилбек Атабек уулу*. Дукчи эшон...—22-б; *Кененсариев Т.* Кыргызстан Орусиянын курамында...—292-б.

[2] *Атабек уулу Фазылбек*. Дукчи эшон... —24-25-бб.

[3] *Атабек уулу Фазылбек*. Дукчи эшон... —24-б.; *Пантусов Н.* Краткое сообщение о задержании в Верном перед Андижанским восстанием 1898 г. «мусульманских Эмиссаров» и об отобрании у них деревянных штампов для печатания листовок.//Записки Восточного отделения (Русского императорского) археологического общества.—№ 14/4, 1902.—15-16-бб.

дин мүрүддөрү жиберилген. Буга кошумча жергиликтүү ири капиталисттерге өткөн он беш жылга зекет төлөө боюнча анонимдүү каттар жөнөтүлгөн»[1].



Көчмөндөрдүн жана отурукташкан калктын колдоосуна ишенген Мадали газаватка үндөгөн чакырык каттарды таратууну уланта берген. Кат жиберилгендердин басымдуу бөлүгүн өзбектер менен кашкарлыктардын ири уруу башчылары түзүшкөн. Алардын көбүнө Мадали эшен өзү кол коюп жөнөтүп турган. Каттарга болгон мамиле ар түрдүү болгон. Кат алышкан айрым эл башылар көтөрүлүш идеясын толук колдоого алган менен, басымдуу көпчүлүгү куралдын аздыгына, элдин даяр эместиги-

[1]*Сенг-Заде.* К 30 летию Андижанского восстания 1898 г.// Революция в Средней Азии. Книга 1. —Ташкент,1929.— 52-б. Автор «капиталисттер» деп орус бийликтерине ык салган жергиликтүү байларды айтып жатат. Колониялык бийликтердин таянычы катары алар дин жамааттарына зекет төлөөдөн баш тартышкан.

не шылтоо кылып, сөз жүзүндө колдогону менен, иш жүзүндө кыймылга катышуудан баш тартышкан. Ал эми алардын бир даары караманча каршы болушкан[1].

Маселен, Мадалинин Анжиян шаарынын улемасы Махмудалибайга жазган катына мындай жооп келген:

*«Мусулмандардын эч бири бул залимдердин эзүүсүндө калууну каалабастыр. Шаарлар өзбектерге тар болгондой, тоолор кыргыздарга, элатияга тар болду, балким Түркстан мусулмандарга тарлык кылды. Эмне кылабыз, ылаажыбыз жок. Колубузда эч нерсе жок. Жетээрлик жарак жана казына жок. Эмнеси болсо да иштин акыбетин ойлоп, бейбечаралардын тилегин кылуучуларды колдойбуз, — деп мискин жана карып Махмудали»*[2].

1897-жылдын март айында[3] Мадали эшен өрөөндүн көп улуттуу калкынын уруу башчыларын, өкүлдөрүн чакырып, көтөрүлүштү кантип баштоо керек, кантип даярдык көрүү керек деген суроолордун тегерегинде жыйын курат. Чыйбыл болуш, Мухаммадалибек баш болгон Көк-Арт, Кетмен-Төбө, Кашкар тараптардан келген өкүлдөр эки күн элдин жыйналышын күтүшкөн. Жыйынга катышкан кыргыз төбөлдөрүн Мадали эшен келген каттар менен тааныштырган жана «шаардыктардын Орусия бийликтеринен коркуп кыймылга кошулуудан баш тартышкандыктарын» элеттиктерге ачык билдирген[4].

Ошентип, Фергана өрөөнүнүн чоң шаар-кыштактарынан, айрыкча отурукташкан калктын өкүлдөрүнүн

---

1 *Атабек уулу Фазылбек.* Дукчи эшон... —24-25-бб.

2 *Атабек уулу Фазылбек.* Дукчи эшон... —25-б. Мындай каттардын көбү көтөрүлүш жеңилгенден кийин Дукчи эшендин жеке буюмдарын аңтарган учурда табылып, андагы тизме боюнча көп адамдар жазаланган. Караңыз: *Атабек уулу Фазылбек.* Дукчи эшон... —24-25-бб.

3 Фазылбектин маалыматы боюнча бул жыйын шавваль айынын 15инде (9-март) өткөн. (*Атабек уулу Фазылбек.* Дукчи эшон... —25-б.)

4 Өзбекстандын жаңы тарыхы...—360-б.

жыйынга келбей койгондугуна байланыштуу[1] негизги маселе — көтөрүлүштү баштоо мөөнөтү чечилбей калат да, козголоң болжолдуу түрдө кийинки 1898-жылдын май айында уюштурулсун деген чечим чыгарылат[2].

Ошентсе да, жыйын бир топ маселелерди тактоого жетишкен. Мисалы, элеттик кыргыздар көтөрүлүштү жетекчисиз баштоого болбой тургандыктарын айтышып, болочоктогу көтөрүлүшкө башчы болуп берүү үчүн кыргыздарга гана эмес, отурукташкан өзбек, тажик жана башка элдерге кадыры бар Мадали эшенди көрсөтүшөт. Сыягы, элеттин эл билермандары күрөшкө тоолуктарды эле эмес, отурукташкан калаа калкын да кошуп, түп көтөрүлүү мүдөөсүн көздөгөн болуулары керек.

Бул сунушка макул болгон Мадали эшен казатка чыгууга ант берилген жашыруун жардыкка көтөрүлүшкө башчылык кылууга даярдалып жаткан он эки журт башчысынын колдорун койдуруп, ал келишимди 13 мөөр менен тастыктаткан.

---

[1] Дукчи эшендин «Ибрат ал-гофилин» деген китебинин негизги максаты кыргыздар, кыпчактар, кашкарилер жана түрктөрдөн турган жөнөкөй адамдарды «шариаттын оң жолуна» үндөө болгон. Аталган эмгекте эшен ислам дининин ыйык өкүлдөрү болушкан укумдан тукумга чейинки эшендерди, кожолорду, төрөлөрдү, сейиддерди, байларды жана соодагерлерди шариаттын таламдарынан чыгып кеткен адамдар катары сүрөттөп жазган жана аларга каршы кандайдыр бир оппозицияда турган. Ошондуктан Дукчи эшенди Фергана өрөөнүндөгү салабаттуу эшен-калпалар, кожолор, медреселердин имамдары жана уламалар жакшы көрчү эмес. Б.Бабаджановдун пикири боюнча мына ушул жагдайдын кесепетинен олтурукташкан калктын негизги катмарын түзгөн оокаттуу шаардык сарттар жана өзбек уруу башчылары Дукчи эшендин газават ураанын көтөрүлүш башталар алдында колдошкон жок. (Караңыз: *Бабаджанов Б.* Дукчи Ишан и Андижанское восстание...—61-б.)

[2] *Атабек уулу Фазылбек.* Дукчи эшон...—22-б

Алар:

1. Анжиян областынын Ичкилик болуштугунун башкаруучусу (болушу) Бакир Нурматов. (же Баатыр миңбашы Нармат уулу).

2. Анжиян областынын Ичкилик болуштугунун казиятына (эл соту) кандидат Акмат молдо Наиб Мирза уулу.

3. Хаитбай (же Айтбай) токсобо.

4. Айыл башчысы Молдо Касым Амин. (аягында мөөрү көрүнбөйт.)

5. Орзикулбай (же Арзыкул) пансад.

6. Мухаммад Иброхим токсобо пансат, эки мөөр.

7. Кулу болуштугунун болушу Молдо Гайыпназар Артык уулу.

8. Алибек датка.

9. Гайыпхажи (же Кайып кожо) Мухаммад Мурат уулу.

10. Сатыбай Мырза.

11. Зиевуддин Максум Мухаммад Шариф уулу (же Зиябидин Максым Мамашарип уулу).

12. Өмүрбек датка[1].

Сөз кылынып жаткан газоватка үндөгөн ант келишим баракчасында мындай деп жазылган эле:

*««Алла жок жерден он сегиз миң ааламды жаратып, инсанга эң келишимдүү келбетти берди, аны жалпы жанзаттардын төрөсү, Адам атаны болсо халиф кылып көтөрдү. Бүтүн ааламды Алла таала пайгамбарыбыз үчүн жаратып, аны эң жакын кишисине айландырды. Жана ал азиретини тактыга олтурузду да, ушундай өтүнүч кылды: «Эй пайгамбар! Кайрыдиндер жана ыйман келтирүүдөн баш тарткандар менен согушасың». Мында, сага ишенгендерге жана жакын болгондорго жаннат убада кылынды. Чарыярлар калкка насаат кылып кайрылышты: «кимде-ким казат жолунда өз мүлкүн жана тагдырын Алла таала менен*

[1] *Терентьев М. А.* История завоевания... —Т.3....—467-б. *Эгамназаров А.* Сиз билган Дукчи Эшон... —66-б.

*пайгамбар үчүн курман кылса, ушулар сыяктуу болушат». Алар ынсабы жок пенделерди тыюу үчүн китеп жазышты жана бизге эстелик сыпатында калтырышты. Ушундай экен, өзүбүздү Алланын кулдары жана пайгамбардын үммөттөрү эсептей турган биздердин, албетте казат кылуулары ылаазым. Биринчиден, Алла жана пайгамбар жолундагы бул ыйык урушта биз жеңип чыгуубуз, экинчиден, өмүрүбүздү курман кылуубуз керек*

*Биз жогоруда өз мөөрлөрүбүздү баскандар каламолдону (куран китеп) коюп, Алла жана пайгамбарга касам кылып, калпабыз менен шартнаама түздүк. Ушундан кийин айтканыбыздан кайтып, шайтандын тилине кирип, же ширин жаныбызды сакташты ойлоп, коркуп, убадабыздан кайтып, аны аткарбасак тозокко түшөйлүк, эки дүйнөдө жүзүбүз кара болсун, кыямат күнүндө шерменде бололук.*

*Бул сөздөрдү тастыктоо үчүн өз мөөөрлөрүбүздү бастык»*[1].

Жыйналгандар көтөрүлүштүн башталаар күнүн так белгилөөнү, жер-жердеги таасирдүү адамдарга кабар айттыруу жактарын Мадалиге тапшырышып, сырды бекем сактоого убада кылышып, тарап кетишет. Мындан шексинип калышкан колониалдык бийликтин өкүлдөрү өткөрүлгөн жыйын боюнча сурак жүргүзө баштаганда, мусулман адаты боюнча кудайыга келгендиктерин билдиришип кутулушат.

Ошентип, көтөрүлүштү уюштуруунун акыркы этабы башталат.

Мадали эшендин кандайдыр бир ишке кам көрүп

---

[1] *Эгамназаров А.* Сиз билган Дукчи Эшон... —31-б.; *Муса Туркистаний.* Улуг Туркистан фожиаси. —Мадина, 1979. —107-108-бб. (Шилтеме «Өзбекстандын жаңы тарыхы...» китебинин 361-бетинен алынды.

жатканынан колониалдык бийлик ээлеринин айрым өкүлдөрү жана элет аймагында оторлошкон келгиндер бул жыйынга чейин эле шек санай баштапкан. Бул боюнча Асаке аймагынын приставы Маргалан уезддинин башчысына төмөнкүдөй билдирүү жөнөткөн.

***Улуу даражалуу Маргалан уездинин башчысына Асаке аймагынын приставынан рапорт***

*1897-жыл, 15-декабрь*

*Улуу даражалуу Сизге мындайча маалымат берем. Менин карамагыма тапшырылган Асакеге караштуу Миңдөбө кыштагында мындан 25 жыл илгери келип орношкон түбү миңдөбөлүк «Мухаммадали эшен» деген бир киши эшендик кылып турган болсо да, бул күндөрдө абдан күчөп, тоодогу бүт кыргыздарды өзүнө тартты. Угушума караганда, мүриддери он миңден ашкан болуу керек, алар эшенге ушунчалык берилгендиктен, бир күндө чогул деп буйрук кылса дароо чогулушат. Эгер мындай боло берсе, Иран эшендериндей Россия мамлекетине каршы көтөрүлүш чыгуусу ыктымал.*

*Андыктан өкмөт башчылары өз буйрук көрсөтмөлөрүн берүүгө кашаңдык кылбаса. Анткени, ал короосуна бир чоң мектеп ачып, болжолу 250гө жакын балага үч мугалим салып, дайыма окутуп келе жатат. Булар аз күндө окуп чыгышса, көптөрүн Истамбулга жиберип окутмакчы имиш. Кандай болсо да буларды айкындоо зарыл. Бул убакка чейин Сиздер тарабынан эч кандай көрсөтмө болбогондуктан, аракетсиздик болуп келинди. Эми болсо, менин пикиримче, этият болуу зарыл. Ошол жагын эске алуу менен Сиздерге маалымдадым.*

***Участкалык пристав ( Чанышев)***[1]

---

[1] Автор бул рапорттун түп нускасын ошол убакта Асаке приставында мырзабашылык кылган Мырза Эгамберди Бабарахим уулунун китепканасынан табылгандыгын эскерткен. Караңыз: *Атабек уулу Фазылбек*. Дукчи эшон... —15-16-бб.

Фазылбек Атабек уулунун жазганына караганда кийинки жылы, эрте жазда (1898) көгарттыктар кайрадан эшенге келишип, убадасын орундатып газаватка уруксат берүүсүн талап кылышат[1]. Кыймылдын али даяр эмес экендигин Мадали эшен сезип турса да, көтөрүлүштү баштоону караманча талап кылып туруп алган тоолуктардын мизин кайтара албай, эшен аргасыздан көтөрүлүштү апрель айында баштоого токтолот.

1998-жылдын апрель айы ыйык рамазан (орозо) айы болгондуктан, эшендин айланасында мүрүддөрү, калпалары көп топтолушкан болучу. Топтолгондорго дүйнөдө болуп жаткан окуялар, дыйкан-кулактардын, оторчулук бийликтин зомбулуктары жөнүндө сөз болуп, мындай жыйындарды Мадалинин жакын адамы Зиябидин Максым башкарып турган.

Орус изилдөөчүлөрүнүн эмгектеринде: «Эшендин үйүндө көпчүлүк шакирттери катышкан жыйналыштар болгон. Жыйындарга эшен өзү катышкан эмес, анын жакындары өткөрүшкөн, маселен, анын эң жакыны жана казыначысы, досу Молдо Зиябидин активдүү аракеттенген», — деп жазылат[2].

Көтөрүлүштү апрель айында баштоо сунушу элеттик эл башчылардын көңүлүнө анчалык туура келген эмес. «Жаз алды менен аттарыбыз кубатына кире элек, ошондуктан бир аз күтүп туруубуз керек» деген пикирлер айтылат. Бирок, чогулгандар бир аз талаш-тартыштан соң күрөшкө чыгуу күнү деп 18-майды белгилешет.

Апрель айынын аягында Мадали эшен Курбанбай Умарбаев деген кыргызды өзүнүн калпасы деп жарыялап, аны менен бир болуштукта турган Курбанкул Саттаровго мөөр басылган 190 чакыруу катты берип, элдерге тара-

---

[1] *Атабек уулу Фазылбек.* Дкчи эшон... —25-б.

[2] *Ювачев В.* П. Курбан-Джан-Датха... —662-б.

тууну буюрат. Эки-Суудагы (Нарын жана Кара-Дарыя сууларынын аралыгындагы) кыргыздар көп жашаган болуштуктарга таркатылган жүздөн ашуун каттарда Миң-Дөбөгө жакын жерде топтолуу жөнүндө көрсөтмө берилген[1].

Көчмөндөр арасында бул чакырык кызуу кубаттalгандыгы Курманжан даткага маалым эле. Миң-Дөбөгө жакын аймакка топтолуу жөнүндөгү кабар Алай канышасы Курманжан даткага да жеткендигин, а мүмкүн Мадали эшен Датка менен көзмө-көз жүз көрүшүп көтөрүлүш жөнүндөгү оюн айткандыгын божомолдоого болот.

Мадалинин жана көтөрүлүштүн элеттик демилгечилеринин Алай канышасынан үмүттөрү чоң болуучу. Анткени, алар 1895-жылы орус бийликтери Курманжан датканын өтүнүчүнө карабастан уулу Камчыбекти өлүм жазасына буйрушкандыгына байланыштуу Датка көтөрүлүштү колдойт деп ойлошкон. Чакырыкты Курманжан датка көпчүлүк күткөндөй эмес таризде кабыл алып, Алай аймагындагы элеттин жакшыларына Мадалинин кашына барууга тыюу салат. «Ийикчи бөөдө кырдырат. Ал элди орустардын куралы менен огуна салып берет. Мен тирүү турганда мындайга жол бердирбейм. Менин кимге кадырым бар болсо, ал миң-дөбөлүк акылсыздын артынан барбайт»[2], –деп, дүрбөгөн элди басып коёт.

Сыягы, айтылуу Алай ханышасы орус бийликтери менен жакшы алакада болгондугу үчүн гана эмес, бөөдө кан төгүүнүн пайдасыз экендигине көзү жеткендигинен улам Алай аймагын көтөрүлүшкө катыштырбай, алаамат-

---

[1] *Эгамназаров А.* Сиз билган Дукчи Эшон...—30-б.

[2] *Газиев А.* Страницы истории.//Слова Кыргызстана.—1991.—11.05.

тан аман алып калган болуусу керек. Элеттин айрым эл башчылары да ушундай көз караште болушкан. Ошондон улам көтөрүлүш элеттиктердин арасында байыртан келе жаткан уруулук принципте жана айрым инсандардын көз-караштарына, жеке кадыр-баркына ылайык жүрдүбү деген да ой пайда болот.

Көтөрүлүштүн очогу болгон Көк-Арт өрөөнүнөн бир бел бери жайланышкан Чаңгет, Зергер, Ийри-Суу аймактары да 16 жашында Кандын коргону деп аталган жайга сейилге келген Мадали хандан бий наамын алган, Кокон ордосуна чейин «Чоку бий», «Бала бий» деген ысымы менен белгилүү болгон инсан Жакып Молдо Жанболот уулунун[1] сөзү менен көтөрүлүштүн капшабынан сыртта калган[2]. Ошондон улам аталган өрөөндүктөр жазалоо учурунда анчалык жабыр тартышпаган.

---

[1] *Акбаралы Мусабек уулу, Ашым Мамат уулу.* Чоку бий.(Тарыхый очерк).—Жалал-Абад, 1997.

[2] Белгилүү санжырачы маркум Абдишарип Тургунбай уулунун айтымында Чоку бий 1865-жылдагы Ташкенттин алдындагы М.Г. Черняев менен болгон согушта кадимки Алымкул аскер башынын кошуунунда, кийин 1873-74-жылдары Мамыр Мерген уулунун, Искак Асан уулу Полот хандын көтөрүлүштөрүнө катышкандыгы эскерилет. Кезегинде Кокон ордосунун кыйындары менен эсептешип иш туткан, табиятынан бейпилдикти сүйгөн Чоку бий Чаңгет өрөөнүндөгү элди ордо оюндарынан алыс кармап келгендиги, ыркы жок элди ынтымакка, бейжаңжалдыкка чакырып жүргөндүгү булактарда айтылат. (Караңыз: *Акбаралы Мусабек уулу ж.б..* Чоку бий...)

## Көтөрүлүштүн башталышы

14-май күнү кечинде Мадали эшендин үйүндө жыйын өткөрүлүп, ага Фергана өрөөнүнүн, негизинен элет болуштуктарынын өкүлдөрү катышат. Бул жыйында Маргаландагы орус аскер лагерине чабуул коюу Ичкилик болуштугунун башкаруучусу Бакир Нурмат уулуна жана Иноятхан төрөгө, Оштогу аскер лагерине — Бекмурат уулу Өмүрбек даткага тапшырылып, Анжияндагы аскер гарнизонуна болсо, Мадали эшендин өзү менен Кайыпназар, ошондой эле Зиябидин Максым баштаган топ кол сала тургандыгы чечилет. Мындан тышкары Анжиян уездинин Көгарт болуштугунун башчысы Чыйбыл Абдуллабиевдин жана Атакул Паңсат Ханназар уулунун жетекчилиги менен жергиликтүү көтөрүлүшчүлөр Кара-Кол кыштагына кол салып, ал жерде жайгашкан казак-орустардын отрядын талкалап, тоо арасындагы токойчуларды жана бал челекчи оторчуларды жок кылган соң, Анжияндагы көтөрүлүшчүлөргө жардамга келүүлөрү аныкталат. Ушундай эле отряддарды Асакеде, Наманганда түзүү да пландаштырылган. Ноокат аймагындагы козголушка баш-көз болуу Өмүрбек даткага тапшырылат[1].

Анжиян көтөрүлүшүнүн тактикалык планы мына ушундай болучу. Көрүнүп тургандай, көтөрүлүштү абдан кеңири аймакта чыгаруу ойлонуштурулган. Аны бүткүл жергиликтүү элет жериндеги шайланма администрация[2],

---

[1] *Федоров Е.* Очерки национально-освободительного движения в Средней Азии. —Ташкент,1925.—13-14-бб; *Эгамназаров А.* Сиз билган Дукчи Эшон... —31- б.; *Кененсариев Т.* Кыргызстан Орусиянын курамында... 292-б.

[2] 1886-жылкы Түркстан крайын башкаруунун Жоболорунун негизинде болуштук башкаруунун (волостное управление) башчылары — болуштар жергиликтүү калктын өкүлдөрүнөн жашыруун шайлоонун негизинде бийликте турушкан.

көчмөндөр жана отурукташкан калктын көпчүлүгү, ошондой эле шаардык калктын да айрымдары колдоп чыгышкан. Калктын кыймылга болгон ишениминин жогорулугун ал жөнүндө 17-майга чейин жергиликтүү бийлик адамдардан эч кимдин орус колониялык бийликтерине көтөрүлүш жөнүндө маалымат бербей тургандыгынан да көрүнөт.

14-май күнкү чечүүчү жыйында ырасталган бул бүтүмдө биринчи кезекте аскер бөлүктөрү турган шаарлардагы гарнизондор талкаланса, күрөштү бүт Түркстан чөлкөмүнө жайылтуу планы көздөлгөндүгүн дароо эле байкоого болот. Көтөрүлүш аны уюштуруучулардын божомолу боюнча бир топ аймакка жайылып, натыйжада колдон келсе «Маргалаң, Ош жана Анжиянда турган орус лагерлерин талкалап, ал шаарларды алгандан кийин Наманганды ээлеп, Кокон хандыгын кайра калыбына келтирүү..., атүгүл эл көтөрүлсө, Ташкент менен Самаркандды алуу менен орустарды Түркстандан кууп чыгуу» максатын көздөгөн[1].

Элеттиктер көтөрүлүштүн демилгечилери болушкандыктан 17-майга чейинки эки-үч күн ичинде ар кайсы жерлерден убап-чубап, Миң-Дөбөнү көздөй жүздөгөн кыргыздар агылып келип жатышты. Ошол күндөрү Анжиян уездине караштуу Үч-Коргон каналынын курулушун көрүү үчүн иш сапары менен келген «көчмө кеңсенин» катчысы К.Тимаев мындай деп эскерген:

*«1898-жылдын 15-майынын түнүндө почталык экипажда мага Түркстан крайындагы эски жашоочу катары эсептелген Г.Г.Оттендорф менен маек куруп келе жаткам. Мен бет алдыбыздан жөө жана атчан жергиликтүүлөрдүн жол катары улам унчукпай өтүп жатышкандыктарын*

---

[1] *Терентьев М. А.* История завоевания Средней Азии, т.3.— СПб.,1906.—447-б.

*байкадым. «Бул эмне Герман Германович? Азыр түн болсо, а булар кайдадыр бара жатышканы эмнеси? Кыязы, Анжиянда эртең базар го?» – деп сурадым, жолдошумдан кезиккендерди көрсөтүп. «Жок. Бул жергиликтүүлөр талаа иштерине бара жатышат. Күндүз иштегени күн ысык, ошол үчүн жергиликтүүлөр такай түнкүсүн иштешет. Бирөөлөрү бара жатса, башкалары кайтып келе жатышат»,-деп жооп узатты мага Г.Г.Оттендорф. Мен мындай жоопко макул болдум. Менин жолдошум да, же болбосо мен да үч күндөн кийин Анжиянда кандуу тарыхый окуя болуп өтөөрүн, бизге кездешкендер козголоңчулардын жыйналуучу пункттарга шашылып бара жатышкан тобу экендиктерин оюбузга да албаптырбыз»*[1].

16-май күнү Мадали эшендин ханакасында дагы бир кеңеш болуп, анда миндей адам катышкан. Ал кеңешмеде козголоңдун башталыш күнү белгиленип, Эшендин он төрт жашар жээни Абдулазизди (Мусулманкул) хан көтөрүүгө макулдашылды[2].

Окуянын акырындык менен өнүгүүсүн 17-май күнү эртең мененки башталган окуялар катуу кызытып жиберди. Заркы шам намазына Миң-Дөбөдөн алыс эмес жайгашкан Дукчи эшендин мурунку турак жайы болгон Тажик кыштагындагы эски мечитке көп адам чогулуп, анда катышуу үчүн барган Мадали эшен калайык-калкка атайын чакырык менен кайрылган. Бул кайрылуунун мааниси чоң болгондуктан, аны толук берүүгө аракеттендик.

Бул кайрылуу Муса Түркистанийдин чыгармасында төмөндөгүдөй баяндалат:

---

[1] *Тимаев К.* Андижанское восстание. (Из личных воспоминаний). // Средняя Азия. Ежемесячное литературно-историческое издание. Кн.2. Т. 1910.

[2] Өзбекстандын жаңы тарыхы...—362-б.

*«Эй, урматтуу мусулмандар! Эй бурадарлар! Баарыңыздарга маалым болгондой, журтубуз мусулман, эл мусулман, калк мусулман, хан мусулман, шарияттын өкүмү ачык, буйругу дайын эле. Өкүмдү Алла Таала өзү билет, каапырларды бийлөөчү кылды, журтубузга орус келди. Кудаярхандын ордуна Кауфман, Өмөрхандын тактына Черняев олтурду. Фергана хандыгына Москва хандыгы, ак падыша өкүмдар болду. Орус мекенибизди басып алды. Кийин тилибизди өзгөрттү, аста-секин динибизди өзгөртө баштады. Орустардын келгенине отуз жыл толбостон мусулмандар жеп-ичкенди адат кылды. Адал менен арамдын баркы калбады. Казыларыбыз мойнуна крест тага баштады. Натыйжада, шариятыбыз кордолду, мусулманчылык карып болду. Эркиндигибиз жок болду. Эгемендүүлүк жексен болду. Өзүбүз өтпөс, сөзүбүз кеспес болду. Аттиң ай!*

*Эй мусулмандар! Буга өзүбүз себеп болдук. Бул абалыбызга Алла да ыраазы эмес, пайгамбар да ыраазы эмес. Бул кулдукка жана баскынчылыкка эч ким ыраазы эмес, инсан дагы, пенде дагы ыраазы эмес. Эй бурадарлар! Жөн турсак, бул каапыр дагы бешбетер кылат. Ай, ушу биздин абалыбызга!*

*Тарыхта салтанат курган биздин баатыр, балбан авлеттерибиз бул түркөйлүккө эч чыдай албайт. Кана биздеги күч-кубат, кана урпактарыбыздагы көрөгөчтүк? Силерге эмне болду?*

*400 аалымыбыз бар эле. Бардыгы мусулман, баарысы түрк, бардыгынын аты Мухаммад. Баарысы ханафий[1] агымдан. Бул ысымдан, бир агымдан, бир кабырда ушунчалык аалымдарды топтогон Түркстанда динди өркүндөтүүдө, дин адамдарын жетиштирүүдө канчалык*

[1] Суниттердин ичиндеги төрт агымдын бирөөсү. Негиздөөчүсү Имам Аззам Абу Ханифанын ысымы менен аталат. Орто Азия мусулмандарынын баарысы ханафилер болуп саналышат.

*деңгээлде кызмат өтөгөндүгү окуучулардын көңүлүнө арзыйт. Дүйнө тарыхында, жер жүзүндө, көк жүзүндө буга тең келерлик эч нерсе жок.*

*Түркстандыктар канчалык мактанса да жарашат, кабыл болот, эй бурадарлар. Биздер ушундай авлеттердин неберелерибиз. Улуу уйкуда уктайсыңарбы?!»* — деп азирети эшендин сөзү бул жерге келгенде заардуу боло баштады.

Отургандар уңулдап ыйлоо менен эшендин буйруктарына моюн суңгандыктарын билдиришти. Алардын толкундангандыктарын басуу үчүн аракеттенген эшен кайрадан сөзүн улантты:

*Эй мусулмандар! Эй кудайдын кулдары! Эй пайгамбар үммөтү! Чыныгы момун болсоңор, силерге жихад ылаазым, жихад! Кудайдын жолунда жихад кылабыз, өлсөк шейит, өлтүрсөк газы болобуз. Жихад кылбасак, моюнубузга минген бул залим орустардан кутулуш жок.*

*Эй мусулмандар! Көзүңөрдү ачкыла! Түркөйлүктөн алыс болгула. Каапырлардан укугубузду алайлы.*

*Эй бурадарлар!. Эркиндигибизди алайлы. Өз мекенибиз, өз журтубузга өзүбүз өкмөт курайлы. Ал өзүбүздөн кайрат талап кылат, марттык талап кылат,ыктыярдуу жихад талап кылат, фийсабилиллох[1] жихад кылуунун учуру келди.*

*Хаййу алал жихад!*

*Хаййу алал фалах!*

Ошол учурда короо толгон мусулмандар *«Жихад! Жихад! Жихадка даярбыз, малыбыз, жаныбыз жихадка курман болсун. Азирети эшен амириңизге даярбыз!»*- деп бир оздон бакырышты.

Азирети эшен кайрадан сөз баштады:

*«Бакелде, баракелде, кудай жолунда ушундай кызмат керек.»*

---

[1] Кудай жолунда деген маанини түшүндүрөт.

Андан кийин эшен «шейит болгондор өлүк эмес, алар тирик деген мазмунду түшүндүргөн төмөнкү аятты окуду:

*«Вала такулу лиман йукталу фисабилиллохи амватун бал ай ахисун ва ва лаекин ла тишуруна» (Айтпагыла силер өлүк деп кудайдын жолунда өлгөндөрдү, алар биздин арабызда жашашат).*

*Эй бурадарлар, ажал бар, кырк күн кыргын болсо да ажалы жеткен өлөт, кудайдын ыраазычылыгы үчүн жихадка даяр болуңар.*

*Хаййу алал газа, хаййу алал фалах, хаййу алал жихад!*

*Аллоху акбар! Аллоху акбар! Аллоху акбар!*

*Баарыңыздар даярданыңыздар, бүгүн кечинде куптан намазынан кийин чабуул!»*,— деп сөзүн бүтүрдү[1].

Ушундан кийин Эшен жакын кыштактарга киши чаптырып, чабармандар «мен мусулманмын дегендердин баарына бүгүн кечтен калбай жихадга даяр болсун» деген буйрук жарыя кылышты.

Мадали эртең менен эле Көк-Артка киши чаптырып, кыргыз төбөлдөрү бүгүндөн калбай адамдарын алып, Асакенин жанында чогулуу керек экендиктерин кабарлаган болучу. Кат Чыйбыл болуштун өз колуна тийип, ал «азирет эшен биз тарапка карап жүрсүн. Абал бул тараптагы мужуктарды жай-жайында басып талкалап, анан Анжиян шаарына карай барабыз»[2],— деп жооп айтып, кайра чабарман жиберген.

Миң-Дөбөдө активдүү иш-аракеттер болуп жатканда Ош, Асаке, Маргалаң тараптарда көтөрүлүшчүлөрдүн мүдөөсүнө карама-каршы кадамдар болуп өттү.

---

[1] *Муса Туркистаний.* Улуг Туркистан фожиаси. —Мадина, 1979. —108-109-бб. (Шилтеме «Өзбекстандын жаңы тарыхы..» китебинин 362-63-ббинен алынды.

[2] *Атабек уулу Фазылбек.* Дукчи Эшон..—28-б.

1898-жылдын 17-май күнү түш ченде Ош уезддик башчы Зайцевге Ош волостунун болуштук башкаруучусу болуп иштеп жүргөн Курманжан датканын асыранды уулу Карабек келип, даярдалып жаткан көтөрүлүш жөнүндө айтып койгон. Муну уккан Зайцев Ош батальонуна тездик менен кармашка даяр болуусун буйруп, Маргаланңга чабарман жиберген. Кечке жуук өзү бир нече жигиттери менен Ноокат тарапка жөнөп кеткен. Жолдо ага жолуккан Ноокат болуштугунун болушу Курманжан датканын уулу Махмудбек да даярдалып жаткан көтөрүлүш жөнүндө маалымат алып келе жаткан болучу[1].

Мадали эшендин аракеттери жөнүндө Миң-Дөбө болуштугунун башчысы Низам Этдин Максым кожо да Асаке приставы Еникеевге кабарлап койгондугу да маалым[2]. Абдыкадыр деген дагы бир белгисиз адам Маргалаң уездинин башчысына так ушундай эле кабарды жеткизгендиги жөнүндө да булактар кабар берет[3].

Бул фактылар орус колониалдык бийликтерине тез арада көтөрүлүштүн соккусуна каршы тиешелүү даярдыктарды көрүүгө мүмкүндүк түзгөн жана кыймылдан Фергана өрөөнүнө жайылып кетишине тоскоолдук кылган. (Ошол эле учурда бул кадамдар кандайдыр бир деңгээлде эл үчүн объективдүү пайдалуу болгондугун да танууга мүмкүн эмес. Көтөрүлүштүн жеңип чыгышы ал мезгилдеги тарыхый шарттарда таптакыр мүмкүн эместиги белгилүү чындык болгондуктан мындай «кыймылдын максатына карама-каршы келген кадамдар» объективдүү

---

[1] Кийинчерээк ушул кызматтары үчүн Курманжандын уулдары Карабек жана Махмудбек Орусия бийликтери тарабынан сыйланышып, сый чепкендерди алышкандыгы маалым. (Караңыз: *Кененсариев Т.* Кыргызстан Орусиянын курамында...—292-б.)

[2] *Кененсариев Т.* Кыргызстан Орусиянын курамында...—293-б; ОБМСТА. ВУА. —483-ф. —140-иш.—5-6-барактар.

[3] ОБМСТА. ВУА. —483-ф. —140-иш.—5-6-барактар.

түрдө кыргыз элеттиктеринин белгилүү массасын орус колониализминин кандуу жазалоосунан сактап калгандыгын моюнга албай коюуга болбойт.)

Миң-Дөбөдө абал укмуштуудай тездик менен курчуй берди. Кечке убай-чубай айылдардан келишкен кызуу кандуу кыргыз элеттиктер жана ханакадагы мечиттин алдына топтолгон 500 киши Мадали эшендин сөзүнө шыктанышып, көтөрүлүштү азыр эле баштап жибермек болушат. Куптан намазы ченде Эшендин ханакасына колуна эмне тийсе ошону менен куралданган жакынкы кыштактардын адамдары келе баштаган. Алардын колунда кылыч, анда-санда түтөтмө мылтык, союл, чокмор, кетмен, айры бар эле. Намаз окулуп бүткөндөн соң, мечиттин ичи-тышы «Жихад! Жихад!» деген кыйкырыкка толуп кетти[1].

Негизинен кыргыз элеттиктерден турган аламан топтун арасынан эшендин жакын халифалары жана мүрүддөрү Мадалини ой-боюна койбой эшикке алып чыгышып, боз атка мингизишип, ханаканы айлантыра жетелеп жөнөштү. Артынан ээрчиген топ зикир чалып, «Эшен хан көтөрүлдү» деп кыйкырып жатышты. Бул ритуал чынында эле түрк элдеринин салты боюнча хан көтөрүү расмиси эле[2].

Изилдөөлөрдө топтолгон адамдар 600 чамалуу болгондугу айтылат[3]. Алардын жарымынан азыраагы атчан болучу. Атчандар жөөлөрдү учкаштырып, калгандары арабада, жөө Анжиян тарапка жөнөп кетишет. Булактар-

---

[1] Өзбекстандын жаңы тарыхы...—364-б.

[2] *Атабек уулу Фазылбек.* Дукчи эшон вокеаси...—27-28-бб; *Сальков В.* Андижанское восстание...—54-70-бб.

[3] Өзбекстандын жаңы тарыхы...—364-б.

да ар бир көтөрүлүшчү селдесине «мисвак»[1] кыстарып алышкандыгы белгиленет. Бул белги газаватка чыккан адам тирүү калса газы, өлүп калса шейит болот деген ишенимди билдирген[2]. Мадалинин айланасына топтолгон көтөрүлүшчүлөр ошентип Чыйбыл болуштан кабар келгенче күткөн жок. Көк-Арт, Кетмен-Төбө тараптагы элеттиктердин көпчүлүгү кыймылдан негизги очогунда көтөрүлүштүн башталганынан кабарсыз калышат.

Анжиянга жөнөгөндөрдөн башка өз алдынча аракеттенген көтөрүлүшчүлөрдүн айрым топтору жөнүндө да айтпай кетүүгө болбойт. Ош шаарына кол салмакчы болгон көтөрүлүшчүлөр 18-май күнү кечки саат 23тө шаардын түштүк батышында 12 чакырым жерде жайгашкан Тамчы-Булак деген жерде чогулушмакчы болушкан эле. Жарым түнгө чейин ал жерге 500 чамалуу киши жыйналган. Алардын ичинен 300дөйү Кыркоол-Сай, Ак-Терек айылдарынан келген Эшендин кыргыз мүрүддөрү болучу[3]. Бул топто активдүү жетекчилерден Өмүрбек датка, Ош уездинин Ноокат болуштугунун райиси Матраим (Магомед Ибрагим) болушкан[4].

---

[1] Аравияда өсүүчү ыйык өсүмдүк — бадалдын талы. Арабдар бул жыгачтын талдарын тиш тазалоочу шетка катары пайдаланышкан.

[2] *Эгамназаров А.* Сиз билган Дукчи Эшон...—113-б.

[3] *Кененсариев Т.* Кыргызстан Орусиянын курамында...—293-б

[4] Матраимди Ноокат элетинин кыргыздарына диндин жана ыймандын тазалыгын көзөмолдөөчү райис катары Эшен дайындаган болучу. Ал кезегинде 14,15-майлардагы Миң-Дөбөдөгү кеңешмеге Ноокат болушу Өмүрбек датка менен чогуу катышып келген. 18-май түнү Ак-Теректе чогулган көтөрүлүшчүлөрдүн активдүү демилгечиси болуп, Ош шаарындагы аскер шаарчасына чабуулга катышкан. Көтөрүлүш басылгандан кийин Иноят хан менен биргеликте Каратегин тарапка качып, дайынсыз жоголгон. (Караңыз: Казак Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви (Мындан ары КРБМА).—44-ф.—1-оп.—7184-иш.179-барак.). //Маалымат «Хрестоматия по истории Кыргызстана» —Бишкек,1997. деген китептин 292-бетинен алынды.).

Жарым түндө Таш Ятсаибов аттуу элүү башы Ош шаары тараптан уезддин начальниги Зайцевдин бул жакка келаткандыгы жөнүндө шашылыш кабар менен чаап келгенден кийин абал чукул өзгөргөн. Көтөрүлүштүн колониалдык бийликтерге билинип калгандыгы жөнүндө маалым болгонуна көзү жеткен айрым адамдар тарай баштады. Ошондой болсо да Оштогу дары-дармек сакталган аскер арсеналына үч жолу ийгиликсиз чабуул жасалгандыгы изилдөөлөрдөн маалым[1].

Маргалаң шаарына кол салмакчы болгон топтун аракети да ишке ашкан жок. Анын эки себеби бар болучу. Биринчиден, Беш-Арыктагы топтолуу пунктуна отуруктешкан калктын өкүлдөрүнүн келбей коюшкандыгынан, чогулган көтөрүлүшчүлөрдүн саны аз эле. Алар негизинен кыргыздар гана болучу. Экинчиден, чалгынчылар аскер лагеринде кандайдыр бир шаан-шөкөт өткөрүлүп, солдаттар түнү бою шапар тээп, укташпагандыктарын кабарлашкан. Ал эми план боюнча көтөрүлүшчүлөр түнү гана кол салуулары мүмкүн эле.

Аз сандагы адамдар менен мындай шартта кол салуу ишке ашпасына көзү жеткен Иноятхан[2] төрө Мадалинин тобуна келип кошулууну чечкен. Анын үстүнө топтолгон-

---

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.3.—С.461.

[2] *Федоров Е.* Очерки национально-освободительного...—С.13. Иноят хан төрө көтөрүлүш басылгандан кийин Каратегинге карай качып дайынсыз кеткендиги, аны орус бийликтери көпкө издешкендиги, Кокондо ал Токтосун Риза Кул уулу, Мухаммед Алимхан Дивана уулу жана Таны Берди Отбасар уулу деген үч шериги менен жашырынып жүр-гөндүгү, көп узабай кармалып, Талаа аскер сотунун өкүмү менен төртөө тең өлүм жазасына буюрулгандыгы, бирок падышага жиберилген арыздын негизинде үчөөнүн өлүм жазасы абак менен алмашып, ал эми Иноятхан өлүм жазасына тартылгандыгы булактарда маалымдалат. (Караңыз: Андижанское дело.//Туркестанские Ведомости.—№ 1687, 1898 г.—17-сентября.)

дордун бир даары үйлөрүнө тарай баштаган болучу. Натыйжада, Иноятхан баштаган бир аз гана адам Анжиян шаарын көздөй бара жаткан аламанга кошулган[1].

Ошентип, көтөрүлүш жакшыбы-жаманбы кандайдыр бир планы болгон менен иш жүзүндө чаржайыт башталып кеткендиги жогорку окуялардан көрүнүп турат.

---

[1] Маргалаң козголоңчуларынын арасында активдүү көтөрүлүшчү катарында Маргалаң уездинин Ханабад кыштагынын тургуну Арзыкул Паңсат, анын уулу Түркбай да аталат. (Караңыз: КРБМА.—44-ф.—1-оп.—7184-иш.179-барак. Маалымат «Хрестоматия по истории Кыргызстана» деген китептен алынды. (Караңыз: Хрестоматия по истории Кыргызстана.—Бишкек,1997.—292-93-бб)

## Анжиян гарнизонуна кол салуу

1898-жылдын 17-май күнү кечкурун, саат сегизде союл, орок, найза, канжар, айрымдары кылыч жана болгону бир нече мылтык менен куралданган көтөрүлүшчүлөр Тажик кыштагынан, Миң-Дөбөдөгү Дукчи эшендин ханакасынан чыгышып, тобу менен Анжиянга барчу жолго түшүшөт. Алар ар кимиси өз байрагы бар эки тайпага бөлүнүшөт. Тайпалардын бирин атчан Мадали эшен, экинчисин «көтөрүлүштүн жаны»[1] аталган Эшендин эң жакын досу жана көмөктөшү Молдо Зиябидин Максым баштап жөнөйт[2]. Акмат молдо баштаган кыргыздардан турган өзгөчө топко телеграф байланышын үзүүгө буйрук берилет[3]. Алар жолдо Асаке миршабын учуратышып, аны жан таслим кылышат[4].

Жолката көтөрүлүшчүлөрдүн катары улам көбөйө берген. Аламан топ кыргыздар көп жашаган Кутчу тарап менен Кара-Коргон, Окчу кыштактарын аралап өтүшкөн. Молдо Зиябидин Максым баштаган топ Көнжү кыштагына киргенде, аларга 200дөй киши кошулган[5].

Изилдөөлөрдө Миң-Дөбөдөн чыккан көтөрүлүшчүлөрдүн жалпы саны ар кандай маалымдалат. Көпчүлүгүндө Мадали эшендин баштап чыккан тобу 800 адамга жетип, алардын 600ү жөө, 250сү атчан болгон деп берилет. Көтөрүлүшчүлөрдүн атчандары негизинен Көк-Арттан келишкен эшендин кыргыз мүрүддөрү болгондугу айтылат[6].

---

[1] *Т- ов.* Андижанское восстание и его...—188-б.
[2] *Усенбаев К.* Народные движения Средней Азии... —117-б
[3] *Т- ов.* Андижанское восстание и его...—188-б.
[4] Өзбекстандын жаңы тарыхы...—364-б.
[5] Өзбекстандын жаңы тарыхы...—364-б.
[6] *Кененсариев Т.* Кыргызстан Орусиянын курамында...—293-б; *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.3.—С.461.

Кара-Коргон менен Окчудан өтүп, Кулу болуштугуна келгенде, көтөрүлүшчүлөрдү Кулу болушу Гайыбназар Артык Сопу уулу бир топ жигиттери менен күтүп турган болучу. Болуштун колунда адамдын кесилген башы бар эле. Себеби, окуядан бир күн мурун Кулу болушунун мекемесине Асаке приставынан Бичков деген орус жигит келип, болуш башчысынын үйүндө түнөгөн болучу. Гайыбназар козголоңчулар кыштакка жакындашып келе жатканын билээри менен Бычковду өлтүрүп, башын эшенге соога катары алып чыккан эле.

«Эшен Гайыбназардын бул ишин көрүп, —«Бали!», — деди, бирок башты алган жок[1]. Ошондон кийин Гайыбназар башты кулагынан тешип, атынын ээрине илип алды, Ал кыштактын көчөлөрүндө атчан кылыч ойнотуп, *«Эй мусулмандар! Газават! Газават! Журтубуздан кайырдиндерди айдамакчыбыз! Мына, Асаке наибинин башы!»* — деп кыйкырыктап жүрдү. Адамдар колуна илинген нерселерди — кетмен саппы, балтабы, бешиликпи алып, анын артынан түшүштү» деп эскерилет булактарда[2].

Бат эле көтөрүлүшчүлөрдүн саны жолдо кездешкен жана кабар жеткен башка кыштактардан келип кошу-

---

[1] Өзбекстандын жаңы тарыхы...—364-б.

[2] Караңыз: *Эгамназаров А.* Сиз билган Дукчи Эшон...—41-б.

Булактарда Маргалаң уездинин Кулу болуштугунун Кара-Коргон айлынын кыргыздары Молдо Касым Арабай уулу, Кал Мусурман Молдосабыров, ошондой эле Шиман айлынын тургуну Молдо Жунус жөнүндө маалыматтар берилет. Анжиянга кол салууда майда топтордун башчысы катары катышкан бул көтөрүлүшчүлөр Эшендин активдүү мүрүддөрү болушкан. Алар Гайыпназардын жетекчилиги менен Кулу болуштугунун эл соту (казысы) Жолдош молдого кол салышкан жана Асаке приставынын өкүлү Бычковду өлтүрүүгө катышкан. (Караңыз: КРБМА).—44-ф.—1-оп.—7184-иш.179-барак. Маалымат «Хрестоматия по истории Кыргызстана» деген китептен алынды. (Караңыз: Хрестоматия по истории Кыргызстана.—Бишкек,1997.— 292-б)

лушкандар менен бир жарым миң—эки миңге адамга жеткен[1]. Көтөрүлүшчүлөрдүн Маргалаң шаарындагы аскер бөлүгүнө кол салышмакчы болушкан тобу Иноятхан төрөнүн башчылыгында Кува аркылуу тездик менен жол басып өтүп, Анжиянга алты чакырым калганда Мадали эшендин тобуна келип кошулган[2].

Профессор Кушбек Үсөнбаевдин маалыматына караганда, Иноятхан Анжиянга карай жол алып, бирок Мадали эшенге кошулууга жетишпей калган[3].

Көтөрүлүшчүлөр шаарга бир аз калганда Анжияндык соодагер Алибай куралдандырып жиберген 150 жигит кошулат[4]. Алардын арасында Анжияндагы аскер лагеринин жанында дүкөн ачып, соодагерчилик кылышкан Рустамбек жана Муллабай деген өзбек жигиттери бар эле. Алар аскер бөлүгүндөгү абалдын чоо-жайын жакшы билишкендиктен, көтөрүлүштү уюштуруу иштеринде эшендин жиберген кишилери аларга келишип, маалымат алып турушкан.

Эшендин кишилерине Рустамбек 16-май күнү орус аскер бөлүгүндөгү 5-ротанын машыгуу үчүн шаардын сыртына кетише тургандыктарын билдирилген эле. Бирок, 16-май күнү абал өзгөрүп, машыгууга 5-рота эмес, аскерге жаңыдан алынган жаш 25 солдат жөнөп кеткен. Козголоңчулар Хаканд жана Дөң кыштактары аркылуу лагерге жакындашып келгенде Эшен Рустамбек берген маалыматтардын кай даражада ырас экендигин текшерип, лагердеги абалды байкап келүү үчүн чалгын жиберет. Байкоочулар лагердеги 5-ротанын казармасы ка-

---

[1] Рапорт начальника Андижанского гарнизона от 20 мая 1898 г. ЦГА Респ. Узб., ф.1, оп.31, д.92, л. 96(192)

[2] *Федоров Е.* Очерки национально-освободительного...—С.13.

[3] *Усенбаев К.* Народные движения Средней Азии... —118-б

[4] Өзбекстандын жаңы тарыхы...—364-б.

раңгы, 4-ротада болсо, чырак бар экендигин айтып келишет.

Рустамбектин эки рота жайгашкан баракты тең курчаш керек деген сунушуна көнбөстөн, Мадали 4-ротанын барагын курчоону боюрат[1]. Көз ачып-жумганча көтөрүлүүшчүлөр аскерлер жаткан жерлерге туш тараптан киришип, бейгам уктап жатышкан солдаттарды өлтүрүп киришти. Кыйкырык, ызы-чуудан лагердин ичи заматта дүрбөлөңгө түшүп, түнкү бейпилдик бузулду. Чоочуп ойгонушкан 5-ротанын солдаттары дароо эстерин жыйып, атыш башталат.

Бул окуянын жүрүшү жөнүндө Анжияндагы аскер гарнизонунун башчысы, подполковник Михайлов өз рапортунда мындай деп билдирген[2]:

*«Ушул жылдын он сегизинчи майына оогон түнү, саат үчкө жакын бактары лагердин он канаты менен туташып кеткен Дөң кыштагы тараптан кыштак калкынан турган бир жарым-эки миңге жакын топ лагерге кирип келди, алдында аттуулар, алардын артынан жөө адамдар аракет кылды. Алар негизги линиялык 20-чы Түркстан батальонунун 4-ротасынын үч взвод жоокерлери ээлеген барактын жанына келишип, аны дароо камалоого алышты. Ичкериге ар тараптан бастырып киришип, уктап жаткан жөнөкөй аскерлерди «ур», «ур» деген кыйкырыктар менен, чекесинен соё башташты.*

*Кыштак кишилерин биринчи болуп, барактын оң канатында турган күзөтчү, ротанын катардагы жоокери Тютин көрдү. Ал күтүүсүздөн ачуу үн салып кыйкырганы менен ошол замат өлтүрүлдү. Наркы катардагы күзөтчү жоокер*

---

[1] Ушул жерде эшен чоң жаңылыштык кетиргендиги кийинки окуялардан маалым болгон.

[2] Окуянын маанилүүлүгүн эске алып, аталган рапортту айрым кыскартуулар гана менен толугураак берүүгө аракеттендик.

*Масленников, ошондой эле 4-рота боюнча моонотчү Жренов жана эки рота боюнча моонотчү  бул окуя болоордон мурун 3-взводдо лампанын жарыгында  китеп окуп олтурган унтер-офицер Степанов кыйкырык угулаар замат бир оздон «Тургула! Куралдангыла!» деген кыйкырык менен солдаттарды тезинен| ойготууга аракеттеништи. Кыштак кишилери болсо ар тараптан секирип түшүшүп, заматта баракты ээлешти. 4-рота боюнча моонотчү жана күзөтчү дароо өлтүрүлдү, эки рота боюнча моонотчү мээсинен жана желкесинен бир нече союл жеп, 5-ротага карай качты. Ойгонууга үлгүргөн жоокерлер да колуна курал алып, 5-рота  тарапка өтүүгө аракет кылышты. Мылтыктын найзасы жана кундагы менен өзүнө жол ачкан унтер-офицер Степанов 5-ротагага башбагып, «Петлица, (5-ротанын фелдьфебели, ал окуя болоордон бир аз мурдараак эле унтер-офицер менен сүйлөшкөн солдат болучу) адамдарды ойгот, биздикилерди союп жатышат! — деп кыйкырды.*

*Петлица катардагы аскерлерди ойготууга аракеттенип:«Куралдангыла»! — деген жардык берди. Негизгилиниялык 20-чы Түркстан батальонунун подпоручиги, Маргалаңга жашыруун иш менен кеткен 5-ротанын командиринин ордун ээлеп турган, ушул убакта ойгоо болгон Карселадзе сырттагы чууну угуп, жаздыгынын астындагы тапанчасын алып жүгүрүп чыкты. Ал 4-ротанын барагы атчан кыштактык кишилер тарабынан курчалганын көрүп, аларга каршы төрт мерте ок чыгарды жана 5-ротанын барагына карай жүгүрдү.*

*Октун доошун угуп, 3-взводдо кат жазып олтурган 5-ротанын ефрейтору Лясковский да кыйкыра баштады: «Тургула! Куралдангыла!»   Ротанын аскерлеринин жарымы колдоруна курал алышып, алдыга чыгышты жана эки тараптан чабуулга өтүшүп, кыштак кишилеринин жолун то-*

*суштy. Ушул убакта фельдфебел жана ротанын моонотчусу барактын экинчи жарымындагы ротанын кеңсесинде сакталган бир куту патронду аскерлерге таратып берүүгө үлгүрдү.*

*Подпоручик Карселадзе жоокерлер менен кыштактыктарга чабуул уюштурду. Алар «Ураа!!!» —деген кыйкырык менен атакага өтүштү. Кыштактык кишилер кылыч, канжар, союл, балта менен өздөрүн коргошту. Көтөрүлүшчүлөр лагерден чегинишкенде, аскерлер 4-ротанын барагынын жанына токтошуп, ок атууну улантышты. Кыштактык кишилер да тапанча, мылтык жана башка куралдардан ок ата баштышты.*

*Барак алдындагы майдан ачылганда, аскерлер он беш кадам нарыда турган молдону көрүштү. Ал колуна Куранды кармап, шамдын жарыгында көзү менен көктү тиктеп, бирдемелерди окуп жаткандай болду. Анын жанында кызыл жана ак ыраңдагы нишан кармаган онго жакын кишилер турган, алардын баары колдорундагы тапанчалары менен аскерлерге каршы ок атып жатышты. Аскерлерибиз бул кишилерди ошол замат атып өлтүрүштү.*

*Кыштак кишилери өлгөн жана жарадар болгон шериктерин алып, тез арада чегинип кетишти. Жоокерлерибиз патрон жетишпегендигине байланыштуу алардын артынан түшө алышпады. Чабуул учурунда подпоручик Карселадзе тапанчадан ок чыгарып, көк байрак көтөргөн атчанды, экинчи ок менен дагы бир аттууну кулатты. Ушул убакта 4-ротанын катардагы жоокери Титов жарадар боюнча каршылык көрсөтүүгө өткөн байракчынын ичине найза сайды, подпоручик Карселадзе анын колунан байракты алды. Кыштак кишилери кол салгандан чегингичекти он экион беш мүнөт өттү.*

*Аскерлерден эки унтер-офицер жана он тогуз жөнөкөй аскер өлтүрүлдү, он төрт киши оор жаракат алды, бири*

*эртеси күнү каза тапты, беш жоокер жеңил жарадар болду. Отуз бир мылтык жоголду, аларды козголоңчулар алып кетишкен болуулары керек. Бирок бул сан анык эмес, шаардын орус калкын коргоо үчүн мылтык таратылган, алар алиге чейин жыйылып алынганы жок. Патрондор жоголбоду.»*[1]

Жогорудагы рапортто айтылгандай, лагерге кол салышкан аламан топ орус солдаттарынын чечкиндүү аракетинин натыйжасында кайра артка кайтып, туш тарапка кача баштаган.

Кол салуу учурундагы жоготуулар жөнүндө булактарда ар түрдүү маалыматтар берилет. Алсак, Сенг-Заде көтөрүлүшкө арналган эмгегинде: «Кол салуунун жыйынтыгында орус солдаттарынан 22 жоокер өлүп, 18 жоокери жарадар болгон. А козголоңчулар, өлгөн 18 адамын кол салган жеринде таштай качышкан. Мындан сырткары, казармадан 31 мылтык тартылып алынган»,[2] — деп жазат.

Анжияндагы окуя ошол убактагы мезгилдүү басма сөз беттеринде дароо эле жарыяланып, кол салуунун жыйынтыктары боюнча маалыматтар келтирилген. Көтөрүлүш жөнүндөгү расмий кабар алгачкылардан болуп, «Туркестанские Ведомости» журналынын беттеринен орун алып, анда мындай деп жазылган: «Лагерде 163 төмөнкү чиндегилер болгон. Алардын ичинен 21 киши өлтүрүлгөн жана 17си жарат алган. Жарадар болгондордун ичинен бирөөсү эртеси күнү каза тапкан»[3].

Кол салуу учурундагы жоготууларга В.П.Сальков да токтолуп, ал мындай маалымат берет: «Биз жактан алар тарабынан 22 төмөн чиндегилер мууздалган жана 20сы жарадар болуп, бат эле Анжияндагы жергиликтүү лаза-

---

[1] ӨБМТА. —1-фонд. —31-опись. —98-иш. —18-19-барактар.
[2] *Сенг- Заде.* К 30- летию Андижанского...— -б.
[3] Сведения о безпорядках в Фергане...— -б.

ретке жөнөтүлгөн. Алардын бири еврей, бири мусулман. Биринчиси — катардагы Герман Войцехович Сенько, алган жараатынан тез эле каза тапкан, экинчиси — Саратов губерниясынын Петровский уездинен Ибрагим Давыдов Вальшин деген татар болгон»[1].

Демек, булактардагы маалыматтарды жыйынтыктап айтканда, кол салуу учурунда 21 орус жоокери каза болуп, 1 жоокер алган жараатынан ооруканада көз жумган. Каза болгондордун ичинде 2 унтер офицер, 2 ефрейтор, 2 барабанчы, калгандары катардагы жоокерлер болушкандыгын белгилөөгө болот.

---

[1] *Сальков В.П.* Андижанское восстание в 1898 году...—64-б.

## Көтөрүлүштү басуу

Мадали эшендин Рустамбектин айткан сунушуна көнбөй жасаган туура эмес аракетинин кесепетинен козголоңчулар орус солдаттары тарабынан катуу каршылыкка учурап, заматта аламан топтун удургуп качуусуна алып келди. Кол салгандар ар кайсы тарапты көздөй качышып, дароо эле түнкү караңгылыкка сиңип, көздөн кайым болушкандыктан, анын үстүнө аттуу кошуундун жоктугунан дендароо боло түшкөн солдаттар көтөрүлүшчүлөрдүн артынан кубалай алышпаган.

19-май күнү Маргаланга Анжиянга кол салуу болгондугу жөнүндөгү шашылыш кабар жетери менен Фергана областынын аскер-губернатору Чайковский 250 чамасындагы аскер менен Анжиянга жетип, жаңы шаардан баштап, көрүнгөн жергиликтүүлөрдү атууга буйрук кылат. Натыйжада, окуяга эч кандай тиешеси жок бейкүнөө адамдар курмандыкка учурашат. Эшен кармалганга чейин сураксыз атуулар улантыла берээрин айтышып, колониалдык бийлик ээлери жергиликтүү миңбашыларга Мадалини кармап берүү талабын коюшат. Анжиян уездинин башчысы Брянов Избаскен участкасынын приставы штабс-капитан Агабековго Арсланбап тарапты көздөй качкан эшендин артынан сая түшүп, аны кармоону тапшырат.

Эртеси, 19-май күнү кечки саат 11де, бир нече жандоочулары менен Кара-Дарыядан өтүп, Арсланбап тоо-ло-рунун ашуулары аркылуу Жети-Суу областына өтүп кетүүнү максат кылып, Базар-Коргон болуштугунун Казанды-Мазар кыштагына карай жол тарткан Мадали эшен Чарбак кыштагына жеткенде колго түшүрүлөт[1]. Фа-

[1] *Терентьев М.А.* История завоевания...—Т.3.—461-б.

зылбек Атабек уулунун маалыматына караганда Мадалини колго түшүргөндөр Кокон-Кыштак миңбашысы Кадыркул менен Анжиян базарынын серкери Жакып корбашы болушкан[1].

Ушул жерде Анжиянга кол салууда көрүнүктүү роль ойногон таасирдүү адамдар негизинен Кетмен-Төбө жана Көк-Арт аймагындагы элет арасын көздөй качкандыгын белгилеп өткөнүбүз оң. Анткени, биринчиден, бул аймактарда эшендин мүрүддөрү көп болучу. Экинчиден, качкандардын элет арасында көтөрүлүш башталып кеткен болсо, аларга кошулуп кетүү тилектери болгон чыгаар. Жогоруда белгилеп өткөн изилдөөчү К.Тимаев 1898-жылдын август айларынын башында иш сапары менен Анжиян уездине экинчи жолу келип, Арсланбаптагы токой чарбасында болуп, Мадали эшен кармалган жерди сүрөткө тартып, эшенди колго түшүрүүдө кызмат көрсөтүшкөн Муса Масадык менен Якуб Ибрагимовдордун өз оозунан иштин чоо-жайын жазып алган. Автор 1898-жылдын 29-июлундагы Түркстан крайы боюнча кабыл алынган №112-113 буйруктун мазмунун мындайча берет:

*«Ферганадагы миңдөбөлүк эшен Магометь-Али Халиф тарабынан көтөрүлгөн козголоң областа кеңири тарала албастан тез эле басылды. Азаматтык жасагандыктары үчүн штабсь-капитан Агабеков 4-даражадагы Ыйык Владимир ордени менен анын эки жигити Якуб Ибрагимов жана Муса Масадыков Георгиев тасмасына «Эрдиги үчүн» деп жазылган төш белгилүү күмүш медаль, жана ар бири жүз сомдон сыйлык менен сыйланышты».*[2]

---

[1] *Федоров Е.* Очерки национально-освободительного...—17-б.

[2] *Тимаев К.* Андижанское восстание. (Из личных воспоминаний).// Средняя Азия. Ежемясячное литературно-историческое издание. —Кн.3. —Ташкент,1910. —137-б.

Мындан сырткары, Анжияндагы аскер бөлүгүнүн начальнигине полковник наамы, подпоручик Карсаледзеге 4-даражадагы Ыйык Владимир ордени жана кылыч, төмөнкү чиндерге он 4-даражадагы Согуштук орден берилген[1].

Колониалдык бийлик Мадалини кармоодо көмөк көрсөтүшкөн жергиликтүү кишилердин эмгектерин жогору баалап, аларга туземдик башкаруунун үлүшүнөн да бөлүштүрүп берген. Алсак, Мадали эшенди кармап беришкен Кокон-Кыштактын миңбашысы Кадыркул Анжияндагы эски шаарга аксакал, базар серкери Жакып корбашы болсо Кокон-Кыштакка миңбашы болуп дайындалат[2]. Эшенди кармоодо өз өмүрүн тобокелге салган Муса Масадыктын эмгеги да жогору бааланып, ага токой өткөөлчүсү кызматы ыйгарылат[3].

Эшен кармалгандан көп өтпөстөн анын жакын адамдарынын бири Субанкул Араббай уулу да 23-майда колго түшүрүлөт. Аны менен кошо шериктери Мырза Хамдам Усман уулу жана Бутабай Гайнабай уулу да кармалган болучу. Алар үчөө тең ак топучан болуп, тондорунда кандын издери бар эле деп жазылат булактарда[4].

«Көтөрүлүштүн жаны» эсептелип, аны даярдоодо жана элди орус колониалдык бийликтерге каршы үндөөдө чоң салым кошкон, Анжиянга карай жүрүштө топтун бир бөлүгүн жетектеген, ошо кезде жашы 80ден небак өткөн Молдо Зиябидиндин тагдыры жөнүндө булактарда бирдей пикир жок экендигин жогор жакта белгилеп

---

[1] Высочайшие награды.// Туркестанские Ведомости.—№ 1666.— 1898 г.—28 июня.

[2] *Набиев А.* Мустакиллик үчүн кураш ехуд парчаланган Туркистан тарихи. —Ташкент,1998. —72-б.

[3] *Тимаев К.* Андижанское восстание.—137-б.

[4] *Эгамназаров А.* Сиз билган Дукчи Эшон...—67-б.

өткөнбүз. Булактардын биринде Мадали эшендин ханакасында 1897-жылдын 9-мартында болуп өткөн көтөрүлүшкө даярдануу жыйынында 12 журт башысынын колу коюлуп, 13 мөөр басылган казат келишими[1] Анжияндагы аскер бөлүгүнө кол салуу учурунда каза болгон Молдо Зиябидин Максымдын жанынан табылгандыгы айтылат[2].

Кол салуу учурунда шам кармаган бир нече кишилердин ортосунда көктү тиктеп куран окуп жатып окко учкан молдо кадимки Зиябидин Максым болгонбу же башкабы, ал жөнүндө булактар так жооп бере албайт. Анткени, «анын соңку тагдыры тууралуу орус изилдөөчүсү М.А.Терентьев 1898-жылдагы көтөрүлүштөн кийин Молдо Зиябидин дагы эле тирүү, жашынып жүрөт десе[3], И.Ювачев: «козголоң тез басылат, Мадали эшен дарга асылат. Молдо Зияудин Кашкарга кире качат», — деген маалымат берет[4]. Н.Ситняковский да «айрымдары Молдо Зиябидин Максымды качууга үлгүргөн»,—деп эсептешет деген ойду айткан[5]. Кантсе да, Зиябидиндин кийинки тагдыры азырынча белгисиз бойдон калууда.

Ошентип, Анжиянга кол салгандардын негизги башчыларынын бир тобу тез эле колго түшүрүлүп, көтөрүлүш тез эле басылган.

---

[1] Колунуздагы китептин 55-бин караңыз.

[2] Караңыз: *Сальков В.П.* Андижанское восстание в 1898 году...— 37-б.

[3] Караңыз: *Терентьев М.А.* История завоевания Средней Азии...— 478-б.

[4] Караңыз: *Ювачев И.* Курбан-Джан Датха каракиргизская царица Алая. //Туркестанский сборник. —Т-471.—184-б.

[5] Караңыз: *Ситняковский Н.* Минтюбинский Ишан...

## Сот иштери: жазалоолор жана айыптоолор

Анжиянга кол салуу башталганга чейин эле Ферганадагы колониалдык бийликтердин даярдалып жаткан көтөрүлүштөн кабар алгандыгы жана Асакенин приставы Сахиб Гиреевич Еникеев менен Ош уездинин башчысы Зайцев аны басып коюга аракеттенгендиги жөнүндө мурунку параграфтарда айтып өттүк. Маалыматтарга караганда, С.Еникеев Кокон хандыгынын Петербургдагы элчиси болуп иштеген Мырза Хаким парваначынын татар аялынан төрөлгөн экинчи перзенти Саадаттын күйөөсү болгон. Ал 1896-жылы эшендин мунарасы кулап, ал жерде окушкан балдарды басып калгандыгы жөнүндө түшкөн тоголок каттын изи менен тергөө ишин алып барган учурда Мадали эшен менен таанышып, андан тартуу алып кайткан жайы бар эле[1].

Еникеев кабарды Миң-Дөбө кыштагынын болушу Низамидин Молдобай уулунан угуп, ал жөнүндө Анжиян уездинин башчысы Коишевскийге жана Маргалаң уездинин башчысы полковник Бряновго кабарлап, он беш кишиден турган аскери менен Мадали эшен турган Тажик кыштагына жетип барган[2]. Бирок, ал кечигип калган болучу. С.Еникеев кыштакка жеткен ченде көтөрүлүшчүлөр небак Анжиянга карай жүрүп кеткен эле. Анжиянга кабар алып бара жаткан чабарман Абдылда Акжолов Мадали эшендин койгон тыңчылары тарабынан жолдо өлтүрүлүп, натыйжада кабар Коишевскийге жетпей калат.

Телеграф аркылуу берилген расмий билдирүүлөрдө бул окуялар тууралуу мындай маалымат берилет: «17-май күнү кечке жуук Маргалаң уездинин начальниги полков-

---

[1] *Эгамназаров А.* Сиз билган Дукчи Эшон...—36-б.

[2] *Эгамназаров А.* Сиз билган Дукчи Эшон...—40-б.

ник Брянов Асаке участкасынын приставы, капитан Сахибь-Гирей Еникеевден Миң-Дөбө кыштагында жашоочу эшен Мухамед-Али-Халифь имиш-имиштер боюнча ыйык согуш (газават) даярдап жаткандыгы жана ошондуктан элдин арасында күчтүү толкундоолор таралгандыгы жөнүндө билдирүү алат. Ошого байланыштуу капитан Еникеев Бряновдон эшенди кармоо жана көтөрүлүш жөнүндө так маалымат топтоо үчүн казак-орустардан бир взвод сураган».[1] Көтөрүлүш жөнүндө кабар алган полковник Брянов 18-май күнү эрте менен Миң-Дөбөгө жол алып, Фергана областынын аскер-губернатору Повало-Швыйковскийге капитан Еникеевдин экинчи билдирүүсүн жиберет. Бул билдирүүдө Еникеев 17-майдан 18-майга оогон түнү Тажик кыштагына баргандыгы, ал жерден аларга 30 кишиден турган жергиликтүүлөр кол салгандыгы, алардын ичинен кармалгандарды суракка алганда, көтөрүлүшчүлөр Анжиянды көздөй жөнөп кеткендиги маалымдалган. Мындан анчалык кооптонбогон Повало-Швыйковский телеграф аркылуу Анжиянга көрсөтмө берүүгө аркеттенет. Бирок байланыш түйүндөрү үзүлүп коюлгандыктан, темир жол түйүндөрү аркылуу кабар берип, окуянын опурталдуу экенине ишене баштайт.

Качан гана Анжияндагы аскер бөлүгүнө жергиликтүүлөрдүн кол салгандыгы жөнүндөгү кабар телеграф аркылуу Ташкентке жеткенде гана Түркстан крайынын генерал-губернатору, генерал-лейтенант Н.И.Корольков Ферганада жайланышкан аскер кошундарынын баарын аскер-губернаторго баш ийүүсү жөнүндө көрсөтмө берет. Генерал-лейтенант Повало-Швыйковский ошондон кийин аскер күчтөрүн дислокациялоо боюнча буйрук берип,

[1] *Тимаев К.* Андижанское восстание...—132-б.

өзү атчан казактардын коштоосунда Анжиянга жол алат. Аскер-губернаторунун кабарга анча маани бербей, чечкиндүү аракеттерди кечендетип жибериши дароо эле жогорку бийликтер тарабынан катуу сындалган. Мисалы, Повало-Швыйковский ошол күндөрү «Золушка» деген балдар опереттасынын репетициясында болуп, аябай чарчагандыктан Еникеев жиберген билдирүүнү күзөтчү казактан эртеси күнү алып окугандыгы жөнүндө имиш-имиштер тарап, маселенин чоо жайы жогорку бийликтегилерге айкын болот. Аскер адамы болгондугуна карабастан, балдар чыгармачылыгына ашкере кызыгуусу, анын карьерасына зыян болоорун генерал байкабаган да чыгаар.

Ферганадагы окуядан катуу тынчсызданган согуш министрлиги өзгөчө иш чараларды кабыл алган. Орусиянын ошол кездеги аскер министри генерал-лейтенант Куропаткин Түркстан крайы боюнча генерал-губернатордун милдетин убактылуу аткарып турган генерал Корольковдон Ферганадагы окуялар жөнүндө расмий билдирүү алаары менен падышанын кабыл алуусунда болуп, бир топ сунуштарды киргизет жана кошумча иш-чараларды кабыл алуу боюнча кеңешет. Падыша анын сунуштарына макул экендигин билдирип, дароо көрсөтмө берүүнү буюрат. Согуш министри дароо эле Түркстан крайына жаңыдан генерал-губернатор болуп дайындалган Духовскийге мындай мазмундагы телеграмма жиберет:

*«Согуш министрлиги. Башкы штаб.*
*Азия бөлүмү. 1898-жыл, 21-май. № 25724*

***Түркстандын баш губернатору жана Түркстан аскер округунун аскерлеринин командачысына***

*Жогорку даражалуу Сизге маалым болгон, генерал-лейтенант Корольков 18-майда жиберген шашылыш теле-*

*грамманын негизинде Азирети Улуу Падышага берилген маалыматтардан соң Улуу Даражалуу Падыша 21-майда генерал-лейтенант Корольковдун сунуштарын макул көрүп, жогорку даражалуу Сизге төмөнкүлөрдү буюрууга өкүм кылды.*

*Жогорку даражалуу Сиз тез арада кызмат жайыңызга жөнөп кетиңиз.*

*Генерал-лейтенант Корольков Ферганага жөнөп кетсин, орус кошуундарына кол салууга жол койгон кишилерди сурак кылсын, кыштак жамааты менен амалдар адамдар кай даражада айыптуу экендиктерин териштирсин жана аскерлер өздөрүн кандай кармашкандыктарын аныктасын.*

*Фергананын аскер-губернатору генерал-лейтенант Повало-Швыйковский менен Анжиян уездинин башчысы ээлеген кызматтарынан четтетилсин.*

*Адистештирилген 1-Түркстан бригадасынын башчысы генерал-майор Йонов Ферганага жиберилсин жана анын карамагына областта жайгашкан кошуундарга убактылуу командачылык кылуу вазийпасы жүктөлсүн. Ошондой эле биздин лагерибизге кол салган айыптууларды кармоодо жана жаңы топтор пайда боло турган болсо, аларга каршы күрөшүүгө тартыла турган аскер бөлүктөрүн да башкарсын.*

*Генерал Ионовдун ыктыярына Самарканддан Ферганага 2-Урал казак полкунун эки жүздүгү полктун командири Жигалинин жетекчилигинде жиберилсин.*

*Памир посту бекемделсин.*

*Тоолордо жана вилаеттерде козголоңдор боло турган болсо, жазалоолор белгиленсин.*

*Кошундарыбызга чабуул коюуда күнөөлүүлөр ырайымсыздык менен жазалана тургандыктары тиешелүү жетекчи кишилерге маалымдалсын, мында Түркстан округунун кошуундарынын убактылуу командачысына талаа сотунун*

*өкүмдөрүн тастыктоо укугу берилсин.*

*Фергана аскер-губернаторунун милдетин убактылуу аткаруу үчүн 2-Каспий аткычтар бригадасынын башчысы генерал-майор Чайковский Маргаланга жиберилсин. Самарканд уездинин башчысы, полковник Чернявский жана Ташкент уездинин башчысы подполковник Крилов ага жардамчы болуп дайындалсын.*

*Генералдар Йонов жана Чайковскийлерге 600 сомдон, полковник Чернявский жана подполковник Криловго 300 сомдон, Ферганага жөнөп жаткан эки жүздүк офицерлерге жана полк командирине жарым жылдык каражат эсебинде жол акысы берилсин.*

*Согуш министри, генерал-лейтенант*

*Куропаткин»*[1]

Жаңы кызматка дайындалган Духовский ишине киришкенче, Корольков Санк-Петербургдан берилген көрсөтмөгө ылайык өзүнө керектүү кишилерди алып, Ташкенттен он эки чакырым ыраакта турган Ниязбашы кыштагынан атайын даярдалган поездге түшүп, Ферганага жөнөп кетет. Алардын ичинде башкы аскер-губернаторунун карамагындагы штаб офицери, полковник Девин, «Туркестанские Ведомости» журналынын редактору подполковник Романович, котормочу Диваев, Түркстан аскер округунун соту, аскер прокурору Долинский, өзгөчө зарыл иштер боюнча тергөөчү Некрасов жана башкалар бар эле.

21-майда Ховост бекетинде Уралдан келе жаткан казак кошундарынын 2-полкунун аскерлери кошулат. Топтун башында турган генерал Корольков Анжиянга келе жатып, темир жол бекеттеринин биринде Ферғананын

[1] ОБМСТА. —400-ф.—1-оп. —2177-иш. —30-барак.

аскер-губернатору Повало-Швыйковскйге жолугат. Амалкөй Корольков аскер-губернаторунун ээлеген кызматынан бошогондугун айтпастан, Асакенин приставы Еникеевди тезинен кызматтан четтетүүнү талап кылат.

Ферганага аскер-губернатор болуп дайындалган Чайковский Чаржуйдан Ферганага келе элек болучу. Ошондуктан, Повало-Швыйковскийдин өз ордунда иштеп турганы оң болучу. 23-май күнү саат бирлер чамасында Анжиянга жетип келген Корольков аскер прокурорун жана аскер тергөөчүсүн туткунда жатышкан Мадали эшен менен анын шериктерин көрүп келүүгө жиберет. Өзү болсо аскер башчыларынын жана жергиликтүү болуштук башкаруучулардын маалыматтарын угуу менен, түпөйүлгө түшкөн улутташтарынын көңүлүн ачуу үчүн аскер оркестрине шаңдуу музыка ойноого буйрук берди.

Окуянын чоо жайын байкап көргөн губернатор крайдагы абалды турукташтыруу боюнча дагы бир буйрукка кол койду. Анын мазмуну мындайча эле:

*«Түркстан крайы боюнча буйрук.*
*1898-жыл,30-май. №89. Анжиян шаары.*

*87-буйрукка кошумча иретинде жарыя кыламын. Катуу дүрбөлөңгө учураган Фергана жана Самарканд вилаеттери, ошондой эле Сыр-Дарыя вилаетинин Ташкент, Чимкент жана Олуя-Ата уездеринин калкы менин ушул мыйзамына баш ийүүлөрү милдетүү:*

*Төмөнкү иштер боюнча күнөөлүү кишилер:*

*а) жогорку өкмөткө каршы көтөрүлүш чыгарып, козголоң уюштурган жана бийликке кыянат кылгандар;*

*б) өкмөткө куралдуу каршылык көрсөткөндөр;*

*в) кошуундарга, сакчыларга жана кароолдорго, миршабдарга жана бардык мансаптуу кишилерге, алар кызматын же вазийпаларын өтөп жаткан учурда кол салгандар;*

*г) зулумдук кылгандар;*

*д) талоончулук кылгандар;*

*е) уурулук кылгандар;*

*ж) темир жолго жана аракеттеги курамга атайылап зыян келтирген кишилер.*

*Мына ушуларды аскер сотуна берүү жана жазалоо жөнүндө мага маалымат берилүүсү зарыл.*

*2) Шаарлардан сырт жактарда жайгашкан темир жол жана телеграф зымдары жаман ниеттеги кишилер тарабынан бузулбасы үчүн жоопкерчилик ошол жайлардагы болуштуктардын башчыларына жүктөлсүн.*

*Козголоң жөнүндөгү ар кандай имиш-имиштер, кыштак калкынын кол салуулары, жаман ниетте темир жолдорду бузуу фактылары жана кылмыштуу топтор пайда болгондугу жөнүндөгү кабарлар ачыкка чыгарылбастан кыштак полициясынын мекемесине жеткирилсин.*

*Мейманканалар, үйлөр жана квартиралардын ээлери мейманканаларга, үйлөргө, квартираларга келген чоочун кишилер жөнүндө тез арада миршабканаларга билдирип турушсун.*

*Кыштак калкына, кыштак миршабканасынын уруксатысыз эл топтолуучу жайларда, кала берсе үйлөрдө да топтолушуна тыюу салынсын. Бул буйрукту аткаруу кыштак миршабканасынын өзүнчө милдети деп эсептелсин.*

*Кыштак кишилери өз болуштуктарынан четке чыгуу үчүн шаар же кыштак миршабканаларынын башчылары тарабынан атайын күбө кагазын алышсын.*

*Ушул буйруктун 2-6-пункттарында белгиленген тартипти бузгандыгы үчүн айыпталуучулар мамлекеттик тартипти жана коомчулуктун тынчтыгын сактоо боюнча жазалар жөнүндөгү Мыйзамдын 15-статьясына ылайык үч айга камалат же болбосо беш жүз сомго чейин жазана төлөшөт. Белгиленген мөөнөттөгү камоо жана жазана*

*аскер губернатору тарабынан берилип, бул жөнүндө өлкө башчысына кабардар кылынат.*

*Ушул буйрук катуу тынчсыздануу абалында болгон бардык эл жашаган жайларда жарыя кылынсын.*

*Башкы губернатордун милдетин аткаруучу, генерал-лейтенант Корольков»*[1]

Жогорудагы буйруктарды аткарууга колониялык жана жергиликтүү бийлик ээлери катуу киришишкен. Көтөрүлүшкө катыштыгы бар деп кармалгандардын саны аябай көп болгон. Элдин ичинде ак топу жана ак селде салынгандардын баары ак-карасы ылганбастан кармалып, орус аскерлеринен оор запкы көргөн. Козголоңчуларды басуу үчүн бөлүнгөн аскерлер Миң-Дөбө, Тажик, Кашкар, Окчу кыштактарын катуу ок атууга алган. Жазалоочу кошуун тарабынан көтөрүлүш чыккан аймактардагы калк сот-сураксыз атылууга дуушар болушкан. Тирүү калгандары кармалып, камакка алынган.

Падыша өкмөтү көтөрүлүштүн бүтүндөй Түркстан крайына жайылып кетишинен кооптонуп, репрессиялар Фергана өрөөнүнөн тышкаркы аймактарда да жүргөн. Мисалы, көтөрүлүш болгон жерден жүздөгөн чакырым алыс-тыкта жайгашкан Жети-Суу областынын Пржевальск уездинде уезддик начальник 1998-жылдын май-июнь айларында 100 гө жакын тоолук кыргыз адамдарын Анжиян көтөрүлүшүн басууда качып келишкен деген шылтоо менен абакка салууга буйрук берген. Сурак мезгилинде алар жөн-жай жүрүшкөн малчылар гана экендиги билинген соң гана аларга карата сот иши токтотулган[2].

Чынында, Жети-Суу облусуна чейин көтөрүлүштүн таасири тийгендигин Кыргызстандын түндүк аймактары-

---

[1] *Эгамназаров А.* Сиз билган Дукчи Эшон...—10-б.

[2] *Федоров Е.* Очерки национально-освободительного...—17-б.

нын тургундарынын көтөрүлүштү колдогондугу, ага тилектеш экендиктери тууралуу Прежевальск уездинин башчысынын 1898-жылдын 15-июнундагы жашыруун рапорту жана башка расмий документтер күбөлөп турат[1].

Ошондуктан Фергана өрөөнүнөн сырткаркы аймактарда да чалгындоочу атайын аскер топтору тарабынан бийик тоолорго жашынышкан көтөрүлүшчүлөр жана аларга тилектеш адамдарды издөө иштери жүргүзүлгөн. Жети-Суудагы аскердик бөлүктүн бир солдатынын катында мындай маалыматтар учурайт: «Мына бүгүн менин Ферганага чектеш жерлерден мүрүддөрдү издөө үчүн Ат-Башыдан чыкканыма 30 күн болду. Ат-Башынын участкалык приставы И.Г.Сатов жетектеген отрядка кошулдум. Ушунча убакыттын ичинде бизге мин-дөбөлүк эшен менен алакада болуп, көтөрүлүшкө катышкан деген шектүү 80 ге жакын кишини Анжиянга жөнөтүүгө мүмкүн болду»[2].

Колониалдык бийликтер тарабынан Анжиян көтөрүлүшү басылгандан кийин Фергана өрөөнүнүн калкына 300 миң рубль өлчөмүндө чыгым салынган. Алгач, генерал-губернатор Фергана областынын калкынын казынага жана жеке адамдарга келтирилген материалдык чыгымдарын 1 000 000 рубль деп баалап, аны областтын калкынан өндүрүү боюнча падышага өтүнүч жиберген. Бирок, падыша тарабынан анын бул сунушу кабыл алынбай, 300 миңге түшүрүлгөн[3].

Бул чыгымды төлөө боюнча падышанын 1898-жылдын 3-сентябрында чыккан буйругунда көтөрүлүшкө

---

[1] *Усенбаев К.* Народные движения Средней Азии...—126-б.

[2] Андижанское дело. // Туркестанские Ведомости. —№ 1680, 1898 г.

[3] Расследование о нападении шайки туземцев на русский лагерь в Андижане.// Туркестанский сборник.— Т.427. —50-б.

тигил же бул деңгээлдеги катыштыгына карата Фергана областынын аймактары түрдүү категорияларга бөлүштүрүлгөн. Аталган буйрукта:

«а) эң күнөөлүү деп табылган райондорго: Анжиян шаары, Маргалаң уездинин Кула жана Миң-Дөбө болуштуктары;

б) Экинчи топко: Маргалаң уездинин Ичкилик жана Асаке болуштуктары, Анжиян уездинин Көк-Арт, Суусамыр жана Хакен болуштуктары, Ош уездинин Ноокат жана Ак-Буура болуштуктары;

в) үчүнчү топко: Маргалаң уездинин Кува, Шаарихан, Каратепе жана Яккатыт болуштуктары, Анжиян уездинин Кеңкол-Каракыр болуштуктары, Ош уездинин Булак-Башы, Ош болуштуктары ошондой эле Ош, Маргалан шаарлары киргизилген»[1].

Жазалоо иштери качан гана Падышадан көтөрүлүшкө тиешеси жок адамдарды жөнү жок кармоолорду токтотуу жөнүндөгү жашыруун көрсөтмө келгенден кийин гана бир аз басаңдай баштаса да, элди теске салуунун бирден-бир жолу катары бир топко чейин жер-жерлерде улантыла берген.

Сот жообуна тартылган жергиликтүүлөрдүн саны булактарда ар башкача берилет.

Сенг-Заденинин маалыматтарында «кармалгандардын баары 777 адам болуп, бирок кийин 362 адам бошотулган жана 415 көтөрүлүшчү сотко берилген. Соттун жыйынтыгында, 18 адам асылган, 344 адам жалпы узактыгы 4621 жылды түзгөн каторгага айдалган, алардын ичинен үчөөнүкү мөөнөтсүз (чексиз) деп эсептелинген. Андан сырткары, 18 адам Сибирге түзөтүү жумуштарына

---

[1] Приказы по Туркестанскому краю. г. Ташкет. 30 сентября 1898 г. —№176. // Туркестанские Ведомости. —№ 1693.—1898 г.

жиберилген, кармалгандардын 32си гана акталган».[1]

Кээ бир маалыматтарга караганда, 208 киши Сибирге айдалып, анын ичинен 136 кыргыз, 52 өзбек, 13 кашкарлык, 4 түрк, 3 тажик болгон[2].

1898-жылдын 1-июнунда Анжиян шаарында аскер соту, генерал-майор М.А.Терентьевдин жетекчилигинде көтөрүлүштүн айыпкерлеринин иши каралган. Аскер соту 19 адамды асууга өкүм чыгарган. Колдо бар архивдик маалыматтар боюнча өкүмдүн мазмуну төмөнкүдөй болгон:

*«Өкүм.*

*Улуу даражалуу Азирети Падышанын көрсөтмөсүнө ылайык 1898-жылдын он биринчи июнунда Анжиян шаарында аскердик сот генерал-майор М.А.Терентьевдин жетекчилигинде, аскердик соттун убактылуу мүчөлөрү: Түркстан артиллериялык бригадасынын подполковниги Антуфуев, 6-Оренбург казак полкунун полковниги Наумов, 4- жана 7-Түркстан адистештирилген батальондорунун подполковниктери Рукин жана Савицкий, аскер прокурору, генерал-майор Долинский жана колледж катчысынын милдетин аткаруучу Володимировдордун катышуусунда оор кылмыштар жөнүндөгү Мыйзамдын 17-18-жана 31-статьяларынын негизинде согуш убагындагы мыйзамдарды жетекчиликке алуу менен кылмышкерлерди жазалоо жана жүрүм-турумдарды түзөтүү жөнүндөгү Мыйзамдардын жыйнагынын 249-статьясына ылайык аскер сотуна берилген Миң-Дөбөлүк 45 жаштагы эшен Мухаммадали калпа Мухаммад Сабыр уулу, 45 жаштагы Кулла болушунун башчысы Гайыбназар Артыккожо уулу, түркийлер[3]: 52 жаш-*

---

[1] Сенг-Заде. К 30-летию...—82-б.

[2] История народов Узбекистана. Т.2.—Ташкент,1893.

[3] Аталгандар кыргыз болушу да мүмкүн. Себеби орус статистери көп учурларда кыргыздардын айрымдарын «түрк» деп беришкен.

*тагы Субханкул Араббаев, 36 жаштагы Бутабай Гайнабаев, сарттар: 33 жаштагы Рустамбек Сатыбалдыбек уулу, 44 жаштагы Мирзахамдам Усманбаевдердин иштерин карады.*

*Сот ишти карап чыгып, соттолгондорду төмөнкүлөргө айыптуу деп тапты:*

*1. **Мухаммадали эшен** өлкөдө орус өкмөтүн оодарып таштаашты ойлоп, өлкөдөгү көп шаарларда жана болуштуктарда калкты куралдуу көтөрүлүшкө көндүргөн, газават жарыя кылган жана өзүнүн бир топ кылмышкер шериктери менен аларга башчылык кылып, ушул жылдын 18-майына оогон түнү куралчан Анжиян шаарындагы лагерде турган адистештирилген 20-Түркстан негизги батальонунун 4- жана 5-роталарына кол салгандыгы үчүн айыпталат.*

*2. **Гайыбназар** Мухаммадали эшен менен өлкөдөгү орус өкмөтүнө каршы козолоң көтөрүү жана газават жарыялоо жөнүндө тил бириктирип, Кулла болушунун башчысы кызматында иштеп жаткандыгынан пайдаланып коркутуу, опузалоо менен башка кыштак кишилерин бул ишке катышууга көндүрүп, аны ишке ашырууга көмөктөшкөндүгү, Анжиян гарнизонунун лагерине кол салуу учурунда кылмышкерлерди бир тобуна башчылык кылгандыгы, Кулла кыштагынан жөнөөдөн абал өз үйүндө түнөгөн мещан Сафрон Бичковду өлтүрүп, башын кескендиги үчүн айыпталат.*

*3. **Субханкул Араббаев** өлкөдө орус өкмөтүнө каршы козголоң көтөрүү жана газават жарыялоо жөнүндө Мухаммадали эшен менен тил бириктирип, Анжиян гарнизонунун лагерине кол салууга катышкандыгы жана топтун бир бөлүгүнө башчылык кылгандыгы үчүн айыпталат.*

*4. **Рустамбек** Мухаммадали эшендин козголоңунда катышып, көмөк көрсөтүүгө алдын ала убада бергендиги, өз дүкөнүнүн Анжиян гарнизонунун лагеринин жанында жай-*

*гашкандыгынан пайдаланып лагерге кол салган учурда абалды байкоого зарыл маалыматтарды жеткизип тургандыгы жана кол салууга катышып, башкаларга жетекчилик кылгандыгы үчүн айыпталат.*

*5.* ***Мырзахамдам Усманбаев*** *Мухаммадали эшен менен тил бириктирип, Анжиянга кол салууга катышкандыгы үчүн айыпталат.*

*6.* ***Бутабай Гайнабаев*** *эшен менен тил бириктирип, Анжиян гарнизонунун лагерине кол салууга катышкандыгы үчүн айыпталат»*[1].



Аскер соту көтөрүлүштүн аталган катышуучуларын эң жогорку жаза — өлүм жазасына буюрат. Өкүмдө аларды бардык мал-мүлктөрүнөн ажыратып, өлүм жазасын асып өлтүрүү менен ишке ашыруу жана кеткен чыгымдарды алардын эсебинен каржылоо белгиленет.

---

[1] ОБМСТА. —801-ф. —49-оп.—141-иш. —247-249-барактар.

Соттун чечиминде бул тууралуу мындай деп берилген:

*«Аскер сотунун Уставынын 1128-1155-статьяларына ылайык сотко кеткен чыгымдар бардык айыптуулардан бирдей өлчөмдө өндүрүлсүн, эгерде алардын буга кудурети жетпесе казынанын эсебинен төлөнсүн. 20-Түркстан адистештирилген батальонунун каза тапкан 22 аскеринин үй-бүлөлөрүнүн учураган зыяндары багуучусунан айрылган ар бир үй-бүлөгө 200 сом өлчөмүндө жылдык кирешеден 4 пайызын капиталга айландырып, бир убакта 5000 сомдон Аскердик мыйзамдар жыйнагынын 1869-жылкы 2-чыгарылышынын XXII китебинин 62-статьясынын 2-пунктуна негизделип, соттолгондордон жана алардын жакындарынан өндүрүлсүн. Ушул өкүм мыйзамдуу күчкө ээ болгондон кийин Аскер сотунун Уставынын 1428-статьясынын 2-пунктуна негизденип, Түркстан аскер округунун аскер кошуундарынын командачысынын ыктыярына жүктөлсүн»*[1].

Түркстан аскер округунун сотунун өкүмү боюнча жогорудагы кишилер өлүм жазасына кириптер болушуп, өкүм 1898-жылдын 12-июнунда дарга асуу менен аткарылган.

Колониялык доор башталгандан берки падышачылык бийликти сестенткен окуя катары каралган Анжиян көтөрүлүшүнүн катышуучуларын жазалоо жергиликтүү элге сабак болуш үчүн жана алардын жүрөгүнүн үшүн алуу максатында элдин көз алдында ишке ашырылган.

Бул окуя жөнүндө «Туркестанские Ведомости» журналы мындайча баяндайт:

*«Дарганын жанына шаардык орустар жана жергиликтүүлөр топтолушту. Шашке маалында аянтка аскерлер*

---

[1] ОБМСТА. —801-ф. —49-оп.—141-иш. —247-249-барактар.

*келип, дар курулган жерге жакын жайгашышты, алардын артынан талаа сотунун курамы, Фергана областынын прокурору, Анжиян уездинин көчмөн жана отурукташкан болуштуктарынын административдик чиндери менен депутаттары келишти. Жарым сааттан кийин ар биринде өлүм жазасына кириптер болушкан экиден кылмышкери бар үч араба келип токтоду. Барабанчылардын жана конвойлордун коштоосунда арабаларды дар тарапка карай алып жөнөштү. Соттолгондордун үстүнө кийгизилген чүмбөт каптар чечилди жана алардын жанына молдо барып акыркы жолу ыйман келтирип, алар менен биргеликте мындай учурда алардын дининде эмне талап кылынса, дал ошондой аткарышты.*

*Айыптуулар аягына чейин унчукпай турушту, бир гана Гайыбназардын жүзүнөн толкунданганы көрүнүп турду, ал бир нерсени айтайын деп аракеттенди эле, барабандын үнү анын сөзүн басып кетти. Молдо диний ырымдарын бүткөн соң, айыпкерлерге кайрадан чүмбөт каптар кийгизилди. Чейрек сааттан соң асылгандардын өлгөндүгү врач тарабынан текшерилди.*

*Ушундан кийин аскерлер жана мансаптуу кишилер тарап кетишти. Жергиликтүүлөр тынч жана бейгам турушту. Ал тургай эшен менен кошо асылгандар аны менен коштошмок тургай, ага кымындай да көңүл да бурушпады*[1]*. Ал начар актердой өзүнүн ролун акмак сымал ойноп бүттү. Аны менен эч кимдин иши жок эле. Өлгөндөрдүн денелери кечке дейре асылып турду»*[2].

---

[1] Жогорку жазылгандар албетте падыша бийлигинин сөзүн сүйлөгөн басма сөз органынын түшүндүрүүсү эле. «Газават күрөшүндө өлүү шейит болоорун» дилинде жакшы түшүнгөн жазалангандар жана аны карап турган жергиликтүү калк кудайдын буйругуна жана тагдырдын салганына кайыл болуп, ичи кайнап турса да билгизбей, унчукпай тургандыгын орус гезитинин жазмакерлери кайдан билишсин.

[2] *Тимаев К.* Андижанское восстание...— 139- б.

Кечке жуук алардын денелери алынып, дар түбүндөгү казылган чуңкурга ташталды, алардын кай жерге жашырылгандыгын билдирбөө максатында көмүлгөн жерге акиташ төгүлүп, үстү жер менен бирдей тегизделип ташталган.

Өлүм жазасын өз көзү менен көргөн Фазылбек Атабек уулу жергиликтүү башкаруучулардын аракети менен окуяны көргөзүү үчүн атайылап жаш балдардан тартып жергиликтүү элди аянтка айдап келишкендиктерин баяндап келип, өмүрүндө мындай көрүнүштү биринчи жолу көрүшкөн тестиер балдардын арасы ызы-чуу түшүп, ата-энелери бул балекеттүү жерден балдарын тез алып кетүүгө ашыгышкандыктарын жазат.

Чыныгы пенделик көз караш менен алып караганда, топтолгондордун өлүм жазасын унчукпай көрүп туруулары мыйзам ченемдүү көрүнүш эле. Анткени, көтөрүлүштөн кабары жок бейкүнөө жүздөгөн адамдардын бийликтер тарабынан зомбулука учуроолору элди бир аз сестентип да койгон болучу. Андыктан, алардын арасында ичинен эшенди сөккөндөрү, каргашалуу окуянын тез бүтүшүн чыдамсыздык менен күтүшүп, ырайымсыз жазалоочуларга наалат айткандары да болгондур.

Бул көрүнүштү жардаган элдин опур-топур түшпөстөн, тим туруп кабыл алышкандыгын белгилеп жазган аталган журналдагы баяндамага К.Тимаев өз эскерүүсүндө мындайча баа берген: *«Бул окуяга өзгөчө маани берүү үчүн жергиликтүүлөрдү билүү керек. Буга карата алардын туруктуулугу таң калаарлыктай, алардын пейилине таандык мүнөздүү белгиси болуп саналат. Алар мындайды эч кандай коркуусуз, кылмышкерди кекиртектен мууздап жатканда да жардап карап турган учурдагыдай тиктеп турууга жөндөмдүү. Мындай өлүм жазасы Бухарада*

*болгон. Ошондой жазалоонун менде сүрөтү да бар».*[1]

Козголоңчулардын экинчи тобу 1898-жылдын 27-28-июнунда, үчүнчү тобу 8-9-июлда, төртүнчү тобу 13-июлда, бешинчи, алтынчы топтору (Шадыбек эшендин тобу) 2-3-августа, жетинчи, сегизинчи топтору 15-17-сентябрында соттолушкан.[2]

Экинчи топтун башында Алибек датка деген турган. Бул топту негизинен Анжиян шаарынын жана анын жака белиндеги кыштактардын жашоочулары түзүшкөн. «7-июнда өз ишин баштаган аскердик сот Анжиянга кол салууга катышышкан жана эшен менен тил бириктирген деген айыптоо менен 40 кишини өлүм жазасына буюрган. Алардын ичинен күнөөсүн моюндарына алышкандыктары үчүн Низам Эддин Мухаммадбай уулу жана Тойчибий Сарымсак уулдары акталган. Жашы 18 ге толбогондуктан Махмуд Мырза Ахмедов түзөтүү жайына жиберилген. Бирок, бул өкүм боюнча падышага атайын өтүнүч жиберилгендиктен кийинчерээк өзгөртүлгөн. Анын натыйжасында 32 кишинин өлүм жазасы 20 жылдык каторга менен алмаштырылган. Улгайып калгандыгын эске алуу менен 62 жаштагы Алыбек даткага, 73 жаштагы Хаит бай Ир Назар Паңсатка кечирим берилип, 2 жылга камалышкан. Бул топтун ичинен 11 кишинин өлүм жазасы өзгөрүүсүз калган[3].

Мындан бир аз күндөн кийин эле абакта олтурган үчүнчү топтогу 32 кишинин жана төртүнчү топтун иштери каралган. Алтынчы топту жогоруда белгилегендей Шадыбек калпанын тобу деп атасак болчудай, ал жөнүндө кийинки бөлүмдө атайын кеп кылмакчыбыз.

---

[1] *Тимаев К.* Андижанское восстание...—138-б.

[2] *Эгамназаров А.* Сиз билган Дукчи Эшон...—81-б

[3] Туркестанский сборник. —427-т. —52-б. Туркестанские Ведомости. —№ 1668.—1898-ж.

Анжияндагы убактылуу аскердик сот 7-8-топтордун ишин бирге караган. 7-топто 15 айыпталуучу, 8-топто 70, баары 85 киши болгон. Көпчүлүгүн көгарттык элеттиктер түзүшкөн бул топтун ичинен 73 киши өлүм жазасына тартылган. Алар жөнүндө Түркстан аскер округу боюнча кабыл алынган 277-278-буйруктарда соттун өкүмү жарыяланган. Соттун өкүмү төмөнкүдөй пункттардан турган:

«**А** пункту» боюнча Чыйбыл болуш баштаган 14 кишиге крайдагы орус бийликтерин кулатуу максатында Мадали эшен менен заговорго катышкан деген күнөө коюлган. Атакул Паңсат Халназар уулу жана Чыйбыл Абдиллабиевдер Көк-Арт болуштугундагы көтөрүлүштүн уюштуруучулары деп табылган.

Ал эми Магомет Раим Берди уулу жана Кул Аваз Бадал уулдары Анжиянга кол салуу учурунда аламан топко жетекчилик кылган деп айыпталышкан. Калган айыпталуучулар 20-май күнү түн ичинде Кара-Алма токоюнун токойчусу Степан Лаврентьевди өлтүрүшүп, 400 рубль өлчөмүндөгү түрдүү буюмдарын тартып кетишкендиктери үчүн күнөөлөнүшкөн. Мындай кылмыштары үчүн бул топ жазаларын эч кандай жеңилдетүү укугусуз өлүм жазасына тартылат. Бирок падышага кайрылуудан соң ырайым берилип, Атабек Паңсат Халназар уулу жана Чыйбыл Абдиллабиевдердин өлүм жазасы мөөнөтсүз каторгалык иштерге сүргүнгө айдоо менен алмаштырылып, саясий өлүм жазасы берилген, калган күнөөкөрлөрдүн өкүмдөрү ар бирине 20 жылдык мөөнөттө каторгалык иштерге сүргүнгө айдоо менен өкүм өзгөргөн.

«**Б** пункту» боюнча айыпталгандар 17-21 жаштагы жаш жигиттерден турган. Алар Мурат Али Нусупов, Кул Мамбет Бурулчиев, Букеш Нур Мамбеталиев, Исхак Аб-

дурахманов, Пулат Жыртаков[1] деген кыргыз жигитттери болушкан. Буларга Чыйбыл Абдиллабиев өткөргөн Сары-Булак деген жердеги жыйынга катышып, Көк-Арт болуштугундагы орус кыштактарына кол салып талкалаган соң миңдөбөлүк эшенге барып кошулууга бүтүм чыгарышкан, ал эми Бурулчиевге элди аталган жердеги жыйынга топтогон, Абдурахмановго болсо Анжиян шаарындагы орус аскерлерине кол салууга катышкан деген күнөө коюлган. Аскердик сот бул топтогу айыпкерлерди Сибирдин чет жакасына поселениеге айдоого өкүм чыгарган.

«**В** пункту» боюнча 69 жаштагы Гайыпназар Ходжа Мухаммед Мурат уулу айыпталып, өлүм жазасына тартылган. Бирок анын карылыгын эске алып, падыша тарабынан ырайым берилген жана өлүм жазасы 2 жылдык абак мөөнөтү менен алмаштырылган.

«**Г** пункту» боюнча 53 адамдын иши каралган. Аскер соту алардын баарын өлүм жазасына тарткан. Бирок кийинчерээк өкүм өзгөрүлүп, 1 киши Сибирдин алыскы чет жакасына жөнөтүлүп, калгандары 7 жылдан каторгалык иштерге айдалган.

«**Д** пункту» боюнча 12 киши айыпсыз деп табылган[2].

Көтөрүлүшчүлөрдүн үстүнөн жүргүзүлгөн тергөө иштерине жана айыптоолорго Фергана өрөөнүнүн бардык аймактарында жашаган түрдүү элдердин өкүлдөрү кирип-тер болушкан.


Сот ишинин жыйынтыгы тез арада чыгарылып, ошол

---

[1] Болот Жыртаков 1910-жылы сүргүндөн кайтып келген. Белгилүү жазуучу *С. Сасыкбаевдин* «Сүргүндө. Эскерүүлөр жыйнагы» аттуу эмгегинде да учурайт. Автор Б. Жыртаковдун өз оозунан 1940-жылы сүргүндөгү күндөрү, Токтогул жанаЧыйбыл болуш жөнүндө жазып алган.

[2] Приказ по войскам туркестанского округа от 4-12 августа №277-278. //Туркестанские Ведомости №1684.—1898 г.

убактагы мезгилдүү басма сөз беттерине такай жарыялаdensып турган.


ТУРКЕСТАНСКІЯ ВѢДО

№ 1668

Үч айга созулган сот процессинин жыйынтыгынан төмөнкүдөй маалыматты келтирүүгө болот:

«Орус жана туземдик бийликтер тарабынан карма-

лып, тергөөгө берилгендердин саны 546 адамды түзгөн. Кармалгандардын арасынан 131 киши сурак берүүдөн бошотулган. 415 киши сотко берилген. Аскер соту ар бирин өз алдынча карап чыгып, 32 кишин эч кандай айыбы жок деп актады, 2 кишини абакка камоого, 1 кишини түзөтүү жайына жиберүүгө жана 380 кишини өлүм жазасына тартууга өкүм чыгарды. Алардын ичинен 18 киши асылган. Калган 362 кылмышкердин өлүм жазалары Улуу урматтуунун[1] ырайымдуулугунун негизинде: 1) үчөөнү мөөнөтсүз, 147син 20 жылдан, 41ин 15 жылдан, бирөөсүн 13 жылга, бирөөсүн 8 жылга, 147син 7 жылдан, 4өөнү 4 жылдан каторгалык иштерге сүргүнгө айдоо менен; 2) 15 кишини Сибирдин алыскы чет жакаларына сүргүн кылуу менен; 3) 3 кишини абакка салуу менен алмаштырган»[2]

Жогорудагы инсандардын канчалык дэңгээлде көтөрүлүшкө катыштыгы бар экендигин толук тастыктоочу булактар колдо жоктугунан улам, аларды бир гана соттук айыптоо өкүмү боюнча күнөлүү деп эсептөө чындыкка дал келе бербейт. Себеби, алардын арыз-дооматтары иликтенбестен атайын даярдалган күбөлөр тарабынан гана күнөөлүү деп айыпталып, уруп-сабоолорго чыдай алышпастан, «күнөөлөрүн» моюндарына алууга аргасыз болушкан. Падышалык өкмөттүн тиешелүү адамдары сот процессин узакка созо бербестен, тез бүтүрүп жиберүү аракетинде алардын ишин кароодо кылдаттык менен тактоонун анчалык зарыл эмес экендигин белгилешип, жазалоолор аркылуу элди сестентип коюу аракетинде болушкандыгын баамдоого болот.

---

[1] «Падышанын» деп окуңуз.

[2] Раследовании о нападении шайки туземцев на русский лагерь в Андижане.// Русский Инвалид.— №217.—1898.; Туркестанский Сборник —427-т. —4-56-бб.

Жаңы кызматка келген генерал-губернатор Духовский менен согуш министри Куропаткиндин ортосунда төмөнкүдөй жашыруун кат алышуу жогоруда айткан сөздүн төркүнүн тастыктап турат. Сот ишин тез аранын ичинде аяктоо боюнча жиберилген каттын мазмуну мындайча эле:

*«Жашыруун.*

*Согуш министрлигинин башкы Аскердик-сот башкармалыгына Духовскийден телеграмма*

*1898-жыл. 8-июнь*

*Фергана тынчтанууда, бирок шашылыш аскердик озгочо иш-чараларды улантууда аскердик сот ишин ылаажы барынча тез бүткөрүү абдан зарыл. Иштин созулуп кетүүсүнө жол койбоо үчүн соттолуп жаткандардан ар кандай даттануулар жана наразылык каттары түшө турган болсо аны жокко чыгарамын.*

*Кокустан, менден башкаларга да өкүмдү жокко чыгарууну суранган арыздар жиберилсе, мындай каттарга этибар бербөөнү өтүнүп суранамын. Жообуңузду күтөмүн, макулсузбу?»*[1]

Мындай телеграмманы алган согуш министри бат эле төмөндөгүдөй жооп жиберген.

*«Аскер-губернатору Духовскийге.*

*Ташкент шаары*

*Соттун өкүмүн кайра карап чыгуу же аны жокко чыгаруу укугу аскердик-соттун Уставынын 1421-статьясына ылайык Сизге берилген. Азирети Падышанын наамына өкүмдү бузуу жөнүндө жиберилүүгө мүмкүн болгон арыздарды кабыл алуу Улуу Азиретинин өз ыктыяры менен аларды акыбетсиз калтыруу үчүн анын алдынан өтүүнү өзүм үчүн ылайыксыз иш деп билемин. Ушуну менен бирге*

[1] ОБМСТА. —801-ф.—51-оп.—23-иш.—32-барак.

*Сиздин маалыматыңыз үчүн муну маалымдаймын. Менин оюмча, бул иште Фергана жанган өрттүн ортосунда калгандыгына байланыштуу Азирети падыша талаа сотторунун ырайымсыздык кылып жаткандыгын макул көрбөгөндүгүн, бир нече жолу билдиргенден улам, бул көрсөтмөнү кылмыштан соң дароо аткарууну, ылаажы болбогон шартта да эң жогорку жаза — атып өлтүрүүнү эң негизги гана айыпкерлерге колдонуу керек.*

*Адамдарды көбүрөөк өлтүрүү калкты мындан кийин тынч кармоого дурус пайда бербейт жана биздин Азиядагы аброюбузга терс таасирин тийгизүүсү мүмкүн.*

*Генерал-лейтенант Куропаткин»*[1].

Карапайым калктын катыгын колуна берип коюуга шымаланып киришкен Духовский ушул телеграммадан соң бир аз пейлинен кайткан. Бул анын талаа сотунун өкүмдөрүнө карата мамилесинен ачык көрүнөт. Анткени, өлүм жазасын көп колдонуу жакшылыкка алып келбесин жана падышанын буга карата пикирин түшүнгөн Түркстан крайынын «жарым паашасы» өлүм жазасына өкүм кылынгандардын айрымдарын жокко чыгарып, аны узак мөөнөттөгү каторгага айдоо суранычы менен падышага бир нече жолу кат жөнөтүп кайрылат. Натыйжада, Анжиян шаарында соттолушкан 7-8-топтогу 85 козголоңчунун ичинен өлүм жазасына тартылган 73 кишинин 59унун жазалары алмаштырылып, түрдүү мөөнөттөгү каторга менен алмаштырылат.

Анжиян көтөрүлүшү боюнча жүргүзүлгөн сот иштеринин жыйынтыгы Фергана өрөөнүндөгү колониалдык бийлик ээлеринин айрым кызмат адамдарына да күтүүсүз чоң жоготууларды алып келген. Ошол кезде Фергана областынын көтөрүлүшкө тиешеси бар деп эсептелген

---

[1] ОБМСТА. —801-ф.—54-оп.—23-иш.—37-барак.

кызмат адамдарынын көпчүлүгүнүн кызматы төмөндөгөн, башка ишке которулушкан же иштен таптакыр кол жуушкан.

Булактарда мындай маалыматтар берилет:

Падышанын Түркстан крайы боюнча кабыл алган 1898-жылдын 24-майындагы № 8-87-буйруктарына ылайык Фергана областынын аскер-губернатору, генерал-лейтенант Повало-Швыйковский жергиликтүүлөрдүн куралдуу шайкасынын Анжияндагы аскер кошунуна күтүүсүздөн кол салуусуна жол койгондугу үчүн кызматынан четтетилген. Кийинчерээк биротоло кызматынан бошотулуп, мундиринен жана пенсиясынан айрылган.

Падышанын аскер ведомосту боюнча 1898-жылдын 3-ноябрындагы буйругу менен, биринчиден,

а) Өзүнүн уездинде даярдалып жаткан козголоңчулардын куралдуу шайкасын байкабагандыгы жана өз убагында билбегендиги, ошондой эле эшен менен анын таламдаштарынын зыяндуу агитацияларына чек койбогондугу үчүн Маргалан уездинин начальниги, полковник Брянов;

б) Өзү турган аймакта 200 чамасындагы козголоңчулардын тобунун уюшулушуна жол койгондугу үчүн Анжиян уездинин начальниги, подполковник Коишевский;

в) Өзүнүн аймагында бир нече айдан бери даярдалып жаткан козголоңчулардын бетин ача албагандыгы үчүн Асакенин участкалык приставы Сахибь Гирей Еникеевдер ээлеген кызматтарынан бошотулуп, жөө аскерлердин запасына чыгарылган.

Экинчиден, а) Фергана областынын мурдагы аскер-губернатору жана аскер кошуундарынын командачысы генерал-лейтенант Повало-Швыйковскийге бийликтеги

шалаакылыгы үчүн;

б) Ош уездинин начальниги, полковник Зайцевге коңшу уезддин начальниктерине түзүлгөн кылмыштуу топ жөнүндө тез арада кабар бербегендиги үчүн;

в) Наманган жана Кокон уездеринин начальниктери полковниктер Арвианитаки жана Дзердиевскийлерге өздөрүнө берилген аймактагы калкка жетишээрлик көңүл бөлүшпөгөндүктөрү үчүн сөгүш берилген[1].

Жазалоолордон Мадали эшендин үй-бүлөсү да жабыр тарткан. Эшендин энеси Асалбиби Артыкбай кызын Фергана областынын аскер-губернатору Чайковский өзү сурак кылып, анын эч кандай айыбы жок болсо да, Түркстанда туруусун ылайык көрбөстөн, кемпирди Оруссиянын бир шаарына сүргүн кылуу керек деген ойго келет. Ал бул жөнүндө Түркстан аскер-губернаторуна да кат жиберген. Генерал-губернатор да бул ойду ырас көрүп, каттын үстүнө «жалгыз эле бул аялды эмес, балким маркум эшендин бардык үй-бүлө мүчөлөрүн сылык жол менен сүргүнгө айдоо керек» деген жооп кайтарат[1].

Ошентип 81 жаштагы бейкүнөө кемпир Асалбиби, эшендин төрт аялы: 22 жаштагы Рукуя биби Исмаилова, 30 жаштагы Тажибиби Махсудхожиева, 28 жаштагы Иснорабиби Абдужалилиова жана 20 жаштагы Айымча Саидкулова, уулдары: 3 жашар Мусулманкул жана Абдурахим, 7 жаштагы Абдужалил, кыздары: 3 жаштагы Хамрабиби, 8 жаштагы Нематпашалар Пенза шаарына 1899-жылдын 20-мартында сүргүнгө айдалышат. Көтөрүлүшкө эч кандай тиешеси жок эшендин бейкүнөө энеси жана бала-чакасы чет жердин шартына көнө алышпай кыйналышып, тил билбегендиктен көп азап чегишет. Ферганалык карыптардын аянычтуу кейиптери-

---

[1] Караңыз: ӨБМТА. –И-723-ф.–1-оп.–28-иш.–4-5-барактар

не боору ооруган Баишев деген татар эшен аларга өзүнүн үйүнөн жай берип, карамагына алат. Көп өтпөй кайрымдуу эшен Мадали эшендин энеси Асалбиби Артыкбай кызынын атынан өз мекенине кайтуу өтүнүчү менен падышага кат жазат.

Катка оң жооп болбогон соң, өз жерине болгон кусаны көтөрө албай жана балдарынын тагдырына ачынган кемпир ооруп жатып, 1900-жылы Пенза шаарында көз жумган. Чоң энеси өлгөндөн кийин деле жакшылыктан үмүт үзбөгөн карыптар өтүнүч менен кайрылууларын уланта беришкен.

Сыягы, бул ишке Мадали эшендин Ферганадагы тууган-уруктары да катуу киришишкен көрүнөт. 1901-жылдын 10-августунда Ферганалын аскер-губернатору Түркстан крайынын генерал-губернатторуна Мадали эшендин сүргүндөгү үй-бүлөсүн туулган жерине кайтаруу өтүнүчүн билдирип кат жазат. Катта элге сабак болуш үчүн айдалган күнөөсүздөрдүн Ферганага кайтарууга убакыт келгендиги белгиленип, мындайча аяктаган: «...Эшендин аялдары али жаш, алар өзү туулуп-өскөн кыштактарга барышкандан кийин жаңыдан турмуш башташат жана жаңы үй-бүлөлөрүндө өз өтмүштөрүн унутушат»[1].

Ферганалык карыптарды мекенине кайтаруу маселесин Пенза шаарынын губернатору да көтөрүп, 1902-жылдын жазында Орусиянын ички иштер министрлигинин Полиция департаментине кат менен кайрылган. Мындан эки жыл өткөндөн кийин гана карыптардын көптөн күткөн мүдөөлөрү орундалып, сүргүн мөөнөтөттөрү аяктаганга чейин эле өз мекендерине кайтууга уруксат берилген.

[1] ӨБМСТА. —1-ф. —4-оп.—238-иш.—57-барак.

## Элет ичинде: Чыйбыл болуштун тагдыры

Көтөрүлүшчүлөрдү жазалоо иштери жана репрессиялык иш-чаралар Фергана өрөөнүнүн кыргыздар жашаган аймактарында аябай курч мүнөздө болгондугу маалым. Көтөрүлүштүн очогу катарында бааланган Көк-Арт, Кетмен-Төбө, Ноокат аймактарында аеосуз жазалоолор кеңири жүргүзүлгөн.

Алгачкы баптарда белгиленгендей, көгарттык Чыйбыл болушка Анжиянга кол салуу жөнүндөгү шашылыш кабар күтүүсүздөн берилгендиктен, ал бул ишке кошулбай калган. Козголоң жөнүндө кабар алышкан Каракөлдөгү казак орустар Анжиянга шашылыш жөнөп кетишкендигине карабастан, көгарттыктар орустарга жапырт кол сала алышпастан 20-май күнү түн ичинде Кара-Алма токоюнун токойчусу Степан Лаврентьевди өлтүрүү менен гана чектелишкен. Бул окуяга Чыйбыл болуш тикеден-тике катышкан дагы эмес. Чыйбылдын мындай пассивдүүлүгү Мадали эшенден так буйрук ала албагандыгы менен түшүндүрүлүшү тийиш.

Кийинки мезгилдери орус бийликтерине сыртын сала баштаган Чыйбыл болуш жазалоонун биринчи күндөрүндө эле жазалоочу аскерлер тарабынан Анжиянга алынып келинип, көтөрүлүштүн жетекчилеринин бири катарында айыпталып, абакка салынат. Кечээ эле орус бийликтеринин жергиликтүү элди башкаруудагы ишеничтүү адамдарынын бири болгон Чыйбыл болуш Фазылбек Атабек уулунун маалыматы боюнча Мадали эшен менен биргеликте өлүм жазасына тартылган. Элеттин таасирдүү адамдарынын бири болгон Чыйбыл болуш Абдиллабий уулу абакта жүргөн кезинде урупсабоолордун баарын чыдамкайлык менен көтөрүп, өзүн кадыресе алып жүргөндүгүн ошол убактагы айрым адам-

дар таң калуу менен эскеришкендиктерин аталган аалым мындайча жазган:

«Эшен менен бирге келтирилген Чыйбыл болуш менен эки киши эшенге көрсөтүлгөн кыйноолордон корнен кушуп олтурушчу. Бирок, Чыйбыл болуштун ыраңынан коркуу сезими билинбейт эле»[1]. Ушул эле автор Чыйбыл болушту Мадали эшен менен бирге өлүм жазасына тартылып, дарга асылган адам катары жазып калтырган.

Бирок, жогоруда белгилеп өткөндөй Чыйбыл болуш дарга асылган эмес. Ал 8-топто соттолгондордун ичинде тизме боюнча экинчи турган жана алгач өлүм жазасына тартылып, кийин өкүм өзгөргөн соң мөөнөтсүз (өмүрлүк) сүргүнгө айдалган. 1898-жылы чыккан Түркстан аскер округу боюнча №278-буйрукту карап чыкканыбызда Чыйбыл болуш менен катар эле анын тууган-уруктары кошо айыпталгандыгынан кабардар болдук. Алардын ичинде Галча Абдуллабиев, Мурат Али Нусупов, Төрөкелди Чыйбылов деген кишилер учурайт.

Аталган инсандар Көк-Арттын «ага-ини арстандары» атыккан Чыйбылдын агасы Нусуп жана алардын уулдары болушу ыктымал.

Нусуп Тогуз-Торо аймагында болуш болуп, элди калыстык менен башкарган, касиеттүү олуя чалыш киши болгон. Бирок, жаштайынан бел оорулуу болгондуктан көп жашабай көз жумган. Ооруп төшөктө жаткан күндөрдө Нусупка Тогуз-Тородо эки уруунун жаңжалын басып берүү өтүнүчү менен кишилер келип, аны төөгө атайын даярдалган орунга  жаткырган боюнча ашуу ашып алып барышканда, Нусуп бир ооз сөз мнен жаңжалды баскандыгы эл оозунда айтылып жүрөт.

Нусуп көз жумаарда жакындарына: «Мени кишинин буту басып өтпөгөн жолдон ыраак бийикке койгула.

---

[1] Караңыз: *Атабек уулу Фазылбек.* Дукчи эшон...

Ошондо бардык тукумуңар кыйын чыгат», — деп керээз калтырган делет, эл оозунда. Бирок, Нусуп көз жумганда Көк-Артка найза бою кар түшүп, эл колунда бар кийиз-шалчаларын төшөп, үч чакырымдай жерге жол салып олтуруп, Тамга-Терек мүрзөсүнө алып барып коюшкан. Кийинчерээк Нусуп коюлган жердин үстүнөн жол түшүп кеткендиктен, анын керээзи боюнча 1996-жылы эл тарабынан кайрадан бийик жерге алып барылып, күмбөз курулган. Ошол жылы эле Нусуптун сүргүндө өлгөн иниси Чыйбыл, 1938-жылы репрессияга учураган анын уулу Жоробекке да күмбөз салынган.

Чыйбыл болуштун байбичесинен Төрөкелди, Алпамыш, Жоробек деген уулдары, дагы бир аялынан Ырыс-кул, Табылды аттуу балдары, Кутбия ысымдуу кызы болгон. Айрым булактарда Төрөкелди 1916-жылдагы көтөрүлүшкө катышкандыгы үчүн сүргүнгө айдалгандыгы айтылат. Бирок жогоруда белгилегендей Төрөкелди Анжиян көтөрүлүшүнө катышкан деп айыпталып сүргүнгө айдалган. Ал эми 1916-жылы анын дагы бир уулу Алпамыш көтөрүлүштүн уюштуруучусу катары орус бийликтери тарабынан өлтүрүлгөн. Аны менен кошо Калмак-Кырчындагы Өңгү деген айылда отузга жакын адам атылган[1].

Чыйбылдын сүргүнгө айдалгандыгы жөнүндө Токтогул сүргүндөн кайтып келип, Эшманбет ырчы менен учурашып ырдаган ырында да саптар кездешет. Элеттиктердин мартабалуу инсандарынын бири болгон бул инсандын жөн-жайын сурап Эшманбет ырчы:

*«Көрдүң бекен Токтогул,*
*Көк-Арттан барган Чыйбылды.*
*Кунадир келип кармаган,*
*Күмүш боолуу туйгунду»,* —деп Токтогулга кайрылганда, ал:

[1] Бул оозеки маалыматтарды Чыйбылдын чебиреси, ОшМУнун ага окутуучусу Д.Жолдошбаев тастыктады.

*«Күмүш боолуу туйгунду*
*Койгапка кеткен кургурду*
*Көрүп жүрдүк өлгөнчө,*
*Көк-Арттан барган Чыйбылды.*
*Айдалып кетип баратып,*
*Жолдо калды өлгөндө*
*Жору, кузгун жеди окшойт*
*Адам чыкпай көмгөнгө»*[1], — деп анын жолдо каза болгондугунан кабар берген.

Бул фактылар жогоруда айткандай Чыйбыл болуштун өлүм жазасына тартылбастан, сүргүнгө Токтогул Сатылганов менен бирге айдалгандыгын тастыктап турат. Айрым булактарда Чыйбыл болуш өзү менен кошо сүргүн кылынгандар менен биргеликте Иркутскийдеги темир жол тоннелинде иштеп жатып, катуу кеселге учурап, 1907-1908-жылдары сибирь жарасынан көз жумуп, анын сөөгү ошол жердеги токойдун четине мекендештеринин катышуусу менен коюлгандыгы айтылат[2].

---

[1] Караңыз: Айтыштар. Т.2.—Фрунзе, 1972.—119-б.

[2] *Жалилов Сайфидин хожи.* Салтанатни титратган кунлар. — Ташкент, 1898.—108-б. Анжияндык бул окумуштуу аталган эмгегинде Чыйбыл болуш жөнүндөгү маалыматтарды анын мекени болгон Көк-Арт өрөөнүнө үч жолу барып жергиликтүү санжырачы Ади Өмүраалы уулунан жана Чыйбылдын урпактарынын өз оозунан жазып алган.

## Токтогул Сатылганов

Жазалоо иштери Токтогул Сатылганов жашаган Кетмен-Төбө өрөөнүндө да катуу жүргөн. Ошол кездеги бул аймактагы болуштук бийликти талашуудан келип чыккан элеттин таасирдүү адамдарынын ортосундагы жекжааттык карама-каршылыктардын курчуган мезгили жазалоо иштерине дал келип калуусу абалды ого бетер ырбаткан. Анткени «жеке ата» менен «жети ата» деп аталган топтордун жаңжалдарынын Токтогулдун тобунун жеңилүүсү менен аяктоосу ошол топтун мүчөлөрүнүн ак жерден айыпталып, репрессиялануусуна алып келген.

Болуштук шайлоодо жеңип чыккан жамаат көпчүлүккө белгилүү Токтогул ырдап жүргөн «Беш каман» Рыскулбековдордун тобу болучу. Репрессияларды жергиликтүү болуш, бий, ыстарчындар күчөтүп, өздөрүнө жакпаган адамдардын баарына көтөрүлүшкө катышты деген жалган жалааларды жабуу менен кара тизмеге каттап койгондуктарын адилеттик үчүн айта кеткенибиз оң. Ушундай көрүнүш Кетмен-Төбө аймагында жогоруда белгилеп өткөн жамааттардын жаңжалынан улам күчөгөн.

Кыргыз элинин белгилүү акыны Токтогул Сатылганов ушундай көрүнүштүн жазыксыз курмандыгыбы болдубу же чындап эле Анжиян көтөрүлүшүнүн идеялык дем берүүчүсү беле? Бул маселе боюнча өзүнчө сөз кылууга болот. Изилдөөчүлөрдүн арасында соңку мезгилдерге чейин эле жогорудагыдай эки көз караш жашап келе жаткандыгы маалым. Алсак, тарыхчы А.А.Чукубаев өзүнүн «Токтогул: Эпоха, жизнь, творчество» аттуу монографиясында өткөн кылымдын 50-60-жылдарында Анжиян көтөрүлүшү боюнча үстөмдүк кылган концепцияга ылайык Токтогулдун аталган окуяга эч кандай катыш-

тыгы жоктугу жана карапайым калктын колдоого албагандыгын белгилеп, көтөрүлүш реакциялык жана элге каршы мүнөздө болгон деп, тыянак чыгарган[1]. Изилдөөчүнүн ушундай жыйынтыкка келүүсүнө 1953-жылдагы Фрунзе шаарындагы конференция зор таасир эткен болуусу керек[2]. Т.Сатылгановдун айыпка тартылышынын түпкү себебин ал болуш башкаруучусу Б.Рыскулбековдун акынга карата кыянаттык аракетинен көргөн.

Ал эми элибиздин белгилүү тарыхчысы А. Хасанов бул пикирди калпыс пикир катары баалап, Токтогулдун элдик боштондук кыймылдын шыктандыруучусу жана идеологу деп эсептеп, анын Анжиян көтөрүлүшүнө түздөн-түз дем бергендиги жөнүндө жазат[3].

Мындай ача көз караштар Токтогулдун көтөрүлүштөгү орду жана ролу жөнүндөгү талаш-тартышка алып келип олтурат. Чынында, Токтогул Анжиянга кол салууга түздөн-түз катышпаса да, орус бийликтеринин оторчулук саясатына каршы элди үгүттөп ырдагандыгын танууга болбойт. Буга эки нерсе түздөн-түз таасир этүүсү ыктымал.

Биринчиден, болуштук кызматка Токтогулдун жамаатынын каршылаштары келишип, алардын жасаган иштерин сындоо Орусия саясатына жана анын жергиликтүү бийлик ээлерине байланыштырылган.

Экинчиден, акын катары анын отор саясатына каршы тымызын наразылыгын ырга кошкондугу. Маркум жазуучу Ш.Абдраманов өзүнүн «Анжиян көтөрүлүшү жа-

---

[1] *Жаныбеков Ж.* Историография проблем истории Кыргызстана второй половины XIX — начало XX вв. (Опыт, перспективы, изучения).—Бишкек, 1995.—54-б.

[2] Ошол эле жерде.

[3] Ошол эле жерде.

на Токтогул» аттуу макаласында акын келгиндер көп отуруктоташкан Көк-Арт өрөөнүнө келип, тоо-ташка сүрүлгөн элдин аянычтуу тагдырына зээни кейип, Чыйбыл болушка кайрылып, анын атасы Абдиллабийдин өлүмүнөн тартып, анын кантип болуш болгонун, орустар менен жакшы ымалада экендигин айтып келип, ырын мындайча аяктагандыгын сөзгө алат[1]. Аталган макаласында автор Токтогулдун тойдо ырдаган бул ырын Жалал, Калдар деген комузчулардан жазып алгандыгын белгилеген.

*Алладан болсо бир парман,*
*Чак түштө урат чагылган.*
*Ташкенден «жарым паашанын»*
*Жарлыгы келди жазылган.*
*Аралап өтүп Ак-Башты,*
*Азапка салдым как башты.*
*Көргөндө Кара-Кынаны,*
*Көңүлгө кайгы ынады,*
*Карасам төшкү Көлмөнү,*
*Көзүмдүн жашы көлдөдү.*
*Кадырдан достун бири жок,*
*Калдайган айыл түрү жок.*
*Доңуздар жүрөт коркулдап,*
*Мас мужук сокту корсулдап.*
*Канакей Кара-Чологуң?*
*Канакей Таран-Базарың?*
*Канакей жайлоо тунук суу,*

---

[1] Бул жерде айрым так эместиктерди айта кетүү зарыл. Орустардын Көк-Арт өрөөнүнө оторлошуусу Анжиян көтөрүлүшүнөн кийин Орусия бийликтеринин атайын планы боюнча 1905-жылдан баштап уюштурулган. Ошондуктан Токтогул көтөрүлүштүн алдында мындай маанидеги ырды ырдашы мүмкүн эмес. Мүмкүн, Токтогул XX кылымдын биринчи чейрегинде Көк-Артка келип, Чыйбылга эмес, анын уулдарынын бирине же туугандарына карата ырдаган чыгаар.

*Канакей көңүл жазаарың?*
*Аш-тойлор берип дүңгүрөп,*
*Кайсы жер күлүк чабарың?*
*Жолдоруң неге тосулду,*
*Угулбай түзүк кабарың.*
*Ак селде салган сопунун*
*Укпадым саар азанын».*[1]

Токтогул кандай болгондо да Кетмен-Төбө аймагынан айыптуу деп бийликтер тарабынан кармалгандардын таасирдүүлөрүнүн бири болгондугун тануга болбойт.

Жазалоолордун курч мүнөздө жүрүшү ушул өрөөндүк Шадыбек калпа баштаган топтун көтөрүлүп чыгуусуна алып келген. «Бул шайканы кармоо үчүн Ферганадан, Жети-Суудан, Олуя-Атадан келген мергендердин тобу жана казактардын отряды тез арада жөнөтүлгөн. Аскерлердин келе жатканын угушкан көпчүлүк качууга үлгүргөн, ал эми Шадыбек өзүнүн жакындары менен Узун-Акматтын куймасындагы Ийри-Суу капчыгайына жашынган. Ушул жерде 13-июлда эч кандай каршылык көрсөтпөстөн, пристав Бушеновго колго түшүп берген»[2], — деп көрсөтүлөт булактарда. Алардын арасында Токтогул да болгон болуу керек. Жогоруда аталган Шадыбек калпа эмне үчүн көтөрүлүүгө аракеттенип, бирок алардын эч кандай каршылыксыз эле колго түшүшүнүн себеби эмне болгон деген суроо жаралбай койбойт. Ага жооп издеп көрөлү.

Айрым изилдөөчүлөр Шадыбек калпа баштаган Кетмен-Төбөнүн бар болгону 23 тургуну (айрым булактарда 29) Анжиян тарапты көздөй бет алып жөнөгөндүгүн

---

[1] *Абдыраманов Ш.* Анжиян көтөрүлүшү жана Токтогул.—1996-жыл, 6-12-ноябрлар.

[2] Сведения о безпорядках в Фергане. // Туркестанские Ведомости. —1898. —№ 1663.

көтөрүлүштүн бир этабы катары карашат[1]. Булактар аскүбөлөп тургандай бул топ тосуп чыккан жазалоочу аскерлерге эч кандай зыян алып келген эмес. Ошондон улам Шадыбек калпанын тобунун Анжиянга карай жүрүүсүнүн негизги мотивин «үмүт гана акыркы өлөт» деген макалдын маанисинен көрүүгө болот. Мадали Эшенди пир тутуп, кол бергендер Кетмен-Төбө аймагында көп болгон. Калпа катарында Шадыбектин эшен менен башкаларга караганда да мамилеси жакын болуп, пикирдеш катары ал Кетмен-Төбө аймагындагы Мадалинин ишеничтүү адамы болгондугу талашсыз. Ошондон улам ал 1895-жылдардан Мадали эшен менен көгарттык, кетмен-төбөлүк элеттиктердин байланышы бекемделе баштаган мезгилден тартып көт өрүлүшкө байланыштуу жыйындарга да катышып, Миң-Дөбөгө жакын аймакка топтолуу жөнүндөгү эшендин катын да алган болуусу керек.

Бул боюнча булактарда: «...Анжиян уездинин тоо тараптарында пайда болгон шайканын жетекчиси Шадыбек 28 адамы менен Наманганга алынып келинди. Сыягы, бул жашы жетимиштеги карыя миңдөбөлүк акылсыз фанатиктин таасиринин астында көтөрүлүш чыгарууга аракеттенген шекилдүү. Намангандан кармалган Төрөхан дегенден Шадыбекке багышталган чакыруу кат да табылган», — деп жазылат[2].

Демек, көтөрүлүш жөнүндө Мадали эшен менен тил бириктиргендиги элетке белгилүү болгон Шадыбек калпа баштаган топ эшен менен мамилеси бар элеттиктердин эл башчыларынан тартып, көтөрүлүш жөнүндө кабары жок чагымдоолордон улам айыпка жыгылышкан жер-

---

[1] *Усенбаев К.* Народные движения...—120-б.

[2] Последние сведения из Ферганы. // Туркестанские Ведомости.—1898. —№ 1665.

дештеринин абалын көрүп, эртеби-кечпи баары бир кылтакка илинишээрин сезгендиктен, аз гана топ менен Анжиянды көздөй жүрүшкө чыгышкан деп божомолдоо орундуу.

Алардын мындай аракетине жазалоолордун элет арасында аеосуз жүргөндүгү, чагымдоо, жалган жалаа жабуулар таасир эткендиги көрүнүп турат. Бул жерде дагы бир маселе — бул топтун эмне үчүн кошумча аскер күчтөрү менен чыңдалган, өзгөчө көзөмөлдө турган Анжиянды карай жүрүшкөндүгүн тактоодо турат. Балким, бул жерде алар жалган жалаага кириптер болуп, жазалоочу аскерлердин зомбулугуна учуроодон чочулашып, күнөөсүз экендиктерин аскердик сотко же губернаторго өздөрү барып айтышмакка бел байлап, эмне болуп кетет деген кыязда курал-жарак да алып алышкан чыгаар деген жоромол чыгаруу туурадыр.

Эми ушул жерде Токтогул бул топтун ичинде болгондон кийин, ал да Мадали эшенди пир тутуп, кол бергендигин тануугa болбойт. Жогоруда көрсөтүлгөн эмгегинде Ш. Абдраманов буга карата мындай далил келтирген: «Кыргыз айыл-кыштактарынан аны (Мадали эшенди) пир тутуп, кол беришкен. Алардын арасында улуу акын Токтогул да болгон. Ошон үчүн 1922-жылдарда Токтогулдун тирүү кезинде К.Мифтаков жазып алган ырларда:

*Акыры тапкан пайда ошол,*
*Айланайын эшенден.*
*Калкым тапкан пайда ошол,*
*Кагылайын эшенден,* — деген саптар жолугат.

Ошол жазуусунун этегинде К.Мифтаков берген эскертүүсүндө «бул зат (Токтогул) кыргыз ичинде атактуу акындардан саналат. Кетмен-Төбөдө турат. Бул эшендин кыргыз ичинде да көп муруттары болгон. Алайда, Кет-

мен-Төбөдө жана Таласта. Эшендин бунтунан соң көбү Шибер айдалган», — деп жазылган[1].

*Кол берген Эшен пирибиз*
*Кайтмакпыз андан кимибиз*
*Кааба ташка сыйынып,*
*Келиптир сурап билдик биз.*
*Ишенчи ичтен зор экен,*
*Колдой деп ислам динибиз.*
*Мусулман бүткүл калкына,*
*Жетет дейт калыс үнүбүз.*
*Жакындап келип калды дейт,*
*Тагдырды чечээр күнүбүз,* — деген саптар акындын Эшен менен пикирдештигин, ага кол бергендигин айтып жаткан жокпу?— деген суроону коёт Ш.Абдраманов[2].

Бул анализден улам Токтогулга көтөрүлүштүн идеялык дем берүүчүсү катары айып тагылып, сүргүнгө айдалган деп жыйынтыктоого болот.

Булактарда падыша өкмөтү Анжиян көтөрүлүшү алып келген финансылык жоготуулардын ордун толуктоо жана жазана иретинде Фергана областынын калкына 300 миң сом өлчөмүндө контрибуция салгандыгы айтылат. Токтогулдун болгон мүлкү 16 сом 10 тыйынга, Мөкү Бешкемпировдун мүлкү 51 сом 65 тыйынга бааланган. Мөкү Бешкемпир датканын Керимбай болуш менен бийлик талашкан чыгаан уулу болгон. Кетмен-Төбө өрөөнүнөн кармалган кишилердин саны 62 киши болгондугун Токтогулдун төмөнкү ырынан билүүгө болот:

*Алтымыш эки кишиден,*
*Айдалган элдин ичинен,*

---

[1] *Абдыраманов Ш.* Анжиян көтөрүлүшү жана Токтогул.—1996-жыл, 6-12-ноябрлар.

[2] *Абдраманов Ш.* Анжиян көтөрүлүшү жана Токтогул. //Эркин-Тоо. —1996-жыл. —23-29-октябрлар, 6-12-ноябрлар.

*Кутубай, Бакай, Качканаак,*
*Качып чыккан баштараак.*
*Үмөтаалы, Мырзабек,*
*Мурун качып келди эле,*
*Аркасынан Кулданбай*
*Куба качып келди эле»*[1].

Ырда айтылгандай Токтогул Кетмен-Төбө аймагынан жалгыз өзү кармалган эмес. Аны мене кошо бул аймактын көптөгөн тургундары бар эле. Токтогулдун жогорудагы ырында кармалгандардын саны 62 киши болгондугу айтылса, Түркстан аскер округу боюнча 1898-жылдын 29- июлундагы №270-буйрукта[2] 64 адам деп берилет.

Ушул жылдын 3-августунда Наманган шаарындагы убактылуу аскер соту «шадыбекчилер» деп аталган 6-топтун ишин караган. Алгачкы өкүм боюнча булардын баары өлүм жазасына тартылып, бирок өкүмдү жумшартуучу жагдайлар болгондуктан өлүм жазасы алмаштырылган. Шадыбек Калпа Шергазиев, Уметаалыбек Багышбаев жана Төрөбай Бешкемпировдор көтөрүлүштүн уюштуруучулары катары эсептелген. Андыктан Шадыбек мөөнөтсүз, калган экөө 20 жылдык мөөнөттө каторгалык иштерге айдалган. Булардын ичинен 70 жаштагы Бакайбек Булатовдун карылыгы эске алынып, Сибирдин алыскы аймагына сүргүнгө айдалган. Ал эми Кыргызбай Адаевдин жашы 18ге толо электиги үчүн өлүм жазасы абакка камоо менен алмаштырылган. Ушул экөөнү кошпогондо Наманганга кармалып баргандардын саны 62 киши болгон. Шадыбектин тобунан 5 киши акталып,

---

[1] *Молдокасымов К.* Акындын абак жылдары. //Кыргызстан маданияты.—1989.—№ 30.

[2] Приказ по войскам Туркестанского военного округа от 29 июля 1898 г. —№270. // Туркестанские ведомости. —1898. —№1684.

калган 54 киши 7 жылдык мөөнөттөгү каторгалык иштерге айдалган. Жогорудагы буйрукта Токтогул 27-катарда жазылган.[1]

Көтөрүлүштүн алдында Кетмен-Төбө элетинин ичиндеги саясий абал анча жакшы эмес болучу. Башта белгилегендей, болуштук бийликти талашкан атаандаш уруулук жамааттардын тирешүүсү курч мүнөздө эле. Шайлоодо жеңип чыккан Рыскулбековдордун жамаатынын каршылаштарынан өч алуусу үчүн Анжиян көтөрүлүшүнөн кийинки жазалоолор көктөн тилегени жерден табылгандай болгон. Мындай көрүнүш бир эле Рыскулбектин бийликтеги балдары сыяктуу элеттин туземдик башкаруудагы көпчүлүк өкүлдөрүнө гана эмес, отурукташкан сартиййа жамаатынын өкүлдөрүнө да мүнөздүү болгон.

Бул фактылар жөнүндө генерал-губернатордун отчетунда «козголоңчуларды ийге келтирүүдө туземдик администрациянын кызмат адамдары арзырлык көмөк көрсөтүштү»,—деп эскертилип, ...толкундоолорду басууга орус бийликтерине Суусамыр болушунун башкаруучусу Бактыяр Рыскулбеков, манап Ашырбай Бешкемпиров жана Пишпек уездинин Атаке болушунун башкаруучусу Тезекбай Төлөгөновдор чоң жардам беришкен. Кызматы үчүн бул феодалдар сыйлыкка көрсөтүлгөн», —деп жазат белгилүү тарыхчы К.Үсөнбаев[2].

Жазалоо учурундагы баш аламандыктарды жергиликтүү башкаруучулар, атүгүл табиятынан чагымчы, кошаматчы жаралган, ниети туура эмес адамдар жаза кети-

---

[1] Ошол эле жерде. Аталган буйрукта соттолгондордун ичинде Рыскулбековдордун атаандаштары болушкан Бешкемпир датканын Умар Бешкемпиров, Мөкү Бешкемпиров, Төрөбай Бешкемпиров деген уулдары болгондугун окууга болот.

[2] *Усенбаев К.* Народные движения Средней Азии...—120-121-бб.

ришпей, каршылаштарын жана өздөрүнө жакпаган кишилердин баарын кара тизмеге катташып беришкен. Бийлик талашкан жамааттар өздөрүнүн атаандаштарынын үстүнөн колониалдык бийлик өкүлдөрүнө чагым жасашып, жалган жалаа менен каршылаш жамааттын бий чыкмаларынын көзүн тазалоого аракеттенген учурлары көп болгон. Ошондон улам мартабалуу жана мансаптуу кишилердин да бир даары жабыр тарткан.

Белгилей кетүүчү нерсе белгилүү акын Токтогул Сатылгановдун кийинки тагдыры, айрыкча анын сүргүндө жүргөндөгү күндөрү жөнүндө айрым эскерүүлөрдү эске албаганда акындын өмүр-таржымалы боюнча илимий изилдөөлөр дээрлик жокко эсе. Мындай көрүнүш тарых илимине гана эмес, кыргыз адабиятына да мүнөздүү. Ошондон улам Т.Сатылгановдун 125 жылдык маарекесин өткөрүүнүн алдында 1989-жылы мезгилдүү басма сөз беттерине акындын абактагы күндөрү, анын Ата-Журтуна качып келүүсү, кайра камалуусу, кийинки турмушу жөнүндө адабиятчылардын, илимпоздордун арасында талаш-тартыштар жүргөн.

Эскерүүлөргө, даректүү баяндарга таянган изилдөөлөрдө акындын сүргүндөн качкан жылы ар башка берилет. Кыязы, мындай кайчы пикирлер архивдик материалдарды пайдаланбагандыктан жаралса керек. Андыктан акындын сүргүндөгү күндөрү жөнүндөгү Иркутск областык мамлекеттик архивинен мекендешибиз, тергөөчү Амирбек Муратов тарабынан алынган айрым маалыматтарды карап көргөнүбүздө төмөнкүлөр айкын болду:

*«Бөлүштүрүү тизмеси.*

*Тюмень шаарындагы сүргүндө жүргөндөрдү Иркутск түрмө бөлүмүнүн карамагына каторгалык жумушка жөнөтүү жөнүндөгү 1901- жылдын 11- июнундагы буйругу.*

*Наманган уездик башкармасынын 1898-жылдын 10-августундагы статьялык тизмеси боюнча түзүлгөн.*

*№268 –7953*

*Аты жөнү : Токтакуль Сатылганов- 34 жашта.*

*Мурунку абалы, кылмышы жана алган жазасы: кыргыз, Фергана областындагы Анжиян уездинин Наманган шаарындагы убактылуу аскердик сотунун өкүмү боюнча Суусамыр волостунан орус өкмөтүнө каршы көтөрүлүшкө катышкандыгы үчүн (асуу менен өлүм жазасына) бардык укугунан ажыратылып, өкүм чыгарылган. Бирок, Улуу урматтуунун боорукерлиги менен өлүм жазасы 25-статьянын негизинде 7 жылдык сүргүнгө каторгалык жумушка алмаштырылган. Арестант 1899-жылдын 13-июлунан 1900-жылдын 17-мартына чейин Тобольск борбордук каторгалык түрмөсүнө жайгаштырылып кара жумушта өзүн жакшы көргөздү.*

*Белгилери:*

*Боюнун узундугу- 2 аршин, 3 верш.*

*чачы-кара,*

*көзү-кой көз,*

*мурду, оозу, ээги кадимкидей, жүзү-тунук, нурдуу, өзгөчө белгилерге ээ эмес.*

*ишеними- Магометан*

*үй- бүлөсү- жалгыз бой*

*бөлүштүрүү качан жүргүзүлгөн — 1901-жылдын 11-июну.*

*Кандай устачылыкты билет — билбейт.*

*Приказ чыгаруучунун колу*
*Бухгалтердин колу.»*

Булактардан маалым болгондой Токтогул 1901-жылдын 11-июнундагы буйрук менен Иркутск абакканасына бөлүштүрүлөт. Акындын Тобольскиде жүргөндөгү

күндөрү жөнүндө архивдик документтерде: «Арестант 1899-жылдын 13-июлунан 1900-жылдын 17-мартына чейин Тобольск борбордук каторгалык түрмөсүнө камалып, кара жумушта өзүн жакшы көргөздү»[1]. Мындан аз күн өтпөй эле акын Иркутск губерниялык абакканасынын башкармалыгынын 30-июндагы көрсөтмөсү менен ушул эле жылдын 19-июлуна чейин Александровск түрмөсүнө которулат. Сүргүнгө Токтогул менен чогуу айдалган Болот Жыртаков эскергендей, акын абактан качууга бир нече ирет аракет жасап, ошондон улам жаза

---

[1] Иркутск Областтык Мамлекеттик Архиви.—34-ф.—1-оп.—1-том. —244-иш.—1-2-барактар. (*Муратов Амирбектин* жеке архивинен алынды.)

*Амирбек Муратов* Фрунзе шаарындагы милициянын атайын орто мектебин аяктагандан кийин атайын жолдомо менен жөнөтүлүп, Иркутск шаарынын Свердлов райондук ички иштер бөлүмүндө иштеген. Акындын абактагы күндөрүнөн кабары бар Амирбек, ал жакта жүргөн күндөрүндө архивдик материалдарды издеп тапкан. Өз элинин тарыхына, маданиятына кайдыгер карабаган кыргыз жигити А. Муратов 1988-жылы «Кыргызстан маданияты» гезитине « Токтогулдун ысымы коюлса» деген кат менен кайрылып Иркутск шаарынын көчөлөрү-нүн бирине Токтогул Сатылгановдун ысымын ыйгаруу пикирин сунуштаган. Ушундай эле мазмундагы макаласы « Известия» гезитинин 1989-жылдын 17-октябрындагы №290 санында жарык көрөт. Тагдырдын тартуусу менен Токтогул камалган жерлерди өз көзү менен көргөн жердешибиз Амирбектин 1989-жылдын 13-июнунда « Восточно-Сибир-ская правда» гезитине «Сибирские мотивы Токтогула» деген макаласы жарыяланат. Акын жердешибиз Токтогулдун ысымын шаардын көчөлө-рүнүн бирине ыйгаргандыгы жөнүндө Иркутск шаардык аткаруу комитети чечим кабыл алгандыгын Амирбек кубануу менен кабарлаган. Бирок, «кызматым боюнча Кыргызстанга келе бергендигимден Токтогулдун атын коюу жөнүндөгү чечимдин жүзөгө ашкандыгынан кабарсыз калдым»- деп өкүнгөндүгүн билдирди А. Муратов, биз менен болгон маегинде. Акындын абактагы кейиштүү тагдырын изилдеген детектив, милициянын майору А. Муратов, учурда Ош областык ички иштер башкармалыгынын тергөө бөлүмүндө тергөөчү болуп иштөөдө.

мөөнөтү узарган болуусу керек. Ошондон улам Токтогул Иркутск губерниялык башкармасынын түрмөлүк бөлүмүнүн 1904-жылдын 7-августундагы буйругу боюнча Яндинск волостунун Балаганск айылына сүргүнгө жөнөтүлөт.

Иркутскиден 293 чакырым ыраакта турган бул айылга акын 26-августа этап кылынат.

## Өмүрбек датка баяны[1]

Көтөрүлүштүн Ош аймагындагы жетекчиси болуп дайындалган Өмүрбек датка Бекмурат уулунун Анжиян көтөрүлүшүндөгү ордуна токтолуудан мурда анын өмүр-таржымалына учкай да болсо токтоло кетүү ашыкча болбос. Анткени, кезегинде Кокон хандыгынын мезгилиндеги бир топ саясий окуяларга катышкан түштүк кыргыздарынын мартабалуу адамдарынын бири болгон бул инсан жөнүндө тарыхый булактарда маалыматтар сейрек кездешкендиктен, ал жөнүндө дээрлик изилдөөлөр болгон эмес.

Кыргыз элинин оң канатына кирген баргы уруусунан чыккан Өмүрбек датканы кадимки Алымбек датканын иниси Өмүрбек менен чаташтыруулар болуп, натыйжада анын инсандык жүзү ачылбай келген. Маркум профессор К.Усөнбаев[2] өз изилдөөлөрүндө Өмүрбек датканы Курманжан датканын жээни катарында сөзгө алган. Ошондон улам айрым эмгектерде ушундай көз караштар орун алып келген[3]. Оозеки жүзүндөгү даректүү маалыматтарда бул пикирдин туура эмес экендиги аныкталды.

Алымбек датка менен бир жагы уруулаш катарында, экинчи тараптан кыргыз даткасы болгондуктан Өмүрбек Кокон хандыгындагы ордо оюндарынан сыртта калган эмес. Ошондон улам Анжиян көтөрүлүшүндө абакка алынганда орус бийликтери тартып алган сүрөттө эмнегедир аны Умарбек датка Алимов деп берген.

---

[1] Аталган инсан жөнүндө азырынча кандайдыр деңгээлде аздыр-көптүр маалымат жарыкка али чыга электигине байланыштуу авторлор «Өмүрбек датка баяны» аттуу китепке атайын темача киргизишти.

[2] *Усенбаев К.* Плечом к плечу за свободу. // Кут билим. —1898. —№17.

[3] История Кыргызстана: XX век. //Учебник для ВУЗов. Под общей редакцией *У.Чотонова, Досбол Нур уулу.*—Б., 1998. —8-б.

Өмүрбектин качан, кимдин мезгилинде датка наамын алгандыгы белгисиз. Аталган инсан жөнүндө анын урпактары менен кездешкенибизде алар айрым даректүү маалыматтар менен катар Өмүрбек баргы уруусунун Мырза тобунан чыккандыгын, Алай ханышасы Курманжан датка менен туугандык байланышынын болбогондугун белгилешти. Алардын айтуусунда Өмүрбек датканын теги атасы Бекмурат, чоң атасы Шүкүр, бабасы Сары токсобо, бубасы Тарыхчы, жотосу Черикчи, жетеси Тилеке деген кишиден таркаган. Бабасы Сары токсобонун убагында баргынын мырзалары Алайды жердеп турушкан. Мырзалардын санжырасында Сары токсобо каситтүү, олуя чалыш адам катары сүрөттөлүп, 107 жашында көз жумгандыгы, керээзи боюнча сөөгү Сулайман тоосуна алынып келинип, ардакталып коюлгандыгы жана ага арчадан сагана (күмбөз) үч айда курулуп бүткөндүгү айтылат.

Жогоруда аты аталган Черикчинин калмактардын түштүк аймагын басып алуу учурунда туткунга алынгандыгын, кыргыздар менен кошо олжолонуп Кашкарга айдалгандыгын, ал жакта жүргөндө мергенчилик менен элди багып, калмактардын тайчисин таң калтыргандыгын, кийин эли менен кошо өз мекенине кайтып келгендигин датканын урпактары айтып өтүштү. Тектүү кишилердин тукуму болгон Өмүрбек датка Кокон хандыгынын Каратегин жергесиндеги өкүлү да болуп турган. Санжыра тариздеги маалыматтар боюнча Өмүрбек датканын кыргыз, тажик, өзбек, уйгур улутундагы төрт аялы болгон. Биринчи кыргыз аялынан көпкө чейин перзент көрбөгөн датка Каратегинде турган кезинде ошол жердин шаасынын көрөркөз аялын олжолоп, тажик кызына үйлөнөт. Ал жакта бир жыл чамасында турган соң, жети айлык күмөн боюнда бар аялын ошол жердик жети кул,

жети күнү менен Ноокатка алып келет.

Датканын каратегиндик аялына мырзалар урмат менен Шаа айым деп кайрылышкан. Бирок, бул жерде көпкө турбастан эле Шаа айым өз жерине кайтып кетип, ошол жакта эркек уулдуу болуп, атын Казыбек деп коет. Уулу тестиер болуп калган кезинде суук көздөн кооптонгон Шаа айым аны Үч-Коргондогу туугандарына берип, ноокаттык мырзаларга Казыбекти алып кеткиле деп кабар айттырат. Кабар келээри менен Өмүрбек Каратегинден Шаа айым менен кошо келген Мадраим деген кишини жиберип, уулун алдырат. Тажик элинин арасында чоңоюп, кыргызча тил билбей калган Казыбек үч ай дегенде тил үйрөнөт. Арадан жылдар өтүп 21 жашка толгондо Казыбек апасы Шаа айымды Ноокатка алдырып келген.

Жогоруда белгилеп өткөндөй датка биринчи аялынан көпкө чейин перзент көрбөй жүргөндүктөн, иниси өрөөнгө байлыгы менен аты дайын болгон 9 уулдуу Атабек калпанын экинчи уулу Тажик мырзаны бала кылып алган. Ошондон кийин гана датка кыргыз аялынан 8 перзент көрөт[1]. Өмүрбек датканын өзбек аялынан Эрматбек[2], Рустамбек деген уулдары болгон. Өмүрбек Алымбек датка менен 1847-жылдагы жети кожонун козголоңуна катышкан. Кытай баскынчылары козголонду басып

---

[1] Маалымат Ноокат районунун Баргы айылынын тургуну, Өмүрбек датканын 70 жаштагы небереси *Казыбекова Инояттан* жазылып алынды.

[2] Эрматбектин Шавкат аттуу уулу көп жылдар бою билим берүү системасында иштеп жүрүп, учурда ардактуу эс алууда. Ош шаарында турат. Экинчи уулу Бекжан Умарбеков генерал-лейтенант чининдеги аскер адамы, учурда Москва шаарында жашайт. Москва Мамлекеттик университетинин профессору. Эрматбектин урматына Казыбектин небересинин ысымы да Эрматбек деп коюлган. (Маалымат Өмүрбек датканын чебереси *Эрматбек Мырзаматовдон* алынды.)

койгондо, миндеген качкындары менен Кожо төрө (Катта төрө болуусу керек) январь айында Терек-Даван аркылуу Алайга качып өтүшкөн. Сыягы, ушул учурда ал уйгур кызына үйлөнгөн болуусу керек... Бүгүнкү күндө айтылуу датканын урпактары Ош областынын Ноокат, Кара-Суу райондорунда, Ош шаарында, Жалал-Абад областынын Сузак райондорунда кыргыз, өзбек, уйгур элдеринин арасында жашап жатышкандыктарын Ноокаттын Баргы айылында турушкан датканын туугандары айтып беришти.

Өмүрбек датканын өмүр-таржымалы тууралуу санжыра таризинде болсо да бул маалыматтарга учкай токтоло кеттик. Эми баяныбыздын нугун бир аз өзгөртүп, Өмүрбек датканын Анжиян окуясындагы ордун жана кийинки тагдырын баяндоого өтсөк.

Элеттин таасирдүү адамы катары Өмүрбек датка иниси Атабек калпа менен биргеликте Мадали эшендин турагында өткөрүлгөн жыйындарга ызаат менен чакырылып, катышып турушкан. Ошондой жыйындардын биринде Мадали эшен ага Ош, Ноокат тараптагы элеттиктерге көтөрүлүш учурунда жетекчилик кылууну тапшырган. Көтөрүлүштүн планы боюнча Өмүрбек датканын тобу Ош шаарында жайгашкан аскер гарнизонуна кол салуусу керек болгон.

Бирок, Мадали эшендин капыстан эле Анжиянга жүрүштү баштап жиберүүсү көтөрүлүшчүлөрдүн бул тобунун Ошко кол салуусунун ишке ашпай калуусуна алып келген. 17-май күнү Ноокаттагы Ак-Терек мечитине 300 чамасындагы кыргыздар топтолушат. Аларда жарытылуу курал болбогондуктан ким колуна эмне урунса, ошону менен чыксын деген тобокел менен Мадали эшен берип жиберген өлсө шейит болуунун белгиси болгон мисбактарды баш кийимдеринин алдына кыстарып алышып,

тобокелге бел байлашат.

Көпчүлүгүнүн колунда айры, балта, чокмор, союл болгон. Ак-Терекке келе албаган кыргыздар менен кошулуу үчүн кийинки топтолуучу жер болуп, Тамчы-Булак белгиленет. Кечке жуук бул жерге биринчилерден болуп кыркоолдук жана ак-теректик кыргыздар жете келишет. Мында келгендердин көпчүлүгү Ак-Терекке барууга үлгүрбөгөн көтөрүлүштөн кабары бар кыргыздар болушкан. Акырындык менен улам-улам чубалып келгендердин саны көбөйө берген. Бирок, уезд башчысынын келе жатканын кабарлаган Ташмат элүү башынын шашылыш кабары топтолгондорду дүрбөлөңгө түшүрүп, көпчүлүгү ар кайсы тарапты көздөй качууга түшүшөт.

Ош уездинин башчысы Зайцевдин бул жакка келе жатканынын да себеби бар эле. Анткени, Курманжан датканын асыранды уулу Карабек Хасанов 17-май күнү саат бирде подполковник Зайцевдин алдына келип, Мадали эшендин газават даярдап жаткандыгын арык аксакал, татар жигити Ибрагим Чанышевдин котормосунда кабарлаган. Бул кабарды алган Зайцев өз кишилерин дароо эле Ноокат, Кырк-Оол болуштуктарына жиберет. «Ак шамда, саат алтыда Карабек Хасанов кайрадан келип газават жөнүндөгү кеп-сөздөрдүн күчөп жаткандыгын, бул жөнүндө Өмүрбек датка эшенден кат алгандыгын билдирген»[1].

Көтөрүлүштөн Алай канышасынын кабары болгон. «Курманжан датканын балдары көтөрүлүш жөнүндө билишкен, сыягы, кандайдыр бир көрсөтмө да алган болуулары керек. Бирок акыркы минуталарда алардын өтө сак тууганы Карабек Ош уездинин начальнигине мусулмандардын даярдалып жаткан кол салуусун билдирип кой-

---

[1] *Эгамназаров А.* Сиз билган Дукчи Эшон...—53-б.

гон», — деп жазат М.Ювачев[1].

Ушундай эле кабарды жапалактык Эшмухамбет Кувашбаев, Ак-Буура болушунун аксакалы жана Жапалак, Төлөйкөн кыштактарынын аксакалдары да кабарлашкан. Кабардын анык экендигине ынанган Зайцев козголоңчуларды топтолгон жерлеринде кармоо үчүн алты миршаб жана Оштогу 40-батальондун төрт жоокери менен Ак-Терекке жетип барат. Ал жерге жетээри менен эле Зайцев Мадали эшен курдурган мечитти курчоого алат. Бирок бул жерде кишилер анча көп эмес болучу. Болгону мечиттин имамы жана жыйырма чакты адам болгон. Анжиянга кол салуу болгондугун ушул жерде уккан уезд башчысы болуш башчысына мечитти буздурууга буйрук берип, жыйынга катышкан адамдарды кармап келүүнү тапшырат.

Ошентип Фергананын башка уездеринде жүргүзүлгөн жазалоо жана камоо иштери Ош уезинде да кулач жаят. Эртеси күнү көтөрүлүштүн уюштуруучусу катары Өмүрбек датка, иниси Атабек калпа баш болгон бир топ адам камакка алынат. Айрым булактарда Өмүрбек датканын көтөрүлүш жөнүндөгү кабар орус бийликтерине билинип калгандыктан, топтолгондорду тарап кетишсин деп бир адамдан кабар айттырып, өзү Тамчы-Булакка барбагандыгы айтылат.

«25-майга карата Ошто кармалгандардын саны 106 кишиге жеткен, алардын ичинен экөөсү эшендин ыйык согуш жөнүндөгү чакырыгына мөөр басышкан»[2]. Алардын бири Өмүрбек, экинчиси Атабек калпа болгон. 26-майга карата кармалгандардын саны Анжиян уездинде

---

[1] *Ювачев И.* Курбан-Джан-Датха каркиргизская царица Алая. //Туркестанский Сборник. —Т-471. —186-б.

[2] Сведения о безпорядках в Фергане. // Туркестанские Ведомости. —1898. —№ 1663,

96, Маргеланда 75, Ошто 109 кишиге жеткен[1]. Көтөрүлүшкө катышкан деген жалаа менен кармалгандардын көптүгүнөн Ферганадагы абакканалардын баары толуп кеткен. Буга карата 1898-жылдын 3-августундагы Түркстан генерал-губернаторунун отчетунда «Анжиянда, ошондой эле Ошто абакканалар тез эле толуп калган»[2] —деген маалымат учурайт. Булактарда айтылгандай, Фергана областында ошол кездери төрт абаккана — Жаңы-Маргаландагы областтык, Кокон, Наманган жана Оштогу уезддик маанидеги абакканалар, бир нече камак үйлөрү болгон[3].

Ошол жылы илимий экспедиция менен Ош шаарына келген орус саякатчысы Ю.Д. Головнина 23-июнда Оштогу абакканага кармалгандарды көрүү үчүн атайын киргендигин күндөлүгүндө мындайча эскерген: *«Бизге кармалгандарды жөн гана көрүп коюуга гана эмес, аларды сүрөткө тартып алууга да уруксат берилди. «Анжияндыктар» тергөө камерасында башка туткундардан бөлөк олтурушкан. Көпчүлүгү кыргыздар, жүздөрү жагымсыз, көздөрү жерди тиктеген, колдорун ичине бүгүшкөн турпаттары менен өздөрү жөнүндө көп нерсени кабарлап тургансыйт.*

*Бизге алардын арсынан өзгөчөлөнүп турган эки карыяны көрсөтүштү. Бири, башкалардан айырмаланган карыя бизди араңдан зорго башын көтөрүп карамыш болду, ал*

---

[1] Копия телеграммы генерал-лейтенанта Духовского от 13-го июня 1898 г. // Туркестанский Сборник. —Т.—427.—С. 53.

[2] ӨБМСТА. —1-ф. −31-оп. —92-иш. —1 (4), 10 (21-22)- барактар. Отчет Туркестанского генерал-губернатора по расследованию обстоя-тельств восстания туземцев Ферганской области в мае 1898 г. от 3 августа 1898 г.

[3] *Абдурахимова Н., Рустамова Г.* Колониальная система власти в Туркестане во второй половине XIX — I четверти XX вв.—Ташкент, 1999.

*эшендин эң ишмер жана фанат көмөктөшү экен. Экинчиси, агарган сакалдары уйпаланган, көрүнүшү жүдөө тарткан карыя анын жашынып жаткан үңкүрүнө кирип, колго түшүрүү үчүн келген үч жигитти сулатып, качан аны атмакчы болуп мылтык сунулганда колго түшүп бериптир. Ушул карыя гана бир дагы добуш чыгарбастан ачууланган солдаттардын жаалданып урушкан 200 балагына чыдаптыр*[1].



Самарканд жана Фергана өрөөндөрүн текшерүү үчүн иш сапары менен келген жаңы жарым пааша Духовский туземдиктер менен жер жерлерде жолугушууларды уюштуруу менен жүрүп отуруп, Ошко да келген. Бул жерде ал Алай канышасы Курманжан датканы эки уулу менен бирге кабыл алып, бир аз сүйлөшкөндөн кийин аларга ардак халат тартуу кылып кайтарган[2]. Анткени, колониалдык бийликтерге уулу Камчыбектин өлүмү үчүн тымызын наарazы болуп калган Алай канышасынын көтөрүлүшкө аралашпай калуусу бийликтердин ага кара-

---

[1] *Головнина Ю. Д.* На Памирах. Записки русской путешественницы. —М.,1902. —55-56-бб.

[2] О поездке Туркестанского генерал губернатора для осмотра Самаркандской и Ферганской областей. //Русский Инвалид. —1898. —№ 202.

та ишеничин дагы бири жолу бекемдеген.

Оштогу аскер бөлүгүнө кол салуу үчүн топтолгон аламан топту өз убагында уезд башчысы Зайцевге жеткиргендиги үчүн датканын тууганы Карабек Хасанов бийликтер тарабынан алтын медаль жана ардак халат менен сыйланып, өмүрүнүн аягына чейин ага жылына 300 рублден пенсия бөлүнгөн[1].

Ошол кездеги изилдөөчү И.П. Ювачевдин жазганы боюнча алайлык жана гүлчөлүк кыргыздар Карабектин бул чыккынчылыгын ал өлгөндөн кийин да кечиришпей, баласы болуш болом дегенде шайлабай коюшкан[2].

Колониалдык бийликтер өздөрү белгилеп жазышкандай Курманжан датка жана анын балдары орус бийликтерине ак дилден кызмат өтөөлөрүн Камчыбектин кайгылуу өлүмүнөн кийин деле уланта беришкен.

Карабектин кабарынан кийин колго түшкөн Өмүрбек датка, Атабек калпа баштаган элеттиктер Ош шаарындагы бир кезде Камчыбек мейманкана үчүн курдуруп, кийин өзү биринчи камалган абакканага алып келинген. Бир айдан ашуун тергөө иштеринен кийин убактылуу аскер соту 13-июлда Ферганадагы баш аламандыктардын катышуучуларынын төртүнчү тайпасына кирген 106 кишинин ишин карап, баарын даргага асууга өкүм чыгарган[3].

Түркстан аскер округунун аскер бөлүктөрү боюнча Ташкентте №246-буйрук менен соттун өкүмү чыккан. Анын биринчи сабында Умар-Бек Датха Бек Муратов (Өмүрбек датка), Саттыбай Мулла Ракибиев, Мулла Токо

[1] Расследование о нападении шайки туземцев на русский лагерь в Андижане. // Русский Инвалид. —1898. —№217.

[2] *Ювачев И.* Курбан-Джан-Датха... —С.977.

[3] Приказ по войскам Туркестанского военного округа. —Г. Ташкент. 11 июля 1898, №246. // Туркестанские Ведомости. № 1675.

Давлет Келдыев, Атабек Бек Хальфа Бекмуратов (Атабек калпа), Тойто бий сыяктуу кишилердин ысымдары учурайт. Алар 1881-жылкы Мамлекеттик тартипти жана коомдук бейкуттукту сактоо боюнча иш-чаралар жөнүндөгү Жобонун Кылмышкерлерди жазалоо жана түзөтүү боюнча Уложениенин 249-статьясы боюнча айыптуу деп табылган. Сот процессинин жүрүшүндө бардык сегиз тайпадагы өлүм жазасына тартылгандардын баары ушул статья менен айыпталышкан.

21-июлда падыша өлүм жазасына тартылган 106 айыпкерге кечирим берген. Булардын ичинен көпчүлүгү түрдүү мөөнөттөрдө каторгалык иштерге айдалышкан. Падыша өкмөтү көтөрүлүшчүлөрдүн тууган-уруктарынын даттанууларына алгач анчейин көңүл бурушпаса да, абалдын турукташуусу менен жазалоолорду кыскартып, өлүм жазаларын каторга иштери менен алмаштыра баштаган. Мисалы, 1898-жылдын 8-июлунда өлүм жазасына тартылган Атабек-Бай Бача Бабаджановдун энеси 90 жаштагы Биби Сарымсакова Анжиян шаарынан 63 жаштагы уулуна кечирим берип, анын жазасын сүргүнгө айдоо менен алмаштыруу өтүнүчүн билдирип, падышага телеграмма жөнөткөн. 22-июлда тезоименистово күнүнө карата ханыша айым Александрия Феодоровна кемпирдин өтүнүчүн канааттандырган[1].

Жашы бир топко барып калган Өмүрбек датка бир өмүрлүк мөөнөттөгү сүргүнгө айдалган. Орус бийликтери орногондон кийин бир аз мезгил болуш болуп турган Өмүрбек датканын журту жазалоочу аскерлер тарабынан аеосуз таланган. Ноокаттан ·анчалык алыс эмес жерде

[1] Приказ по войскам Туркестанского военного округа. —Г. Ташкент. 11 июля 1898, №246. // Туркестанские Ведомости. –1898, № 1675.

жайланышкан Кадамжайда турган акын Молло Нияз[1] жазалоолордон жапа чеккен элдин тагдырына кейип, жазган ырында Өмүрбёк датканын тобунда кармалган таанымал адамдарга да токтоло кеткен:

*«Сабап болуп экинчи,*[2]
*Кафирдин зулуму бу журтка,*
*Өтүлгөнүнөн айтамын.*
*Балматтын*[3] *эшигин,*
*Ачканын айтамын.*
*Орус келет деп койсо,*
*Олтура албай адамдар,*
*Качканыны айтамын.*
*Экинчи калпа жөн жүрбөй,*
*Шор кылганын айтамын.*
*Мусулманды кафырга,*
*Кор кылганын айтамын.*
*Караваннин журтуга,*
*Баш кылганын айтамын.*
*Балматты башыга,*
*Салганыны айтамын.*
*Экинчи калпа жөн жүрбөй,*
*Жыйын кылды дешедир.*
*Дүйүм журттун баарыга,*
*Дайын кылды дешедир.*
*Анжиянда көп адам,*
*Абак болду дешедир.*
*Ачылып кетип бир зили,*

---

[1] *Молло Нияз.* Санат дигарастар... — 95-97-бб.

[2] Ырда айтылгандай «экинчи», «экинчи калпа» деген ылакап менен элде Мадали эшенди аташкан. Анткени Фергана өрөнүнө таанымал Султанхан төрө 1882-жылы көз жумгандан кийин көп өтпөй эле анын сүйүктүү мүрүдү Мадали эшен өзүн эшен деп жарыялаган.

[3] Балакет деген мааниде.

*Чабак болду дешедир.*
*Кайышкак алып амал жок,*
*Кафирга каттык камал жок.*
*Кафирди кудай зор кылып,*
*Аяк асты мусулман,*
*Басылганга күйөмүн.*
*Сатыпалды Мурзадар,*[1]
*Асылганга күйөмүн.*
*Голо темир коргошун,*
*Ок болгонго күйөмүн.*
*Зиябүдүн максымдар*[2],
*Жок болгонго күйөмүн.*
*Ханга качкан бечара,*
*Факырларга күйөмүн.*
*Март уулу карванда,*
*Балалары арманда,*
*Бакырларга күйөмүн.*
*Бейкүноө бир кыл башыга,*
*Док болгонго күйөмүн.*
*Мамытаалы байбачча,*
*Байлыгы тайин Атабек,*[3]
*Жок болгонго күйөмүн.*
*Өмөрбек*[4] *журту атылып,*
*Кырылганга күйөмүн.*
*Бейпилдин журту абакка,*
*Жыйылганга күйөмүн.*
*Кафирдин зулуму бу журтка,*

---

[1] Экинчи топто соттолуп өлүм жазасына тартылган.

[2] «Козголондун жаны» деп аталған Зиябидин Максым дамылла Шарип уулу. Булактарда Анжиянга кол салуу учурунда окко учкан, Кашкарга кире качкан деген маалыматтар учурайт.

[3] Өмүрбек датканын иниси Атабек калпа. Учурда анын урпактары Ноокат районундагы Баргы айылында жашашат.

[4] Өмүрбек датка Бекмурат уулу.

*Өткөнүгө күйөмүн.*
*Ашир найип бей күнөө,*
*Сибир жолу Сибирге,*
*Кеткениге күйөмүн.*
*Үрүстөмбекти бей күнөө,[1]*
*Өлтүргөнгө күйөмүн.*
*Ыраакка кеткен баш алып,*
*Райиске салдырып,*
*Хидаяткан төрөнү,[2]*
*Кетиргенге күйөмүн.*
*Колго түшүп качкандар,*
*Келип калды дешедир.*
*Экинчини асылып,*
*Өлүп калды дешедир.*
*Өлгөн жок деп бир кылдар,*
*Жолго түштү дешедир.»*

Санатта айтылгандай Мадали эшендин көтөрүлүштү баштап жиберүүсү элдин башына чоң бүлүк салган. Мындай бүлүктөн Өмүрбек датканын туугандары да чоң зыянга учурашкан. Жашы бир топ улгайып калган Өмүрбек датканын кийинки тагдыры азырынча бизге белгисиз.

Абактан качып келген Токтогул менен учурашканы келген Эшмамбет акындын саламдашуу ырында мындай саптар кезигет:

*«Адыгине Өмүрбек,*
*81 жашка барыптыр.*

---

[1] Анжияндык соодагер Рустамбек Сатыбалдыбек уулу болуусу керек. Ал Анжияндагы аскер бөлүгү жөнүндөгү маалыматтарды көтөрүлүшчүлөргө маалымдап турган. Көтөрүлүштүн уюштуруучуларынын бири катары биринчи топтогулар менен өлүм жазасына тартылан.

[2] Иноятхан Искандархан төрө уулу. Маргаландагы аскер бөлүгүнө кол салууну уюштурмакчы болгон. Бирок ага батына албай Анжиянга жол алган Мадали эшендин тобуна келип кошулган.

*Сакалында кара жок,*
*Куудай болуп карыптыр.*
*Алты жашар баладай,*
*Акылынан таныптыр.*
*Анын да сөөгү көмүлбөй,*
*Ара жолдо калыптыр».*

Ырдан айкын болгондой эле Токтогул Өмүрбек датканы жолдо баратып каза болгон катары сөзгө алат. Датканын туугандары менен жолугушканыбызда, алар айтылуу датканын сөөгү Кетмен-Төбөгө коюлгандыгын, өмүрүнүн акыркы көз ирмемдеринде анын жанында ноокаттык уруулаштары кошо болушкандыктарын айтышты.

Кандай болгон учурда да кезинде Кокон ордосундагы саясий окуяларга Алымбек датка менен үзөңгүлөш жүрүп, катышып турган кыргыз элетинин таасирдүү инсаны айтылуу Өмүрбек датканын тагдыры кейиштүү аяктаган.

## Корутунду

Колониалдык доордо азаттык максатын койгон кыймылдардын бир нечеси болуп өткөндүгү маалым. Түркстан крайынын башка аймактарына караганда бул күрөштөр «Орус империясынын таажысындагы бермет» аталган Фергана өрөөнүндө өзгөчө мүнөздө жүргөн. Анткени Фергана өрөөнү өзүнүн геосаясаттык жана стратегиялык жагынан маанилүү чекит болуп, падышачылык бийликтин көңүлүнүн борборунда турган жана бул жердеги падыша бийлигин чыңдоо максатында оторлошуу, жергиликтүү элдин турмушун жана жашоо мүнөзүн тез арада орусташтыруу үчүн аракеттер курч мүнөздө жүргөн. Натыйжада падышачылыктын колониалдык саясатына каршы элдик чыгуулар, толкундоолор башка жактарга караганда көбүрөөк болуп турган.

Мындай шартта эркиндик эңсеп, «эбактан тынчы жок» деп саналган элеттиктердин Фергана өрөөнүнүн башка элдеринин арасында ириден демилге көтөрүп, күрөшкө бел байлашы мийзам ченемдүү көрүнүш болучу. 1898-жылдагы «Анжиян көтөрүлүшү» деп аталган окуя өрөөндөгү көчмөн элеттиктердин жана отурукташкан калктын биргеликте чыккан азаттык күрөшү болуп, алардын тарыхый тагдырынын бирге экендигин тастыктаары бышык. Кыргыз тарых илиминде мурун орун алган пикир боюнча Анжиян көтөрүлүшүн отурукташкан өзбек жана тажиктерге таандык диний газават мүнөздөгү күрөш болгон деп бүтүм чыгара салуу же каралып жаткан маселени ашыра баалап жиберүү тарыхый чындыктын жүзүн бурмалоо, акыйкаттын беделин түшүрүүгө тете болмок.

Андыктан, жогорудагы азын-оолак изилдөөбүздү корутундулап келип, төмөнкүдөй тыянактарды айтмакчыбыз.

1. Анжиян көтөрүлүшү колониалдык доордогу эң ири окуялардын бири. Ага чейин, 1873-1876-жылдардагы жалпы элдик кыймылды эске албаганда Ферғананын көп улуттуу калктарынын башын кош-турган мындай көтөрүлүш болгон эмес. Аталган окуяны кадимден келе жаткан элеттиктер менен отурукташкан калктын ортосундагы жашоонун «ферганалык вариантынын» колониалык система тарабынан бузулушуна протест катары да баалоого болор эле. Андыктан, көтөрүлүштү тигил же бул элге ыйгара салуу туура эмес деген ойдобуз. Бирок, ошол эле учурда көтөрүлүшкө бардык элдер бирдей катышкан деген ойдон да алыспыз.

2. Аталган окуя падышачылыктын колониалдык саясатынын күчөп турган мезгилине туура келет. Дал ушул мезгилде падышачылыктын жер саясатында каршы элдин наарazылыгын күчөткөн жагдайлар: салыктын өсүүсү, отор саясатынын кесепеттери, жергиликтүү калктын суулуу айдоо жерлерин оторчуларга ыйгаруучу «жер фондусунун» түзүлүшү, оторчулар менен жергиликтүүлөрдүн ортосундагы диний, психологиялык карама-каршылыктар, салт-санаалардын, жада калса, жүрүм-турумдардын, чарба жүргүзүүнүн, табиятка карата мамилелеринин ортосундагы келишпестиктер көтөрүлүштү акырындык менен шарттай берген.

3. Мындай абал өзгөчө Көк-Арт дарыясынын жака-белиндеги көчмөн кыргыздар жашаган аймактарда даана байкалат. Белгилей кетүүчү нерсе калмактардын басып алуулары учурунда, андан кийинки Кокон өкүмдарлыгынын мезгилинде да Көк-Артта официалдуу бийликке каршылык көргөзүүлөр башка аймактарга караганда арбын учурайт. Мындай көрүнүш ко-

лониалдык мезгилде, андан кийинки совет бийлигинин алгачкы күндөрүндө, басмачылык кыймылдарында да чагылып келген. Анын себебин эки нерседен көрүүгө болот.

*Биринчиден,* эзелтен бери Көк-Арт дарыясынын өйүз-бүйүзүндө байыр алып, мал чарбачылык менен шүгүрлөнүп келишкен көчмөндөр ар дайым жайыт маселеси боюнча чыр-чатактарга аралашып турган.

*Экинчиден,* көчмөндөрдүн кан-жанына сиңип калган эркиндик эңсеген, беттегенинен кайра тартпаган кулк-мүнөз мындай абалды шарттап турган. Жашоосун жайлоо-кыштоосуз элестете албаган элеттиктер өр талашып, улам жогорулап келаткан падышачылыктын отор саясатына протест катары, өздөрүнүн кылымдардан бери келе жаткан көчмөн жашоосун сактап калуу үчүн колониалдык бийликтерге каршы чыгууларын мыйзам ченемдүү көрүнүш деп кароого болот. Көчмөндөр шаар калкына жана дыйканчылык менен шүгүрлөнүшкөн отурукташкан элдерге карганда аз болсо да ат-унаалары болгон. Мына ушул сыяктуу объективдүү шарттардын Чыйбыл болуш сыяктуу элеттиктердин Анжиян көтөрүлүшүнүн көмүскөдөгү демилгечилери болушун шарттап тургандыгын ачык айтууга болот.

3. Анжиян көтөрүлүшү жөнүндө сөз болгондо адатта дин өкүлү Мадали эшен баштаган аламан топтун Анжиян шаарындагы аскерлер турган лагерге кол салуусуна байланышкан окуяны түшүнүп келгенбиз. Анткени, көпчүлүк изилдөөлөрдө Анжиян көтөрүлүшүнө каапырларга каршы газават катары гана баа берилгендиги маалым. Албетте, ошол кездеги шартта жалпы элди көтөрүлүшкө алып чыга ала турган газаваттан башка чакырык болбогондугун айта кетүү

керек. Мындай ураан Анжиян көтөрүлүшүнө чейинки окуяларда да орун алып келген. Демек, элеттиктер ата-бабасынан бери кастарланып келе жаткан ата-конуштарын басып алган баскынчыларга каршы Ферғананын көп улуттуу тургундарынын башын бириктире ала турган күч катары дин өкүлү Мадали эшенге кайрылышкан.

4. Көтөрүлүштүн демилгечилери болушкан көкарттык кыргыздар 1895-жылдан баштап көтөрүлүшкө даярдана баштаган. Алардын өтүнүчтөрүнүн натыйжасында көчмөндөр менен жакшы ымаласы бар Мадали эшен болочоктогу күрөшкө жетекчи болуп таанылган. Көтөрүлүшкө камылга көрүү иштери төмөнкү иш-чараларды камтыган:

а) Элеттиктердин жана отурукташкан элдердин таасирдүү кишилери менен болгон кат алышуулар, жыйын өткөрүүлөр.

б) Үгүт иштери жана ага мисал катары таасирдүү 12 кишинин мөөрү басылган үндөө баракчаларын жер-жерлерге таратуу.

в) Финансылык каржаттарды топтоо, курал-жарак менен камсыз кылуу боюнча аракеттер.

г) Аскер бөлүктөрү жайгашкан Анжиян, Ош, Маргалан шаарларына кол салууну уюштуруу үчүн жетекчилерди дайындоо.

д) Анжиянга кол салуу ийгиликтүү аяктаса, күрөштү бүткүл Түркстан крайынын аймактарына жайылтуу.

Мындай иш чаралардын болуусу Анжиян көтөрүлүшү белгилүү деңгээлде уюштурулган жана бир нече этаптардан тургандыгын айгинелеп турат.

Анжиян көтөрүлүшү кыргыздар тарабынан кызуу колдоого алынган. Өзгөчө Көк-Арт, Кетмен-Төбө,

Ноокат аймактарындагы элеттиктер көтөрүлүш демилгесин кубатташкан. Ал эми көтөрүлүш Түркия мамлекетинин шыкактоосу менен уюштурулган деген айрым пикир жөнүндө далилдүү фактылар болбогондуктан айтууга али эрте.

5. Айрым изилдөөлөрдө белгилenгендей, Анжиян көтөрүлүшүн дээрлик Фергана өрөөнүн камтыган күрөш катарында кароо, окуянын масштабын чоңойтуп жиберүү гана болбостон, белгилүү деңгээлде чындыкты бурмалоо да болуп эсептелет. Көтөрүлүшчүлөрдүн түпкүлүктүү максаты күрөштү Ферғананын бардык аймактарында жайылтуу болгондугуна карабастан, окуя чынында Анжиянда гана ийгиликсиз болуп өттү. Албетте, көтөрүлүштү басуудан кийинки падыша өкмөтүнүн репрессиясынын күч алышына байланыштуу Фергана областынын башка аймактарынын калкы, атүгүл коңщулаш Жети-Суу чөлкөмү да кыйынчылыктарга туш келди. Ошол үчүн гана Анжиян көтөрүлүшү айрым изилдөөчүлөр белгилегендей, Фергана өрөөнүн камтыган эмгекчилердин күрөшү болгон, андыктан көтөрүлүштү Фергана көтөрүлүшү деп атоо керек деген көз карашты колдоо тарыхый чындыкка туура келбес эле.

6. Көпчүлүк изилдөөлөрдө көтөрүлүшкө феодалдык таптын өкүлдөрү болуштар, даткалар, пансаттар катышышкан жана алар көтөрүлүштү өз максаттарына пайдаланууга аракеттенишкен деген көз караштар үстөмдүк кылат. Чындыгында, көтөрүлүштүн демилгечилери да, колдоочулары да Чыйбыл болуш, Өмүрбек датка, Зиябидин Максым, Шадыбек калпа сыяктуу адамдар болушкан. Кезегинде Чыйбыл, Өмүрбек даткалар атүгүл колониалдык бийликтин таянычы катарында болуш болуп да иштешкен. Бирок, ошол кез-

деги тарыхый кырдаалды эске ала турган болсок, алар колониалдык саясаттын негизги чордону болгон орусташтырууга каршы чыгышкан. Элеттин аталган журт агалары өз мезгилинин инсандары болушкан. Эл кулак сала турган, артынан ээрчий турган кишилер карапайым калкта булардан башка жок да болучу. Ушуга байланыштуу көтөрүлүштүн мүнөзүнө антифеодалдык баа берүүнү да туура эмес деп эсептейбиз.

7. Изилдөөбүздө Анжиян көтөрүлүшүнүн көмүскөдөгү жетекчилери болушкан Зиябидин Максым, Өмүрбек датка, Чыйбыл болуштардын бейдарек бейнелерин жазма булактардын жана санжыра тариздеги даректүү баяндардын негизинде калыбына келтирүүгө алгачкы кадамдар жасалды. Улуу акын Токтогул Сатылгановдун көтөрүлүшкө байланыштуу чиеленген тагдырынын абактагы мезгилдерине колдо бар булактардын негизинде саресеп салынды. Кийинки мезгилдерде кыргыз тарыхынын инсан таануу багытында алгылыктуу изилдөөлөр болуп келе жаткандыгына карабастан окурмандар аталган инсандардын өмүр-таржымалдарынан кабарсыз болучу. Албетте, азаганактай фактылар менен эле бул инсандардын инсандык жүздөрүн калыбына келтирүүдөн алыспыз. Кыргыз элинин азаттык күрөштөрүнүн кайгылуу барактарынын бири катарында Анжиян көтөрүлүшүнө жаңы өңүттөн баа берүү аркылуу инсан таануу багытында да келечекте зор ийгиликтер жарала берээринде шек жок.

8. Китепчебиздин «Анжиян көтөрүлүшү жана кыргыздар» деп аталышынын түпкү себеби көтөрүлүшкө — кыргыздардын жана башка элдердин катышуусуна салыштырма анализ берүү эле. Чынында көтөрүлүш көп улуттуу болгон. Анын улуттук курамын

сот ишине кабылышкандардын улуттук курамынан эле баамдоого болот. Мисалы, көтөрүлүшкө байланыштуу 417 соттолгондордун ичинен 257си кыргыз, 112си өзбек, 20сы түрк, 17си уйгур, 5 тажик, 3 кыпчак жана 1 каракалпак болгон. Демек, цифралар көрсөтүп тургандай көтөрүлүшчүлөрдүн дээрлик 60 пайызга жакыны кыргыздар болгондуктан кыймылдын демилгечилери гана эмес, анын аткаруучулары да негизинен элет кыргыздары болгондугун тастыктоого туура келет.

9. Анжиян көтөрүлүшү жеңилүү менен катар эле Фергана өрөөнүнүн калкына эбегейсиз азаптозокторду алып келгендиги маалым. Падышачылыктын коргоочусу болгон аскер бөлүгүнө кол салуу менен коштолгон мындай окуя чынында эле колониалдык бийлик ээлерин катуу сестенткен. Бул фактор эбегейсиз аймакты ээлеп жаткан Орусия империясын солк эттирип, атүгүл падышанын өзүнүн тикеден-тике көңүлүн бура алган. Жазалоочу буйруктарга кол коюлуп, репрессия күч алган, мындай окуянын кайталануусуна жол бербөө үчүн алдын алуучу иш-чаралар иштелип чыккан оторлоштуруу саясатын ишке ашыруу тездетилип, Көк-Арт өрөөнүн орусташтыруу жакынкы планга кирген, Түркстандагы колониалдык административдик система бир топ өзгөрүүлөргө учураган.

10. Азаттык идеясын жергиликтүүлөрдүн аңсезиминен биротоло жоготууну көздөгөн орус бийликтери Миң-Төбө, Тажик жана Дөң-Кыштак айылдарын жер менен жексен кылып, алардын тургундарын башка жерлерге көчүрүү менен ордуна Мархамат аттуу орус кыштагын уюштурса да, дарга асылган, каторгага айдалган, эркиндик үчүн тагдырын курмандыкка чалган улуу муундардын руху элдин эсинде кылымдар бою кала берери бышык. Падышачылык, Анжиян

көтөрүлүшүн бетке тутуп жергиликтүүлөрдү аеосуз жазалагандыгы менен элдин эркиндик эңсеген ойтилектери басылып калган эмес. Эзүүнүн жана зомбулуктун күчөшү Фергана өрөөнүнүн көп улуттуу тургундарынын падышачылык бийликке каршы бир нече жолу ачык чыгууларына алып келген. Мындай элдик чыгуулар 1905,1916-жылдары ачык көрүнгөн. Толкундоолордун жана наразычылыктардын күчөшү акырындык менен крайдагы колониалдык бийликтин пайдубалын бошоңдоткон жана колониалдык доордун бүтүшүнө өбөлгө түзгөн.

# Колдонулган адабияттардын тизмеси

## а)Адабияттар жана жарык көргөн материалдар:


*Абаза К.К.* Завоевание Туркестане.—СПб., 1902.

*Абдраманов Ш.* Анжиян көтөрүлүшү жана Чыйбыл болуш.//Эркин Тоо, 1994-жыл.—19-26-октябрлар.

*Абдраманов Ш.* Анжиян көтөрүлүшү жана Токтогул. .//Эркин Тоо, 1996-жыл.—23-29-октябрлар, 6-12-ноябрлар.

*Абдрахманов Ж.* Кыргыздардын 1916-жылдагы көтөрүлүшү. //Ала Тоо.—1990. —№9.

Айтыштар. —Фрунзе,1972.

*Абдурахимова Н. Рустамова Г.* Колониальная система власти в Туркестане во второй половине XIX - I четверти XX вв.—Ташкент. 1999.

*Авазов Э.* Анжиян көтөрүлүшүнөн кийин орус колониализминин репрессияга багыт алуусу.//Ренессанс: тарых жана маданият./Илимий-популярдык басылма. Экинчи чыгарылышы.-—Бишкек-Ош,1998.—58-62- беттер.

*Авазов. Э* Андижанское восстание и колониальные власти. //Индия и Кыргызстан: Взаимодействие цивилизаций. (140-летию Рабиндраната Тагора) / Материалы международной научной конференции. Часть.2. —Ош,2001.— 7-12-беттер.

*Авазов Э.* Анжиян көтөрүлүшүн изилдөөнүн айрым маселелери. //ОшМУнун 50 жылдыгы жана Жеңижоктун 140 жылдык маарекесине арналган «Кыргыз философиясынын актуалдуу маселелери» аттуу илимий-теориялык конференциянын материалдар жыйнагы. — Ош.2001. 13-21-беттер.

*Акбаралы Мусабек уулу, Ашым Мамат уулу.* Чоку бий (Тарыхый очерк) —Жалал-Абад, 1997.

Андижанское дело.//Правительственный вестник. —1898. —№214.

Андижанское восстание 1898 г. //Красный архив. —1938.—№ 3(38).—123-138-беттер.

*Атабек уулу Фазылбек.* Дукчи эшон вокеаси. —Ташкент, 1991.

*Бабаджанов Б.* Дукчи Ишан и Андижанское восстание 1898 г. //Ренессанс. —Вып.3.—Ош,2001.—51-77-беттер.

*Багиров М.Д.* К вопросу о характере движения мюридизма и Шамиля. //Большевик. 1950. №13., Реакционная сущность горцев—мюридов под руководством Шамиля.//Большевик —1950. —№23.

Беспорядки в Фергане. // Туркестанские Ведомости.—1898. —№ 1665..

Большая советская энциклопедия.Т.2 —М.,1926.

*Бостонбаев М.* Тарыхый чындыктын такталышын күтөбүз.//Эркин Тоо.—2001-жыл, 5-сентябрь.

*Вахабов М.Г.* Еще раз об Андижанском восстании 1898 г. // Общественные науки в Узбекистане.—1987. —№ 7

*Вахабов М.Г.* Правде истории вопреки.//Правда Востока.—1986 г. 4 декабря.

*Веселовский Н.* Из Ферганской области. Дневник очевидца. // О нападении в Андижане на русский лагерь.// Русский инвалид. —1898. —№131.-132.

Военный суд в Андижане над нападавшим на русский лагерь // Русский инвалид. —1897. —№145.

*Газиев А.* Страницы истории.//Слова Кыргызстана, 1991-жыл, 11-май.

*Галузо П.Г.* Туркестан – колония. —М., 1929.

*Головнина Ю. Д.* На Памирах. Записки русской путещественницы. —М., 1902.

*Жакыпбеков Ж.* Советская историография революционного и национально-освободительного движения в Средней Азии во второй половине XIX—начале XX в.в. //Автореферат диссертации кандидата исторических наук. —М.,1986.

*Жакыпбеков. Ж.* Историография проблем истории Кыргызстана второй половины XiX—начало XX вв. (Опыт, перспективы изучения) – Бишкек,1995

*Жалилов Сайфидин хожи.* Салтанантни титратган кунлар. —Ташкент, 1998.

*Зияев Х. З.* О социальной сущности Андижанского восстания 1898 г.//Общественные науки в Узбекистане. —1987. —№ 7

Из приказов по Туркестанскому округу. О прекращении преследования участников нападения на Андижанской лагерь. // Правительственный вестник. —1898. —№210.

История народов Узбекистана. —Ташкент,1947

История и историография национально освободительных движений второй половины XIX – начала XX вв. Средней Азии и Казахстане. —Ташкент,1987

История Кыргызстана с древнейших времен до конца XIX в.: Учебник для вузов.—Бишкек,1995.

История Кыргызстана: XX век. Учебник для ВУЗов.—Под общей редакцией У.Чотонова, Досбол Нур уулу.- Бишкек,1998.

*Касымбеков. Ф* Народные движение в Фергане в конце X1X- начале XX вв // Вопросы истории Узбекистана. —Самарканд,1975.

*Кененсариев Т.* Анжыян көтөрүлүшү жана колониялык саясат.// Все про Ош...—Вып.2.—Ош,1999.—67-70-беттер.

*Кененсариев Т.* Кыргызстан в составе России. //История Кыргызстана с древнейших времен до конца X1X в. —Бишкек., 1996.

*Кененсариев. Т.* Кыргызстандын Орусияга каратылышы. —Бишкек,1997.

*Кененсариев Т.* Переселенческий вопрос в политике царского правительства второй половины XIX - начала XX в. (на материалах Киргизии).—Изв. АН КР.—1989, № 1.—С.50-55.

*Кененсариев Т.* Тандалган макалалар.—Ош,1999.

Киргизия в трех Российских революциях.—Фрунзе,1987.

*Кузнецов П.Е.* Борьба цивилизации и языков в Центральном Азии.—Париж,1912.

*Лыкошин Н.С.* К десятилетию Андижанской резни.// Туркенстанский сборник. —Т. 466.

Материалы научной конференции Института истории и археологии Ан УзССр. —Ташкент,1950.

*Мединский.* По поводу беспорядков бывших в Ферганской области. // Русский инвалид.—1898. —№145.

*Молдокасымов К.* Акындын абак жылдары. // Кыргыз маданияты. —1989. —№30

*Молдокасымов К.* Стамбулдагы кол жазманын автору ким. // Заман Кыргызстан. —2000. —28-июль.

*Молдокасымов К.* Кыргыз тарыхчысы Кокон ордосунда кызмат өтөгөн. // Эркин Тоо. —2001-жыл. —20-июль.

*Молдокасымов К.* Курманжандын көз жашы.—Б.,1991.

*Молло Нияз.* Санат Дигарастар. —Бишкек, 1996.

*Муратов А.* Сибирские мотивы Токтогула. //Восточно-Сибирская правда. —1989,13-июня.

*Набиев А.* Мустакиллик үчүн кураш ехуд парчаланган Туркистан тарихи.—Ташкент,1998.

*Наливкин В.* Туземцы раньше и теперь. —Ташкент,1913

Нападение на лагерь в Андижане.//Правительственный вестник. —1898.—№197.

*Остроумов Н.* Интересный документ. // Вестник Офицерской школы восточных языков. Вып. 2. —Ташкент,1911.

О поездке Туркестанского генерал-губернатора для осмотра Самаркандской и Ферганской областей.//Русский инвалид.—1898.—№202.

Өзбекстандын жаңы тарыхы. (Түзүүчүлөр: *Садыков Х., Шамсутдинов Р., Равшанов П., Усманов К.*). 1-китеп: Түркстан Орусиянын колониялык доорунда.—Ташкент,2000.

*Пантусов Н.* Краткое сообщение о задержании в Верном перед Андижанским восстанием 1898 г. «мусульманских Эмиссаров» и об отобрании у них деревянных штампов для печанаия листовок. // Записки Восточного отделения (Русского императорского) археологичес-кого общества.—№ 14/4, 1902.—15-16-беттер.

Пожертвования в пользу семейных нижных чинов убитых под Андижан.// Правительственный вестник.—1898.—.№210.

Пособие пострадавшим от нападения шайки в Андижане. --- Правительственный вестник.--1898. №233.

Последние сведения из Ферганы.//Туркестанские Ведомости. — 1898.— №1665.

Приказ по войскам Туркестанского военного округа 29 июля 1898 г. №270.// Туркестанские ведомости. —1898. -№1684.

Приказ по войскам Туркестанского военного округа. Г. Ташкент. 11 июля 1898 г. .№246. // Туркестанские Ведомости. —1898.—№1675.

*Сальков В.* Андижанское восстание в 1898 году. —Казань, 1901.

*Сальков В.* Мархамат. Об Андижанском восстании.//Туркестанский сборник. —Т.422.

Сведения о безпорядках в Фергане.//Туркестанские Ведомости.— 1898.—№1663.

*Сенг-Заде.* К 30 летию Андижанского восстания 1898 г.// Революция в Средней Азии. Книга 1. —Ташкент,1929.

*Ситняковский Н.* Минтюбинский Ишан Мухамед-Али.//Туркестанские ведомости. —1899. —№ 1724

*Смирнов Е.* Дервишизм в Туркестане.//Материалы по мусулман-ству. Вып.2.—Ташкент,1898.

Сообщение капитана Старковского «об Андижанском восстании 1898.» // Русский инвалид. —1898. —№259.

*Тимаев К.* Андижанское восстание. (Из личных воспоминаний). // Средняя Азия. Ежемясочное литературно-историческое издание. Книга −2 . —Ташкент, 1910.

*Терентьев М.* История завоевания Средней Азии. —СПб.,1906.

*Т- ов.* Андижанское восстание и его причины. //Туркестанский Сборник. —Т.471

Раследовании о нападении шайки туземцев на русский лагерь в Андижане. // Русский Инвалид. —№217. —1898 г.

*Үсенбаев К.* Анжиян көтөрүлүшү.//Кут билим.—1998-жыл, 3-март.

*Усенбаев К.* Народные движения Средней Азии в X1X веке. (По материалам Кыргызстана). —Бишкек-Ош.,1998.

*Усенбаев К.* Оставалось вне поле зрения почти все положительное прошлое истории Кыргызстана.// Беседа с журналистом А. Абдынасыровой. //Кут билим.- 1997.—11 октября.

*Усенбаев К.* Об участии кыргызов в Андижанском восстании 1898 г.// История и историография национально освободительных движений. Вторая половина XIX − начала XX вв. Средней Азии и Казахстане. //Материалы научной конференции, проведенной в Ташкенте 8 дек. 1987 г. —Ташкент, 1987. —43-49-беттер.

*Усенбаев К.* Плечом к плечу за свободу.// Кут билим. —1898 г. —№17

*Федоров Е.* Очерки национально-освободительного движения в Средней Азии. —Ташкент, 1925.

*Хасанов А.* Историография Андижанского восстания 1898 г.// Труды Кир. Гос. Универ. Серия историческая. Изд.-12. —Фрунзе,1972. 5-6-беттер.

Хрестоматия по истории Кыргызстана.—Бишкек,1997.

*Чукубаев А.А.* Токтогул.Эпоха, жизнь, творчество.—Фрунзе, 1958.

*Штейнберг. Е.* Андижанское восстание 1898 г.// Красный архив. —М.,1938. —3 (88) —Т. 3. —123- бет.

*Эгамназаров А.* Сиз билган Дукчи Эшон. —Ташкент, 1994.

*Ювачев М.* Курбан-Джан Датха каракиргизская царица Алая. //Туркестанский сборник. —Т-471.

*Юсупов Э.Ю., Лунин Б.В.* Андижанское восстание 1898 года в советской исторической литературе.// Общественные науки в Узбекистане. —1987. —№1. —18-31- беттер.

**б) Архивдик материалдар.**

Иркутск Областтык Мамлекеттик Архиви.—34-ф.—1-оп.—1-том.—44-иш.—1-2-барак. (*Муратов Амирбектин* жеке архивинен алынды)

Казак Республикасынын Борбордук Мамлекеттик Архиви. (Мындан ары КРБМА).—44-ф.—1-оп.—7184-иш.179-барак.

Орусиянын Борбордук Мамлекеттик Согуштук Тарыхый Архиви (Мындан ары ОБМСТА).—400-ф.—1-оп.—2177-иш.—30-барак.

ОБМСТА.—801-ф.—49-оп.— 141-иш. —247-249-барактар.

ОБМСТА.—801-ф.—51-оп.—23-иш. —32-барак.

ОБМСТА.—801-ф.—54-оп.—23-иш.—37-барак.

ОБМСТА.—ВУА. —483-ф. —140-иш.—5-6-барактар.

Өзбекстандын Борбордук Мамалекеттик Тарыхый Архиви

(Мындан ары ӨБМТА). —723-ф.—1-оп.—18-иш. —75-76-барактар.

ӨБМТА. —723-ф.— 1-оп.—28-иш,— 4-5- барактар.

ӨБМТА. —1-ф.— 4-оп,— 238-иш, 57-барак

ӨБМТА. —1-ф. —7-оп. —231-232-барактар.

ӨБМТА. —723-ф.— 1-оп.—28-иш.—4-5-барактар.

ӨБМТА. —1-ф. —4-оп.—238-иш, 57- барак.

ӨБМТА. —1-ф.—31-оп. —98-иш. —18-19-барактар.

ӨБМТА – 1-ф. –31-оп.—92-иш.—1(4), 10 (21-22)-барактар.

### в) Оозеки маалыматтар

Ноокат районунун Баргы айылынын тургуну, Өмүрбек датканын 70 жаштагы небереси *Казыбекова Инояттан* жазылып алынган маалыматтар.

Ноокат районунун Баргы айылынын тургуну, Өмүрбек датканын чебереси *Мырзаматов Эрматбектен* жазылып алынган маалыматтар.

ОшМУнун ага окутуучусу Д.Жолдошбаев тастыктады.

*Жалилов Сайфидин ажы*, Көгарттык санжырачы *Ади Өмуралиевдерден* жазылып алынган маалыматтар.

## МАЗМУНУ


1. Анжиян көтөрүлүшүн изилдөө тарыхынан 3
2. Анжиян көтөрүлүшүнүн обөлгөлөрү, себептери жана көтөрүлүш алдындагы кырдаал 29
3. Мадали эшен 38
4. Зиябидин Максым 51
5. Көтөрүлүштү даярдоо 56
6. Көтөрүлүштүн башталышы 67
7. Анжиян гарнизонуна кол салуу 78
8. Көтөрүлүштү басуу 86
9. Сот иштери: жазалоолор жана айыптоолор 90
10. Элет ичинде: Чыйбыл болуштун тагдыры 116
11. Токтогул Сатылганов 120
12. Өмүрбек датка баяны 133
13. Корутунду 147
14. Колдонулган адабияттардын тизмеси 155

## Авторлор жөнүндө маалымат



***Т. Кененсариев***

1949-жылы Жалал-Абад областынын Аксы районундагы Кара-Суу кыштагында туулган. Жалал-Абад педагогикалык окуу жайын (1968), Кыргыз мамлекеттик университетин (1978), М.В.Ломоносов атындагы Москва университетинин аспирантурасын (1984) бүтүргөн.

1984-85-жылдары КМУнун тарых факультетинде окутуучу, 1985-жылдан ОшПИнин тарых факультетинде ага окутуучусу, доцент, профессор болуп иштеп, администратор-уюштуруучу катары 1986-88-жылдары тарых бөлүмүндө бөлүм башчы, 1988-93-жж. тарых-укук таануу факультетинин деканы болуп эмгектенген.

1999-жылдан баштап ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору болуп эмгектенүүдө. Тарых илимдеринин доктору (1998), профессор (1999), Борбордук Азия элдик академиясынын академиги (1999).

110дөн ашуун илимий чыгармалардын, анын ичинен 5 окуу-усулдук китепченин, 3 окуулуктун, 7 илимий монографиянын ээси. Көптөгөн эл аралык симпозиумдардын, конгресстердин, илимий конференциялардын жана семинарлардын катышуучусу.

Бир нече эл аралык конференцияларды, семинарларды өзү да уюштурган. Искак Асан уулу Полот хандын 150 жылдыгына карата регионалдык илимий конференциянын (1993),677 3000 жылдыгына карата »Ош XXI кылымдын босогосунда: өтмүштөн келечекке» атуу эл аралык конференциянын (1997), Анжиян көтөрүлүшүнүн 100 жылдыгына карата регионалдык конференциянын (1998), Нүзүп бийдин 200 жылдыгына карата республикалык илимий конференциянын (2000) түздөн-түз уюштуруучусу болуп, илим чөйрөсүндө кеңири таанылган. 1998-жылдан баштап, »Ренессанс», »Баары Ош жөнүндө» (Все про Ош...») аттуу жыйнактардын түзүүчүсү жана редактору. Эгемендүү кыргыз тарыхнаамасына Кыргызстандын Орусияга каратылышы, Кокон хандыгынын тарыхы жана түрк элдеринин дүйнө цивилизациясындагы орду деген маселелерге карата үч чоң илимий концепцияны сунуштоодо. Тарыхтын өнүгүүсүн формациялык өнүгүү концепциясы менен таптык көз караштa кароодон четтөөнү сунуш кылууда.

XIX-XX кк. Кыргызстандын тарыхы боюнча ондон ашуун шакирттеринин курамында өзүнүн илимий мектеби калыптанууда.

## *Авазов Эрнис*



1972-жылы Жалал-Абад областынын Сузак районундагы Барпы кыштагында педагогдун үй-бүлөсүндө туулган. Жалал-Абад педагогикалык окуу жайын (1991-ж.), Ош Мамлекеттик Университетинин тарых-укук таануу факультетин (1996-ж.) артыкчылык диплому менен бүтүргөн. 1996-97-жылдары ОшМУнун Кыргызстандын тарыхы кафедрасында, 1997-2000-жылдары Чыгыш таануу, Социалдык иштер жана жалпы тилдик дисциплиналар кафедрасында окутуучу, улук окутуучу болуп иштеген. Азыркы мезгилде Социалдык иштер жана башкаруу кафедрасында улук окутуучу, ошол эле учурда декандын окуу иштери боюнча орун басары болуп эмгектенүүдө.

Авазов Эрнис 10 илимий эмгектин, анын ичинен Кыргызстанда жаңыдан калыптанып келе жаткан Социалдык иштер адистиги боюнча 2 окуу-усулдук колдонмонун, «Социалдык иштердин тарыхы жана теориясы» (Ош-2002, 3,5 б.т) деп аталган кыскача дарстар жыйнагынын автору. XIX кылымдагы кыргыз элинин Орусия империясынын колониалдык эзүүсүнө каршы боштондук кыймылдары жөнүндө илимий жыйнактарда, мезгилдүү басма сөздө бир катар маанилүү жана концептуалдуу макалаларды жарыкка чыгарган.

ОшМУнун философия жана башкаруу технологиялары факультетинин «Социалдык иштер» адистигин түптөөгө жана өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн 2001-жылы Ош облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

ОшМУнун алдында түзүлгөн Маданият таануу институтунун кенже илимий кызматкери. Учурда «Анжиян көтөрүлүшү: генезиси, жүрүшү, жыйынтыктары» деген темадагы кандидаттык диссертациянын үстүндө изилдөөлөрдү ийгиликтүү жүргүзүүдө.

833747